А. Р. Алыпсатарова, З. К. Момункулова, Р. К. Буйлякеева

# КЫРГЫЗ ТИЛИ
# жана ОКУУ

## 4-класс

**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн**

*Кыргыз Республикасынын*
*Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек
2015

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721
А 59

Ред. кеңеш: *Ы. И. Насипбаева, Р. К. Жунушева, А. К. Сапарбаева, Т. А. Абдылдаев*
КББА рецензенти *Б. А. Абдухамидова*
Илимий кеңешчи *пед. илим. доктору Ж. А. Чыманов*

**Алыпсатарова А. Р. ж. б.**

А 59 Кыргыз тили жана окуу. 4-кл.: Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн / А. Р. Алыпсатарова, З. К. Момункулова, Р. К. Буйлякеева. – Б.: Аркус бас., 2015. – 184 б., жасал.

ISBN 978–9967–31–365–1

Бул окуу китеби окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин 4-классынын окуучуларына арналат. Окуу китеби азыркы учурдагы билим берүү жаатындагы жаңы ыкмалардын негизинде түзүлдү. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына кыргыз тилин үйрөтүүнүн программасына ылайык сөздөрдүн маанисин, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү усулдарына басым жасалды.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

- – Суроолор
- – Окугула
- – Жазгыла
- – Жаңы сөздөр менен иштөө
- – Пассивдүү сөздүк
- – Сүйлөп бергиле

**А 4306020200–15**

**УДК 373.167.1**
**ББК 81.2Ки я721**

© А. Р. Алыпсатарова, З. К. Момункулова, Р. К. Буйлякеева, 2015
© «Аркус басмасы», 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

ISBN 978–9967–31–365–1

www.bizdin.kg

## Кымбаттуу окуучулар!

Китеп муундан муунга билим берүүнүн ишенимдүү булагы болуп саналат. Ал өткөндөгү окуяларды, ачылыштарды гана айтып бербестен, учурдагы өзгөрүүлөрдү таанып-билүүгө, өздөштүрүүгө көмөк көрсөтүп, келечектин жаш муундарын өлкөсүн сүйүүгө, патриоттуулукка үндөө касиети менен баалуу. Биздин күнүмдүк турмушубузда, окууда, эмгекте, күрөштө да улуу менен кичүүнүн – баарыбыздын, эң негизги жардамчыбыз.

Балдар, силердин колуңардагы китеп – окуу китеби, ал силерге кыргыз тилиндеги кепти жакшы түшүнүүгө; окуганыңарды, укканыңарды, көргөн-билгениңерди кыргыз тилинде сүйлөп берүүгө үйрөтөт. Силердин кызыгууңарды, эске тутууңарды, ой жүгүртүүңөрдү өстүрүү үчүн ар кандай тапшырмалар берилди: кызыктуу чакан аңгемелер, ырлар, жаңылмачтар, табышмактар, кроссворддор, тесттик тапшырмалар. Китептин акыркы беттериндеги активдүү лексиканы камтыган сөздүк силерге китептеги бардык тапшырмаларды окуп, түшүнүүгө жардам берет.

Ошондой эле сөз өстүрүү темалары баарыңарды Мекениңерди сүйүүгө, ата-энеңерди урматтоого, жаратылышты коргоого жана ага аяр мамиле жасоого, сылыктыкка, ак ниеттүүлүккө, чынчылдыкка үйрөтөт.

Окууңарга ийгилик каалап, келечекте Кыргызстандын намысын бийик көтөргөн мекенчил, билимдүү, ар тараптан өнүккөн инсан болууңарды тилек кылабыз!

*Авторлор*

# 1-чейрек

## 1-сабак. Саламдашуу, коштошуу
## Уңгу жана мүчө

1. Жаңы сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын окугула.

**амансызбы?** – здравствуйте
**аманчылык** – здравствуйте
**көрүшкөнчө** – до встречи

Амансызбы, → чоң ата / таята / чоң эне

Аманчылык, → балам / кызым / айланайын

Антон, / Бермет, / Бахтияр, → көрүшкөнчө

2. Окугула. Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.



Ү л г ү:
– Амансызбы, чоң ата?
– Аманчылык, кызым.
– Ден соолугуңуз кандай?
– Ыракмат, жакшы. Окууларың кандай?
– Жаман эмес. Жакшы барыңыз, чоң ата.
– Жакшы бар, балам.

3. Окугула. Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.



– Салам, Сабина.
– Салам, Коля.
– Кандайсың?
– Ыракмат, эң сонун. Өзүңчү?
– Жаман эмес.
– Көрүшкөнчө, Коля.
– Көрүшкөнчө.

www.bizdin.kg

**Эсиңе тут!**

Сабина, ден соолугуң кандай?
Чоң ата, ден соолугуңуз кандай?

4. Суроолорго жооп берип, уланткыла.

1. – Сенин атың ким?
   – ______________________________.
2. – Канча жаштасың?
   – ______________________________.
3. – Кайсы мектепте, канчанчы класста окуйсуң?
   – ______________________________.
4. – …
   – …

**Уңгу, мүчө**

мектеп-те
класс-та
ат-ың
канча-нчы

5. Суроо бергиле.

1. – ______________________________?
   – Бүгүн шейшемби.
2. – ______________________________?
   – Кыргыз тили биринчи сабак.
3. – ______________________________?
   – Мен экинчи партада отурам.
4. – ______________________________?
   – Биздин үй он экинчи.

**Уңгу, мүчөгө ажыраткыла**

партада, биринчи, биздин, экинчи, ден соолугуңуз, окууң, атым, үйүбүз

## 2-сабак. Жаңы окуу жылы



www.bizdin.kg

1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**айлана** – вокруг
**шаңдуу** – *здесь:* торжественно
**салтанат** – торжество
**чарбак** – огород
**ой** – мнение, мысль
**кеме** – пароход

2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Журналист:**

– Жаңы окуу жылы башталды. Мектептин **айланасы шаңдуу**. «Биринчи коңгуроо» **салтанаты** аяктады. Мугалимдер «Мекеним – Кыргызстан» темасында сабак өткөрүштү. Балдар **достору** менен жолугуп, жайкы каникул жөнүндө ойлорун айтып жатышат. Азыр микрофон Алексейде.



**Алексей:**

– Мен жайкы **каникулда** Кара-Суу айылында таятамдын үйүндө болдум. Аларга жардам бердим, **чарбакта** иштедим. Картөшкө чаптым. Өрүк, карагат тердим. Июль айында ата-энем менен **Ысык-Көлгө** бардым. Күн ысык болду. Биз **суууга** түштүк, **күнгө** күйдүк, **кемеге** түштүк. Абдан жакшы эс алдык. Бош убактымда кызыктуу **китептерди** окудум.

**Журналист:**

– Балдар, «Жайкы каникулду кандай өткөрдүм» деген темада аңгеме жазгыла. Жакшы аңгемелерди «Айданек» газетасына басып чыгарабыз.

1. Алексей жайкы каникулда кайда болду?
2. Ал жакта эмне кылды?
3. Июль айында ата-энеси менен кайда барды?
5. Бош убактысында эмне иш кылды?

СБ 3. Дагы кимиңер айтып бересиңер?

**Журналист:**

– Балдар, «Жайкы каникулду кандай өткөрдүм» деген темада аңгеме жазгыла. Жакшы аңгемелерди «Айданек» газетасына басып чыгарабыз».

4. Кубатова Аиданын газетага чыккан аңгемесин окуйлу.



**АЙДАНЕК**

**Менин жайкы каникулум**

Мен каникулда шаарда болдум. Бош убактымда «Кыргыз эл жомокторун» окудум. Жакшы телекөрсөтүүлөрдү көрдүм. «Акыл ордо» көрсөтүүсү мага аябай жагат.

Шаарга зоопарк келди. Курбум Оля экөөбүз барып, ар кандай жаныбарларды көрдүк. Анда жолборс, аюу, ак аюу, түлкү, маймыл, арстан, дагы көптөгөн жаныбарлар бар экен. Орто-Сайга чоң энеме барып турдум. Ага жардам бердим. Досторум менен паркка барып, эс алып да келдик. Менин каникулум кызыктуу өттү.

## 3-сабак. Менин мугалимим

АЯ 1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**кыргыз тилинен** – по кыргызскому языку
**аңгемелерди** – рассказы
**татынакай** – красивая
**чет тили** – иностранный язык

www.bizdin.kg

2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.




Сүрөттө кайсы бөлмө тартылган? Ал класстын ичи кандай?

Андан кимдерди көрүп турасыңар? Алар эмне кылып жатышат?

3. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Жамийла:**

– Менин мугалимим – Айгүл Садыковна. Ал кыргыз тилинен сабак берет. Сабакта кызыктуу аңгемелерди **айтып берет**. Биз ал берген тапшырмаларды **аткарабыз**, көнүгүүлөрдү **жазабыз**, **окуйбуз**, **сүйлөшөбүз.**

Айгүл Садыковна – татынакай жана аябай мээримдүү. Мен да чоңойгондо мугалим болгум келет.

1. Жамийланын мугалими ким?
2. Ал кайсы сабактан берет?
3. Алар сабакта эмне кылышат?
4. Айгүл Садыковна кандай мугалим?
5. Жамийла чоңойгондо ким болгусу келет?

Дагы кимиңер өз мугалимиңер жөнүндө айтып бересиңер?

**Эсиңе тут!**

**Сөз жасоочу мүчөлөр**

| | | | |
|---|---|---|---|
| -луу | тоолуу, акылдуу | -чы | тарбиячы, комузчу |
| -стан | Кыргызстан, Казакстан | -лык | балалык кез, айылдык досторум |

4. Керектүү мүчөлөрдү койгула.

Апа, сиз абдан сулуусуз, мээрим…сүз. Айнура Маратовна бала бакчада тарбия… . Сизди көргөнүмө абдан кубаныч…мун. Марат байке, сиз акыл…суз жана эң күч…сүз. Өркүндөй бер, Кыргыз… ! Балдар, силерге бакты… бала… каалайм.

www.bizdin.kg

5. Ырды көркөм окугула.

**Мугалим**

Билим менен көгөртүп,
Эстүү болсун деп тилеп,
Заманына жарашкан
Жакшы балдар болсун деп

Маңдайынан нур төгүп,
Күлө карап турган ким?
Эмгеги көп ушундай
Биздин асыл мугалим.

*А. Осмонов*

## 4-сабак. Менин окуу күнүм

1. Бизде кайсы сабактар болот?




2. Кайсы күнү кайсы сабактар? Үлгү боюнча сүйлөгүлө.

Ү л г ү: Дүйшөмбү күнү кыргыз тили, математика, мекен таануу, сүрөт, дене тарбия сабактары болот.

Дүйшөмбү күнү … , … , … , …
Шейшемби күнү … , … , … , …
Шаршемби күнү … , … , … , … → сабактары болот.
Бейшемби күнү … , … , … , …
Жума күнү … , … , … , …

3. Суроолорго жооп бергиле, уланткыла.

– Сенин класс жетекчиң ким?
– ______________________________.
– Ал кайсы предметтен сабак берет?
– ______________________________.
– ______________________________?
– Чет тилинен Жибек Маратовна сабак берет.
– Дене тарбиядан Тимур Асанович береби?

www.bizdin.kg

– Жок, ______________________________.
– А математикаданчы?
– ___________________________________.

**4. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.**

Шейшемби күнү класс жетек…биз класс… саат өтөт. Айгүл Садыковна – кыргыз тил… . Мекен таануу сабагында окуу…лар Бурана жөнүндө айтып беришти. Кыргыз… , Өзбек… , Тажик… , Түркмөн… Орто Азияда. Окуу сабагында «Сыйкыр…» жомогун окудук.

– Балдарым, бакты… , өмүр… болгула, – деди чоң ата.

**5. Кайсы сабакта эмне кылабыз?**

| | |
|---|---|
| Ыр сабагында | сүрөт тартабыз. |
| Математика сабагында | ырдайбыз. |
| Кыргыз тили сабагында | чуркайбыз. |
| Дене тарбия сабагында | көнүгүү жазабыз. |
| Сүрөт сабагында | эсеп чыгарабыз. |

**Эсиңе тут!**

**Математикадан**
**Кыргыз тилинен** → **ким сабак берет?**
**Сүрөттөн**

**6. 4-класста кандай сабактар өтүлөт?**

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Д | Е | Н | Е | * | Т | А | Р | Б | И | Я | Ъ |
| Й | Ц | Ц | К | П | Ц | Ф | В | Ы | А | П | Р |
| Ф | Я | М | А | Т | Е | М | А | Т | К | А | Ф |
| Ч | Е | Т | * | Т | И | Л | И | В | Ы | П | Р |
| Ч | С | М | И | Т | Ь | Б | С | Ү | Р | Ө | Т |
| Й | Ц | У | К | Е | Н | Г | Г | Ш | Г | Щ | З |
| М | Е | К | Е | Н | * | Т | Ъ | К | Ы | А | В |
| Ы | В | А | П | Р | О | А | О | Л | З | Л | А |
| Ы | Р | Ф | Ы | А | П | А | С | Ч | * | Я | Ы |
| Ф | Ы | В | В | А | Ы | Н | К | У | Т | Й | И |
| Ё | Ы | У | У | О | К | У | У | Ы | И | Ф | Ф |
| К | К | Е | Н | Ш | Щ | У | Ш | Е | Л | В | Ф |
| Ы | В | А | Р | Л | Р | К | У | Й | И | Й | Й |

# 5-сабак. Көнүгүү иштөө
# Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр

**1.** ***-гыла*** **мүчөсүн койгула, маанисин түшүндүргүлө.**

**Эстей жүр!**

1. Балдар, сабакка кечикпей кел… .
2. Дайыма тартиптүү балдар бол… .
3. Класста кыйкырып сүйлөбө… .
4. Дептерге таза, сулуу жаз… .
5. Китепканага барып, китеп оку… .
6. Үй тапшырманы так аткар… .

**2. Муундардан сөздөрдү курагыла.**




**3.** ***-ды*** **мүчөсүн коюп жазгыла. Сөздөрдүн маанилери өзгөрдүбү?**

1. Азат математика сабагында 4 маселе чыгар… .
2. Атай мелдеште 100 метрге чурка… .
3. Назгүл «Абышка-кемпирдин көмөчү» боюнча сонун сүрөт тарт… .
4. Майрамда Асел «Мен кыргызмын» деген ырды ырда… .
5. Нурида өзбек бийин эң мыкты аткар… .
6. Акылбек Сэмдин сөзүн кыргыз тилине которуп бер… .

**4. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

Мен жайкы каникулда … . Аларга … . Өрүк, карагат … .
Июль айында ата-энем менен … . Күн … .
Биз сууга түштүк, … . Жакшы … . Бош убактымда … .

**5. Уланткыла.**

Менин мугалимим – … . Ал …

6. Бат айткыла.

Эсеп оңой чечилет.
Эгер кулак төшөсөк.
Антпегенде кечигет
Алуу, кошуу беш эсеп.

*Ж. Бекниязов*

АБВГ **кулак төшөсөк** – если прислушаться

## 6-сабак. Кайталоо
## Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр

1. Суроолорго жооп бергиле.

1. – Шаршемби күнү кайсы сабактар болот?
   – _______________________________.
2. – Бүгүн кыргыз тили сабагында эмне кылдыңар?
   – _______________________________.
3. – Эртең Мекен таануу канчанчы сабак?
   – _______________________________.
4. – Дене тарбия сабагында канча метрге чуркадыңар?
   – _______________________________.
5. – Математикадан 77-маселени чыгардыңбы?
   – _______________________________.

2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Бүгүн күн ____________________ болду.
Эртең күн ____________________ болот.
Жума күнү ______________ жаады.
Түштөн кийин күн __________________.
Тоолуу жерлерге ______________ түштү.

*Керектүү сөздөр:* ачылды, жылуу, суук, жаан, кар.

**Кандай мүчөлөр?**

| | |
|---|---|
| жер | эсеп |
| жердин | эсептин |
| жерге | эсепке |
| жерди | эсепти |
| жерде | эсепте |
| жерден | эсептен |

3. Кыргызчага которгула.

Я учусь в 4 классе. Мне 10 лет. Наша школа находится в селе. Школа двухэтажная. Наш классный руководитель Нина Алексеевна. В нашем классе учатся дети разных национальностей. Наш класс очень дружный.

www.bizdin.kg

4. Сүйлөм түзгүлө.

Өсөт, мектептин, алдында, гүлдөр.
Партада, мен, отурам, биринчи.
Өтүп жатат, мугалим, сабак.
Көлдө, жайкы каникулда, болдум, мен.
Кыргыз тили, биринчи, эртең, сабак.

5. Апта ичиндеги сабактардын жүгүртмөсүн айтып бергиле.

Ү л г ү: Жума күнү окуу, мекен таануу, математика, кыргыз тили, дене тарбиясы сабактары болот.

## 7-сабак. Үй-бүлө -чы мүчөсү

1. Сүрөт боюнча сүйлөп бергиле.



2. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**айдоочу** – водитель
**ишкана** – предприятие
**Ким болуп?** – Кем?
**кичирайон** – микрорайон

www.bizdin.kg

**3. Кесипти билдирген сөздөрдү атагыла.**

**Фархад:**

– Бул менин чоң атам менен чоң энем. Алар Байтик айылында жашашат. А бул таятам менен таенем. Алар Бишкекте, «Жал» кичирайонунда турушат. Бул атам. Ал «Шоро» фирмасында айдоочу. Бул апакем. Ал «Кыял» ишканасында тигүүчү болуп иштейт. Агам Сахиб Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде 2-курста окуйт. Карындашым Саёра биринчи класста окуйт. Иним Бахтияр кичинекей. Бала бакчага барат. Биздин үй-бүлө ынтымактуу.

1. Бул кимдин үй-бүлөсү?
2. Фархаддын чоң ата-чоң энеси кайсы айылда жашайт?
3. Таята-таенесичи?
4. Ата-энеси кайда, ким болуп иштешет?
5. Сахиб байкеси, карындашы Саёра кайда окушат?
6. А Бахтиярчы?
7. Алардын үй-бүлөсү кандай?

***Өзүңөрдүн үй-бүлөңөр менен тааныштыргыла.***

**4. Ким эмне иш аткарат? Сүрөттөрдү чечмелегиле.**





оорулууларды дарылайт

тамак даярдайт

үй курат

чач кыркат, жасалгалайт





www.bizdin.kg

5. Катылган сөздөрдү тапкыла.

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А | У | К | О | М | З | Ч | У | Ы | Ы | А |
| Й | Ё | У | У | Ц | К | К | Е | Н | Г | Ш |
| Д | М | Р | Ё | А | Ш | П | О | З | Ч | У |
| О | У | У | Ы | Ф | В | А | Р | О | Д | Ж |
| О | Г | У | Ю | Д | А | Р | Ы | Г | Е | Р |
| Ч | А | Ч | А | Ч | * | Т | А | Р | А | Ч |
| У | Л | У | Ю | Ь | Ж | Э | М | В | А | П |
| Ё | И | Т | И | Г | Ү | Ү | Ч | Ү | Л | Ъ |
| Ц | М | У | К | Е | Н | Г | Ш | Щ | З | Х |

**Эсиңе тут!**

**-чы**

**куруучу**
**ырчы**
**бийчи**
**сүрөтчү**

## 8-сабак. Ар бир кесип ардактуу

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**айдоочу** – водитель
**жазуучу** – писатель
**котормочу** – переводчик
**машыктыруучу** – тренер
**сүрөтчү** – художник, фотограф

2. Сөздөргө *-чы* мүчөсүн улагыла. Ал кандай мүчө?

*-чы, -чи, -чу, -чү*

Комуз…  Окуу…  Котормо…  Сүрөт…
Ыр…  Машыктыруу…  Айдоо…  Жазуу…

3. Ким эмне кылат? Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.

Ү л г ү: Бул ким? Ал эмне иш кылат?

www.bizdin.kg



**4. Кимге кайрылуу керек?**

| | |
|---|---|
| 1. Чачым аябай өсүп кетти. | Чач тарачка кайрылуу керек. |
| 2. Жаңы мектеп курулат. | ___________________________. |
| 3. Англиядан коноктор келди. | ___________________________. |
| 4. Жаңы Жылга костюм тиктириш керек. | ___________________________. |
| 5. Футболго катышам. | ___________________________. |

**5. Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.**

**Настя:** Бул биздин үй-бүлө.
**Айдай:** Бул ким?
**Настя:** Бул менин атам. Ал айдоочу.
**Айдай:** Бул эжеңби?
**Настя:** Ооба, бул эжем. Ал студент. Эжем Кыргыз-Орус Славян университетинде окуйт.
**Айдай:** Бул агаңбы?
**Настя:** Жок, бул менин досум. Ал – 4-Б класстын окуучусу.

**6. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

Айнура эжекем мыкты __________. Ал апама көйнөк тикти.
Мен чоңойгондо __________ болгум келет. Автобус айдайм.
Фарух жакшы ырдайт, келечекте мыкты _______ болот го.
Сабина хореографиялык окуу жайында окуйт, ал ________ болот.
Нурлан байкем шаарда бийик-бийик үйлөрдү курат, ал _________.
Гапар Айтиев белгилүү ___________.
Атай Огомбаев __________ жана композитор.

**Билип ал!**

Белгилүү комузчулар → Атай Огомбаев
→ Карамолдо Орозов
→ Нурак Абдрахманов

www.bizdin.kg

# 9-сабак. Адамдын келбети, мүнөзү
## Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**ак жуумал** – светлый (цвет лица)
**кара тору** – смуглый
**келбети** – внешность
**сары** – рыжий
**ак көңүл** – добрый
**мүнөзү** – характер
**токтоо** – спокойный
**шайыр** – весёлый

2. Схема боюнча сөз айкаштарын окугула.

узун, кичинекей, орто → бойлуу

жүзү → кара тору, сары, ак жуумал

мүнөзү → ак көңүл, шайыр, токтоо

окуганды, музыка укканды, бийлегенди → жакшы көрөт

3. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла, маанисин түшүндүргүлө.



**Аида:**
– Атам **узун бойлуу**, кара тору, чачы, көзү-**кашы** кара.
**Мүнөзү** токтоо, ак көңүл. Бош убактысында китеп окуганды жакшы көрөт.



**Сергей:**
– Менин апам **орто бойлуу**, ак жуумал.
**Чачы** сары, **көзү** көк. Мүнөзү ачык, шайыр, тамашакөй. Көп анекдотторду билет.



**Максат:**
– Биздин класска жаңы **окуучу** келди.
Анын **аты** Антон. Кичинекей бойлуу, сары бала экен. Мүнөзү ачык, шайыр.
**Класска** бат эле көнүп кетти.

4. Боштуктарды толтуруп жазгыла.

Инимдин аты Алёша, 1-класста окуйт. Ал ____________ бойлуу, ак ______. Көзү ________. Мүнөзү _________. Китеп _________ жакшы көрөт.

www.bizdin.kg

Досум Фарух экөөбүз жакын жашайбыз. Чогуу ойнойбуз. Ал орто __________, ___________ тору бала. Көзү __________. Мүнөзү __________. Футбол _____________ жакшы көрөт.

*Ата-энеңерди, бир тууганадарыңарды сүрөттөгүлө.*

5. Окугула. Мүчөлөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

**Үч жалкоо**

Илгери үч жалкоо болуптур. Бир күнү үчөө **жолго** чыгышат. **Токойго** келип жатып калышат. Бири **дарактын** башын карап: «Ай, кудай-ай, алма бышса», – дейт. **Экинчиси**: «Ай, кудай-ай, оозума түшсө», – дейт. Үчүнчүсү: «Ушуну кантип эрикпей айтып жатасыңар?» – дейт.

**Эсиңе тут!**

**Китеп окуганды**
**Шахмат ойногонду** → **жакшы көрөт.**
**Музыка укканды**

## 10-сабак. Биздин үй
## -луу мүчөсү

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**майлык** – салфетка (тряпочная)
**сүлгү** – полотенце
**күзгү** – зеркало

**дасторкон** – накрытый стол
**карапа** – горшок для цветов
**бут кийим коё турган текче** – полка для обуви
**чакан** – небольшой

2. Окугула. Мүчөлөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

**Рахима:**

– Биз шаардын борборундагы 5 **кабаттуу** үйдүн 2-кабатында турабыз. Биздин батир **3 бөлмөлүү**: конок бөлмөсү, ата-энемдин бөлмөсү, балдар бөлмөсү. Дагы кире бериш, **ашкана**, жуунуучу жайы бар.

www.bizdin.kg



**Кире бериштин** оң жагында күзгүсү бар кийим илгич шкафы, астында бут кийим коё турган текче.



**Ашканада** эмеректер, муздаткыч, газ плитасы турат.



**Конок бөлмөсүндө** жерде, терезе жакта телевизор, ортодо чоң стол, 2 жумшак отургуч.



**Ата-энемдин бөлмөсүндө** чоң керебет, жерде ачык күрөң килем.



**Балдар бөлмөсүндө** эки керебет, жерде чакан килем, пейзаждык сүрөт.



**Жуунуучу жайда** ванна, раковина, сүлгү.

www.bizdin.kg

1. Рахиманын үйү кайда, канча кабаттуу?
2. Алардын батири канча бөлмөлүү?
3. Кайсы бөлмөдө кандай буюмдар бар?
4. Өздүк гигиенаңардын буюмдарын атагыла.

**3. Сүйлөмдөрдү кыргызчага которгула.**

Мы живём в селе Байтик. Наш дом – на улице Токтогула. Во дворе растут цветы. Дом большой, 6-комнатный. Моя комната небольшая. В ней есть кровать, письменный стол, компьютер, книжный шкаф. На стене – красивая картина.

**Эсиңе тут!**

-луу: **бөлмөлүү**, **акылдуу**, **кабаттуу**

## 11-сабак. Окуу сабагы

**1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.**

**тилек** – желание
**так** – чётко
**максат** – цель
**тилчи** – языковед
**оңдо** – исправь

**2. Көркөм окугула. Мүчөлөрдүн маанисин түшүндүргүлө.**

### Тилчи болуп алсамбы

Кыргыз тилин үйрөнүп,
**Тилчи** болуп алсам дейм.
Чоңойгончо көп билип,
Баарын билип алсам дейм.

Кыргыз тилин так билип,
**Башкаларга** үйрөтөм.
**Үйдөн** берип сабакты,
Бөбөгүмдү сүйлөтөм.

**Тамгаларды** тааныбай,
Жаман бала болбоюн.
Максат коюп алдыма
Каталарым оңдоюн.

*О. Сатыбалдиев*

**так** – чётко
**максат коюп алдыма** – ставлю цель перед собой
**оңдоюн** – исправлю

www.bizdin.kg

1. Ырда кандай тилектер айтылат?
2. Кыргыз тилин кимге үйрөтөт?
3. Кимди сүйлөтөт?
4. Эмнелерин оңдойт?
5. Силердин кандай тилектериңер бар?

**3. Схема боюнча сүйлөгүлө.**

Сиңдимди
____________________ → үйрөтөм.
____________________

Бөбөгүмдү
____________________ → сүйлөтөм.
____________________

**4. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

Сабакта _________ жооп бериш керек. Туулган күнүмдө мага көп жакшы __________ айтышты. Камила, алдыңа кандай ________ коёсуң? Алтынай эжем ______. Нурбек, каталарыңды өзүң _______. Бөбөгүмө санаганды _________. Сиңдимди кыргызча __________.

*Керектүү сөздөр:* сүйлөтөм, максат, тилчи, так, тилектерди, оңдочу, үйрөтөм.

**5. Окугула.**

### Күндөлүгүм жанымда экен...

Классыбыздагы Асан деген баланы агай доскага чакырды. Ал жакшы жооп бере албай койду.

– Отур, күндөлүгүңдү алып кел, – деди агай.

– Үйдө калыптыр, – деп жооп берди Асан.

– Асанга бүгүн «4» коёлу, – деди мугалим.

– Күндөлүгүм үйдө эмес, жанымда экен, агай! – деп Асан күндөлүгүн алып чуркады.

Ошондо баарыбыз күлдүк.

1. Агай кимди доскага чакырды?
2. Ал кандай жооп берди?
3. Асандын күндөлүгү кайда калыптыр?
4. Мугалим кандай баа койду?
5. Асан эмне деп чуркады?

# 12-сабак. Кайталоо

1. Суроолорго жооп бергиле.

1. Атаңдын атасы сага ким болот?
2. Апаңдын атасы ким болот?
3. Апаңдын апасы ким болот?
4. Атаңдын апасы ким болот?
5. Улуу эркек бир тууганың ким болот?
6. Улуу кыз бир тууганың ким болот?
7. Кичүү эркек бир тууганың ким болот?
8. Кичүү кыз бир тууганың ким болот?

2. Суроолорго жооп бергиле.

1. Чоң ата-чоң энең кайсы айылда жашайт?
2. Алардын үйү кайсы көчөдө?
3. Короосу чоңбу?
4. Кандай жемиш бактары өсөт?
5. Алар мал багышабы?
6. Сен аларга кандай жардам бересиң?

3. Туурабы же туура эмеспи?

1. Пейзаждык сүрөт дубалда илинүү.
2. Муздаткыч кире берерште.
3. Ашканада бурчта керебет турат.
4. Шырдак дубалда илинип турат.
5. Туш кийиз жерде салынуу.
6. Газ плитасы балдар бөлмөсүндө.
7. Телевизор конок бөлмөсүндө.
8. Компьютер жуунуучу жайда.

4. Көчүрүп жазгыла, кесипти билдирген сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Алтынай эже «Айсулуу» сулуулук салонунда чач тарач.
2. Наташа окууну бүткөндө тигүүчү болот.
3. Кайрат чоңойгондо куруучу болгусу келет.
4. Мага суук тийип калыптыр, дарыгерге барып келдим.
5. Фестивалга Орто Азия өлкөлөрүнөн ырчы-бийчилер келишти.
6. Салтанатты комузчулар ансамбли ачат.

СБ 5. Сүрөттөрдөгү кишилердин келбетин сүрөттөгүлө.



## 13-сабак. Кийим-кече
## Таандык мүчөлөр

АЯ 1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**булгаары** – кожа
**калың** – толстый, плотный
**кийиз** – войлок
**тери** – шкура
**жибек** – шёлк
**жука** – тонкий
**жүн** – шерсть

2. Сүрөттөрдөгү кийимдерди атагыла. Алар кандай?



(__________) (__________) (__________) (__________) (__________) (__________)

www.bizdin.kg

3. Схема боюнча сүйлөгүлө.

Жибек → көйнөк, моюн орогуч, жоолук

Калың → ________, ________, ________

Булгаары → ________, ________, ________

Жука → ________, ________, ________

4. Үлгүгө карап машыккыла. К → Г, П → Б

| Жагы | Жекелик санда | Көптүк санда |
|---|---|---|
| 1-жак<br>2-жак<br>Сылык түрү<br>3-жак | Менин жибек көйнөгүм<br>Сенин жибек көйнөгүң<br>Сиздин жибек көйнөгүңүз<br>Анын жибек көйнөгү | Биздин ак көйнөгүбүз<br>Силердин ак көйнөгүңөр<br>Сиздердин ак көйнөгүңүздөр<br>Алардын ак көйнөгү |
| 1-жак<br>2-жак<br>Сылык түрү<br>3-жак | Менин жука топум<br>Сенин жука топуң<br>Сиздин жука топуңуз<br>Анын жука топусу | Биздин жука топубуз<br>Силердин жука топуңар<br>Сиздердин жука топуңуздар<br>Алардын жука топулары |

5. Келгиле, окуйлу. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Бахтияр:**

– Күн суук болуп баратат. **Байкем** экөөбүздүн жылуу **кийимдерибиз** кичинекей болуп калган. Биз **апам** менен кийим-кече дүкөнүнө бардык. Бут кийим бөлүмүнөн **байкеме** булгаары өтүк, баарыбызга жүн байпак алдык. Анан сырт кийим **бөлүмүнө** кирдик. Ал жерден мага 42-өлчөмдөгү жылуу күрмө таптык. Баасы да арзан экен. Баш кийимдер бөлүмүнөн байкеме тери тумак, **эжекеме** моюн орогучу менен калың ак топу алдык. Ошентип, кышка даярданып келдик.

6. Туурабы же туура эмеспи? Туурасын жазгыла.

1. Бахтияр апасы менен жашылча-жемиш дүкөнүнө барышты.
2. Байкесине булгаары өтүк алышты.
3. Баарына жука байпак алышты.
4. Бахтиярга 42-өлчөмдөгү жылуу күрмө табышты.
5. Байкесине ак топу, эжесине тери тумак алышты.

www.bizdin.kg

# 14-сабак. Улуттук кийимдер
## Зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн сөз айкаштары

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**суусар** – куница
**кундуз** – выдра
**тери** – кожа, мех
**кездеме** – ткань


тебетей


чапан


ичик


чыптама

2. Үлгү боюнча жаңы сөздөрдү кайталагыла.

– Бул кимдин тебетейи?
– Бул чоң атамдын суусар тебетейи.
– Бул кимдин калпагы?
– Бул Атайдын кийиз калпагы.



3. Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

– Бул эмне? – Бул ______?
– Бул ичик. – ________ тебетей.
– Ичик эмнеден тигилген? – Тебетей __________ тигилген?
– Ичик териден тигилген. – Суусардын терисинен ________.

– Бул __________? – ________ эмне?
– ______ калпак. – Бул күрмө.
– Калпак эмнеден ___________? – Күрмө ________ ________?
– _________ кийизден тигилген. – Булгаарыдан __________.

4. Толуктагыла.

1. Суусардан тигилген тебетей – суусар тебетей.
2. Кундуздан тигилген тебетей – ____________ тебетей.
3. Булгаарыдан тигилген өтүк – _____________ өтүк.
4. Кийизден тигилген калпак – ______________ калпак.
5. Териден тигилген чыптама – _____________ чыптама.
6. Жүндөн токулган байпак – ________________ байпак.

5. Зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн сөз айкаштарын жазгыла.

Ү л г ү: түлкү тебетей

**Алексей:**

– Класс жетекчибиз менен сүрөт жана көркөм кол өнөрчүлүк музейине бардык. Ал жерде кыргыздын улуттук кийимдери коюлган бөлүм бар экен. Баш кийимдер: түлкү, суусар, кундуз тебетейлер; кийиз калпактар; тери тумактар. Сырт кийимдер: карышкыр, түлкү ичиктер; ар кандай кездемелерден чапандар; булгаары чыптама, күрмөлөр. Сайма өтүктөр жана башка көп нерселер. Мен алардын коздугуна аябай суктандым.



1. Балдар класс жетекчиси менен кайда барышты?
2. Кандай буюмдарды көрүштү?
3. Ал кийимдер эмнеден жасалган?
4. Алексей эмнеге суктанды?

# 15-сабак. Улуттук кийимдер
## Жалпы таандык мүчө. Кимдики? Эмненики?

1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**тигет** – шьёт
**токуйт** – вяжет
**уз** – рукодельница



үкү такыя



элечек



белдемчи



маасы



кемсел

2. Сүрөт боюнча жаңы сөздөрдү кайталагыла.



3. Суроолорго жооп бергиле.

– Элечек эмнеден жасалат? ______________________.
– Жылуу байпак эмнеден токулат? ______________________.
– Маасы эмнеден жасалат? ______________________.
– Чыптама эмнеден тигилет? ______________________.
– А тумак эмнеден? ______________________.

www.bizdin.kg

4. Үлгү боюнча машыккыла, дептериңерге жазгыла.

| | |
|---|---|
| – Атай, тиги кимдин чыптамасы?<br>– Тиги Сайкалдын чыптамасы.<br>– А бул кимдин элечеги?<br>– Бул таенемдин элечеги. | – Атай, тиги чыптама кимдики?<br>– Тиги чыптама Сайкалдыкы.<br>– А бул элечек кимдики?<br>– Бул элечек таенемдики. |

**Жалпы таандык мүчө**
***Кимдики? Эмненики?***
***(-ныкы)***

-ныкы, -ники, -нуку, -нүкү
-дыкы, -дики, -дуку, -дүкү
-тыкы, -тики, -туку, -түкү

5. Улуттук кийимдерди атагыла.

**Кубат:**

– Таенем – уз. Кийизден, териден, булгаарыдан ар кандай улуттук кийимдерди тигет. Жүндөн жылуу байпактарды токуйт. Таятама териден ичик тикти. Мага кийизден тиккен калпагы эң сонун. Азыр Асылзатка ак жибектен көйнөк, кызыл кездемеден чыптама жана үкү такыя тигип жатат. Аларды кийип, биз эртең майрамга барабыз.

1. Кубаттын таенеси узбу?
2. Улуттук кийимдерди эмнеден тигет?
3. Териден эмне тикти?
4. Кийизден тиккен калпагы кандай?
5. Асылзатка кандай кийимдерди тигип жатат?
6. Алар эртең кайда барышат?

6. Эмнеси ашык?

Ү л г ү: калпак – эркектерге тиешелүү.
1. Белдемчи, көйнөк, чыптама, элечек, калпак.
2. Калпак, көйнөк, үкү топу, шым, күрмө.
3. Ичик, маасы-кәлөч, тебетей, жоолук, көйнөк.
4. Топу, тумак, калпак, чапан, тебетей.
5. Чапан, кемсел, ичик, тумак.

## 16-сабак. Кийим-кече дүкөнүндө

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**арзан** – дешёвый
**кийип көрүү** – примерить
**кымбат** – дорогой
**өлчөм** – размер
**сапат** – качество

www.bizdin.kg

2. Ролдошуп окугула.





**Барно:** Апа, көйнөктөрүм кичинекей болуп калыптыр.

**Апасы:** Ооба, кызым. Бул дүкөндө жакшы көйнөктөр бар эле. Кирип көрөлү.

**Барно:** Макул, апа. Арзан болсо, бир көйнөк алалы.

**Апасы:** Кымбат болсо да, сапаты жакшы болсун.

**Сатуучу:** Кош келиңиздер.

**Барно:** Саламатсыздарбы. Биз көйнөк алалы дедик эле.

**Сатуучу:** Бизде көйнөктөр көп. Кандай керек эле?

**Апасы:** Жибек көйнөк. Мындай көйнөктүн сыя көгү барбы?

**Сатуучу:** Бар. 36-өлчөмүн берейин. Кийип көр.

**Апасы:** Кызым, сенин өлчөмүң экен. Жарашып да калды.

**Сатуучу:** Алгыла. Баасы кымбат эмес, 300 сом. Сапаты да жакшы.

**Барно:** Ыракмат.

**Сатуучу:** Эч нерсе эмес.

?

1. Сүрөттө кимдер тартылган?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Жогорудагы үлгүлөр боюнча сүйлөшкүлө.

СБ 3. Кийимдерди атап, түсүн, өлчөмүн, баасын, сапатын айтып бергиле.

Ү л г ү: Бул булгаары маасы. Түсү кара. Өлчөмү – 37. Сапаты жакшы. Баасы кымбат эмес – 500 сом.

www.bizdin.kg

4. Кийимиңердин сапатын, өлчөмүн, баасын жазгыла.

Ү л г ү: Бул топу меники. Жүндөн токулган. Сапаты жакшы. Өлчөмү 52. Баасы кымбат – 350 сом.

Күрмө байкемдики. Калың кездемеден тигилген, сапаты жаман эмес. Өлчөмү 32. Баасы арзан – 600 сом.

Өтүк эжемдики. Булгаарыдан, сапаты жакшы эле. Баасы 750 сом болчу.

Бул кийимдер кимдики?



## 17-сабак. Көнүгүү иштөө

1. Туурабы же туура эмеспи?

| Баш кийим | Сырт кийим | Бут кийим |
|---|---|---|
| калпак<br>жоолук<br>элечек<br>топу<br>тумак<br>маасы | тон<br>күрмө<br>чапан<br>ичик<br>тебетей<br>такыя | көлөч<br>өтүк<br>көйнөк<br>моюн орогуч<br>маасы<br>шым |

2. Кластер түзгүлө.

Чоң атамдын кийимдери

Чоң энемдин кийимдери

Апамдын кийимдери

Эжекемдин кийимдери

3. Толуктап айткыла.

Кундуз → тебетей

__________ → тебетей

__________ → тебетей

__________ → тебетей

__________ → тебетей

www.bizdin.kg

**4. Кайсы тамгалар түшүп калган?**

1. К_ _ _ _з калпак
2. _ _ элечек
3. Таенем_ _ _ белдемчиси
4. Т_ _ _ күрмө
5. _ _ _ такыя
6. Жеңем_ _ _ жоолугу
7. Апам_ _ _ кемсели
8. Чоң энем_ _ _ маасысы
9. Т_ _ _ чыптама
10. Таятам_ _ _ ичиги

**5. Суроолорго жооп бергиле.**

– Ак калпакты кыздар киеби? – Жок, калпакты балдар киет.
– Үкү такыя балдаргабы? – ______________.
– Суусар тебетей чоң аталаргабы? – ______________.
– Ак элечекти кыздар киеби? – ______________.
– Кемселди жеңелер киеби? – ______________.
– Чапан – улуттук кийимби? – Ооба, ______________.
– Белдемчи да улуттук кийимби? – ______________.

**Эсиңе тут!**

**Кимдин ____-ы?** — **Калпак ____дики?**
**Атайдын калпагы** — **Калпак Атайдыкы**
**Чоң энемдин элечеги** — **Элечек энемдики**
**Азаттын коён тумагы** — **Коён тумак Азаттыкы**

**6. Катылган сөздөрдү тапкыла.**

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А | К | Ү | Р | М | Ө | Б | В | Г | И | Ч | И | К | Д |
| Й | Ц | К | А | Л | П | А | К | У | К | Е | Н | Г | Ш |
| Б | Ф | Е | Ы | В | А | П | Т | Е | Б | Е | Т | Е | Й |
| Е | Р | М | А | А | С | Ы | О | Л | Д | Ж | А | Э | Ъ |
| Л | Я | С | Ч | С | М | И | Т | Ь | Б | Ю | К | Ж | Ж |
| Д | Й | Е | Ё | А | К | Ө | Л | Ө | Ч | П | Ы | Р | О |
| Е | Ц | Л | Й | У | К | Е | Н | Г | А | Е | Я | О | О |
| М | Й | У | Е | Ы | А | О | Э | В | П | П | Р | Л | Л |
| Ч | Э | Л | Е | Ч | Е | К | Й | Ц | А | У | К | А | У |
| И | У | В | С | М | И | Т | Ь | Б | Н | Ю | Р | В | К |

# 18-сабак. Кайталоо

1. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Таенем – | кийимдерди тигет. |
| Ар кандай улуттук | уз. |
| Таятама териден | байпактарды токуйт. |
| Жүндөн жылуу | эң сонун |
| Кийизден тиккен калпагы | ичик тикти. |
| Биз кызыма бир | кийип көрүңүз. |
| Бул көйнөктү | көйнөк алалы дедик эле. |
| Мындай моюн орогучтун | кандай болду экен? |
| Бул өтүктүн сапаты | сыя көк түсү барбы? |
| Үкү такыяны | кимдер үчүн? |
| Белдемчи | чоң энеме аябай жарашат. |
| Ак элечек | кимдер киет? |

2. Толуктап жазгыла.

__________ терисинен тигилген тебетей – түлкү тебетей.
__________ терисинен ____________ ичик – карышкыр ичик.
__________ тигилген маасы – булгаары маасы.
__________ тигилген калпак – кийиз калпак.
__________ терисинен _________ тумак – коён тумак.
__________ токулган байпак – жүн байпак.

3. Толуктап сүйлөшкүлө.

**Сатуучу:** Кош келиңиздер!
**Сатып алуучу:** Биз ____________ алалы дедик эле.
**Сатуучу:** Сизге кандай түстөгү ______________ керек?
**Сатып алуучу:** ____________ же ______________.
**Сатуучу:** Мына. _____________ көрүңүз. Сиздин өлчөмүңүз.
**Сатып алуучу:** Мага чак экен.
**Сатуучу:** Түсү да сизге __________ экен. ________________ жакшы.
**Сатып алуучу:** Баасы __________?
**Сатуучу:** 650 сом.
**Сатып алуучу:** Ыракмат.

www.bizdin.kg

4. Эмне деп аталат?

Чоң аталардын → улуттук баш кийими – ____________
Чоң энелердин → улуттук баш кийими – ____________
Балдардын → улуттук баш кийими – ____________
Жеңелердин → улуттук баш кийими – ____________
Кыздардын → улуттук баш кийими – ____________

5. Тест.

**1. Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**
а) Азат Кадырович сүрөттөн сабак берет.
б) Математика сабактан ким берет?
в) Чет тили сабагыдан кийин сүрөт сабагы.

**2. Жалпы таандык мүчөлөр катышкан сөз айкаштарын тапкыла.**
а) улуттук кийим, шаардык бала, балалык кез.
б) маасы энемдики, чапан атамдыкы, калпак инимдики.
в) эжемдин моюн орогучу, апамдын белдемчиси, жеңемдин шөкүлөсү.

**3. Спорт менен машыгуу үчүн кимге кайрылуу керек?**
а) айдоочуга
б) машыктыруучуга
в) куруучуга

**4. Кайсы сөздөр адамдын келбетин сүрөттөйт?**
а) кашы-көзү кара, ак жуумал, орто бойлуу
б) ак көңүл, токтоо, бийлейт
в) тамашакөй, ырдайт, шайыр

**5. Кайсы сөздөр адамдын мүнөзүн билдирет?**
а) шайыр, ачык, ак көңүл
б) узун бойлуу, кара тору, музыка укканды жакшы көрөт
в) комузда ойнойт, көзү көк, жалкоо

**6. Эркектердин улуттук кийимдерин тапкыла.**
а) тебетей, калпак, күрмө, ичик
б) белдемчи, жоолук, кемсел, маасы
в) чапан, үкү топу, шым, көлөч.

# 19-сабак. Күз мезгили
## Этиштин терс формасы (-ба мүчөсү)

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**булуттар** – облака
**береке** – обилие
**кургак** – сухой
**үзөбүз** – срываем

2. Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Сүйлөм түзгүлө.



3. Сөз айкаштарын окугула, этиштин терс формасын жасагыла.

| | |
|---|---|
| алманы үзөбүз | алманы үзбөйбүз |
| кургак чөптү жыйнайбыз | |
| жалбырак саргаят | |
| түшүм жыйналат | |
| жамгыр жаайт | |
| куштар учуп кетишет | |

**Этиштин терс формасы**
***-ба мүчөсү***

| | |
|---|---|
| *-ба, -па* | барба, ачпа |
| *-бо, -по* | койбо, коркпо |
| *-бе, -пе* | келбе, кетпе |
| *-бө, -пө* | бөлбө, күтпө |

4. Туурабы же туура эмеспи?

Жаан жаабай, жер кургак.
Күн ачык, асман көпкөк.
Үйдө береке.
Күзүндө картөшкөнү үзөбүз.

Ак аюу жылуу жакта жашайт.
Күн бүркөк, асманда кара булут.
Өз оюнчуктарыбызды жыйнайбыз.
Байкем бай түшүм алды.

5. Этиштердин терс формасын жасагыла.

### Күз мезгили

Мына, күз да келди. Жалбырактар саргайып, түшө баштады. Жерде кургак жалбырактар жатат. Күн да салкын болуп калды. Асманда булуттар. Канаттуулар жылуу жактарга учуп кетип жатышат.

Айылда жумуш көп. Дем алыш күндөрү Калык байкеме жардам беребиз. Жашылчаларды жыйнайбыз, жемиштерди үзөбүз. Картөшкө, сабиз, пияз, алмурут, алманын түшүмү абдан жакшы болду.

Күз – береке. Жакында мектепте да түшүм майрамы болот.

**Суроолорго жооп жазгыла.**

1. Кайсы мезгил келди?
2. Күн кандай?
3. Канаттуулар кайда учуп кетип жатышат?
4. Айылда кандай иштер жүрүп жатат?
5. Түшүм кандай болду?
6. Мектепте кайсы майрам болот?

**6. Туура туташтыргыла.**

| | |
|---|---|
| Күз мезгили | болуп калды. |
| Жалбырактар саргайып → | келди. |
| Күн да салкын | жерге түшүп жатат. |
| Жерде кургак | учуп кетип жатышат. |
| Канаттуулар жылуу жакка | аябай көп. |
| Айылда жумуш | жыйнайбыз. |
| Биз Айбек байкеме | жалбырактар жатат. |
| Жашылча-жемиштерди | жакшы болду. |
| Түшүм | майрамы болот. |
| Мектепте да түшүм | жардам беребиз. |

**Билип ал!**

**Күзүндө чыгынбаган кышында жылынбайт.**
**Ким иштебесе, ал тиштебейт.**

## 20-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Күзгө тиешелүү сөздөрдү атагыла.**

Кар, салкын, кызыл, ысык, саргаят, жалбырактар түшөт, учуп кетишет, шамал, жаан, жемиштерди жыйнайбыз, жашыл, картөшкө казабыз, түшүм, береке.

www.bizdin.kg

2. Муундардан сөз курагыла.

А бу ка юп жам тө

лут ра гыр ла жа

гүп тат ку тү

шүп жа ка

тат туу

3. Схемаларды толуктагыла.

Асманда ________. ________ жаап жатат.
________. ________

Сары жалбырактар ________.
________.

Жамгыр ________.
________.

Катуу ________.
________.
________.

4. Сүрөт боюнча суроолорго жооп жазгыла.



1. Сүрөттө кайсы мезгил тартылган?
2. Асман кандай?
3. Жамгыр жаап жатабы?
4. Шамал кандай болуп жатат?
5. Бак-дарактардын жалбырактары эмне болуп жатат?
6. Аба ырайы кандай?

www.bizdin.kg

5. Бат айткыла.

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсө,
Жерге баары түз түштү.

*Ж. Бекниязов*

## 21-сабак. Көнүгүү иштөө

1. Муундардан сөз курагыла.




2. Терс формада жооп жазгыла.

| | |
|---|---|
| – Жазында жалбырактар түшөбү? | – ____________________. |
| – Кургак чөптү жыйнайбызбы? | – ____________________. |
| – Күзүндө күн аябай ысык болобу? | – ____________________. |
| – Жашылча-жемиштерди тигебизби? | – Жок, ________________. |
| – Эртең катуу шамал болобу? | – Эртең шамал болбойт. |
| – Жамгыр төгөбү? | –_____________________. |

3. Керектүү сөздөрдү койгула.

Алтын _________.
Жерде _________ _________, ________,
сары жалбырактар жатат.
Күн _________.
Асманда _________.
Кээде _________ төгөт.
Катуу _________ болот.
Канаттуулар ____________.
Биз __________ жыйнайбыз.
__________ жакшы болду.
Күз – ________.

кургак кызыл, күрөң
салкын
күз
булуттар
береке
жашылча-жемиштерди
жамгыр
шамал
түшүм
учуп кетип жатышат

www.bizdin.kg

4. Ырды көркөм окугула.

**Күз**

Тармал көкүл бак дагы,
Талаа-түз, тоо жак дагы,
Коон, өрүк, алмурут
Баары, баары сапсары.

Кудум алтын түспөлдүү,
Сары көйнөк күз келди.
Берекенин дасмалы
Каптап калды бүт жерди.

*Э. Ибраев*

5. Улантып жазгыла.

**«Күз мезгили»**
Азыр күз мезгили. Күн салкын. Асманда … .

## 22-сабак. Күзгү токой

1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**көлчүк** – лужа
**эмен** – дуб
**таранчы** – воробей
**ийин** – нора
**бутак** – ветвь

**... аралаганды** – бродить по ...
**«карк» этти** – каркнула
**майда жандыктар** – мелкие зверушки
**чыйпылдап жиберди** – чирикнула

2. Сүрөт боюнча сүйлөм түзгүлө.



www.bizdin.kg

3. Толуктап окугула.

____________ араладык
эмендин ___________
____________ карагай
____________ чыйпылдап жиберди
____________ жандыктар
____________ ийини

____________ көлчүк
____________ кайың
____________ таранчы
____________ бутагы

____________ «карк» этти.

*Керектүү сөздөр:* бакты, чоң, карга, кайыңдын, жөжө, майда, бийик, ак, жалбырагы, кичинекей, түлкүнүн.

4. Эмненин? деген суроого жооп берген сөздөрдү атагыла.

### Күзгү токой

Күзгү токойду аралаганды жакшы көрөм. Түндө көлчүктөр тоңуп калыптыр. Дарактардын сары, кызыл, күрөң жалбырактары түшүп калган. Токойдо муздак шамал ойнойт. Эмен менен кайыңдар үшүп жатат. Бийик карагайдын үстүнөн бир таранчы чыйпылдап жиберди. Чымчыктар дарактардын бутактарынан жем издешет. А майда жандыктар ийиндерине кирип алышкан. Аңгыча карга «карк» этти. Күзгү токой тып-тынч болуп калды.

1. Күзгү токой кандай?
2. Жаратылышта эмне болуп жатат?
3. Токойдо кандай дарактар бар?
4. Чымчыктар, майда жандыктар эмне болушат?

**Эсиңе тут!**

**Дарактын бутактары**
**Нарын шаары** → **-нан**
**Аксы району**

5. Сүрөттөрдү чечмелеп окугула.

1. Токойдогу  тоңуп калыптыр.

2. Дарактардын  түшүп калган.

3.  чыйпылдап жиберди.

4. Күзгү токойдо  үшүп жатышат.

5. Майда жандыктар  кирип алышкан.

6.  жем издешет.

7.  «карк» этти.

## 23-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Толуктап айткыла.**

Күзгү ______________.

______________ шамал.

Чымчыктар: ______, _______ . __________ карагай.

__________ чыйпылдап жиберди.

__________ бутактары.

__________ ийини.

Сары, кызыл, күрөң ______________.

Дарактар: ______, _________, _______.

____________ үшүп жатышат.

____________ жандыктар.

____________ «карк» этти.

**2. *-дан (-нан)* мүчөсүн улап, сүйлөм түзгүлө.**

1. Эмен дарагы…
2. Кайыңдын жалбырагы…
3. Карагай токою…
4. Карганын үнү…
5. Таранчынын уясы…
6. Түлкүнүн ийини…
7. Токой жандыктары…

**3. Туурабы же туура эмеспи?**

Ү л г ү: Күн тоңуп калыптыр. Туура эмес, Күн тоңбойт.

| … тоңуп калыптыр. | … чыйпылдап жиберди. | … түшүп калган. |
|---|---|---|
| Көл<br>Суу<br>Жер<br>Тоо | Карга<br>Жөжө<br>Таранчы<br>Чымчык | Жалбырактар<br>Каз<br>Суук<br>Кар |

www.bizdin.kg

| ... тоңуп калыптыр. | ... чыйпылдап жиберди. | ... түшүп калган. |
|---|---|---|
| Күз<br>Күн<br>Көлчүк<br>Колуң | Тоок<br>Короз<br>Чабалекей<br>Өрдөк | Алма<br>Тиши<br>Өрүктүн гүлдөрү<br>Топчум |

**4. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.**

1. Апам экөөбүз «Лион» дүкөнү... мага өтүк сатып алдык.
2. Асан үйү... мектепке чейин жөө келет.
3. Айжамалга спорт аянты... жолуктум.
4. Бишкек шаары... эртең менен чыгып, Таласка түштө келдик.
5. Атам кечээ Москва шаары... учуп келди.
6. Нарын областы... фестивалга бий ансамбли келиптир.
7. Биз «Ала-Тоо» аянты... өтүп бара жатабыз.
8. Бул дарыларды «Неман» дарыканасы... алсаңар болот.
9. Куурчак театры... балдар «Бугу эне» жомогун көрүштү.

**5. Бат айткыла.**

Күздө түздөрдүн
Түсү өзгөрдү.
Түздөрдүн түсү өзгөргөнүн
Биздин көз көрдү.

*Ж. Бекниязов*

**6. Катылган сөздөрдү тапкыла.**

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А | Б | В | Г | Ш | Д | Н | К | А | Й | Ы | Ң | Ё | Ж |
| Х | Т | А | Р | А | Н | Ч | Ы | И | Й | К | Л | М | Н |
| Ң | О | Ө | П | М | Р | С | Т | У | К | Ү | З | Г | Ү |
| Ү | Ф | Х | Ц | А | Ч | Ш | Щ | Ы | А | Ь | Ъ | Э | Ю |
| Я | А | К | Ө | Л | Ч | Ү | К | Б | Р | В | Г | Ч | Д |
| Е | Ё | Ж | З | И | Й | К | А | Л | А | М | Н | Ы | Ң |
| О | Ө | П | Р | С | К | А | Р | К | Г | Т | У | М | Ш |
| Э | М | Е | Н | Ү | Ф | Х | Г | Ц | А | Ч | Ш | Ч | А |
| Щ | Ы | Ь | Ъ | Э | Ю | С | А | И | Й | И | Н | Ы | М |
| М | И | Ж | А | Н | Д | Ы | К | Й | С | М | И | К | А |
| Ц | Я | Ч | С | А | И | Т | Ь | Б | Б | Ь | Ю | Я | Л |

www.bizdin.kg

# 24-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Дарактардын аттарын атагыла.**

Таранчы, бутак, терек, булут, кайың, чымчык, эмен, белдемчи, ичик, жөжө, карга, карагай, кара жыгач, кызыл карагай.

**2. Сүрөт боюнча сүйлөмдөрдү толуктагыла.**



1. _________ бадалдын жанында жем издеп жүрөт.
2. _________ жалбырактары түшүп жатат.
3. _____________ мээримдүү тийип турат.
4. Асманда __________ _________ .
5. Чоң энем _________ кийип жүрөт.
6. Дүкөндөн мага _________ сатып алдык.
7. Кара жыгачтын бутагында _________ отурат.

**3. Фархад күз жөнүндө аңгеме жазыптыр. Кайсы жерде катасы бар?**

Мага күз мезгили аябай жагат. Жер-жемиштин баары бышат. Балдар түшүм жыйноого жардам беришет. Анан кар менен ойношуп, чана тебишет. Күзгү токойго барсаң, эң эле укмуш! Дарактар алтындай. Жерде ар түстөгү кургак жалбырактар. А жапайы алмалар гүлдөп баштаган. Күз – берекелүү мезгил.

**4. Макалдарды толуктагыла, маанисин айтып бергиле.**

Жаз – ________, күз – __________.
Күзүндө чыгынбаган ___________ ___________.

**5. Кроссвордду толтургула.**

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.б | | | | 2.т | * | * | * | * | * | * | 10.ч |
| * | * | * | * | | * | * | * | * | * | * | |
| * | * | 7.т | | | | | * | * | * | * | |
| * | * | * | * | | * | * | * | * | * | * | |
| * | * | * | * | | * | * | * | * | * | * | |
| * | * | * | * | | * | * | * | * | * | 9.к | |
| 8.к | * | * | * | 3.ы | | | 4.к | * | * | | * |
| 6.а | | | | | | * | | * | * | | * |
| | * | * | * | * | * | * | | * | * | | * |
| | * | * | * | * | * | * | | * | * | | * |
| | * | * | * | * | * | * | 5.а | | | | |
| * | * | * | * | * | * | * | * | * | * | | * |

**Туурасынан:**
1. облако
3. жарко
5. небо
6. в селе
7. тополь

**Тигинен:**
2. воробей
4. ворона
8. берёза
9. ель
10. птичка

## 25-сабак. Кайталоо

**1. Чет өлкөдөн келген конокторго кыргыздын улуттук кийимдерин тааныштыргыла.**



**2. Сүйлөшүүнү толуктагыла.**

**Сатуучу:** Кош келиңиздер.
**Сатып алуучу:** ________. Биз ________, _________ алалы дедик эле.
**Сатуучу:** Бизде _________ бар. Сизге кандай _______ керек эле?
**Сатып алуучу:** ___________ түсү барбы?
**Сатуучу:** Бар. Өлчөмүңүз ________________?
**Сатып алуучу:** ___________.
**Сатуучу:** Муну кийип көрүңүз.
**Сатып алуучу:** Мага _______ экен.
**Сатуучу:** Түсү да абдан _________ экен.
**Сатып алуучу:** Баасы _______?
**Сатуучу:** _____ сом.

**3. Өз үйүң жөнүндө айтып бер.**

Биз ________ айылында __________.
Биздин ________ __________ көчөсүндө.
Корообуз ______, күнүгө __________.
Ар кандай __________ өсөт. Биз аларды ________, _________.
Үйүбүз _________, ______ бөлмөлүү. Менин ________ кичинекей.
Анда ________, ________, __________, _________ бар.
Дубалда ______. Мен бөлмөмдү да таза кармайм.

**Эсиңе тут!**

Манас айылы → -нда
Мектептин ашканасы → -нда
Тоң району → -нда

**4. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.**

Биздин туугандарыбыз Манас району… Кеңеш айылы… жашашат. Мектептин китепканасы… кызыктуу китептер көп. Жеңиш аянты… майрамга карата даярдык болуп жатат. Асел эжекем «Лингва» фирмасы… котормочу. Кыргыз драма театры… кайсы оюн жүрүп жатат?

СБ **5. Досуңа өз үй-бүлөңдү тааныштыр.**

Ү л г ү: Бул менин атам. Аты – Бахтияр. 42 жашта. Атам фирманын жетекчиси. Бош убактысында шахмат ойногонду жакшы көрөт. А бул апам … .

## 26-сабак. Кайталоо

**1. Ордун тапкыла.**

| Күзүндө | | Кышында |
|---|---|---|
| ← | сары жалбырак | |
| | калың кийим киебиз | |
| | жалбырактар учуп түшөт | |
| | кар жаайт | → |
| | суук | |
| | күн салкын | |
| | жамгыр төгөт | |
| | жолдор тайгак | |
| | алма үзөбүз | |
| | кар киши жасайбыз | |
| | чана тебебиз | |
| | канаттуулар учуп кетет | |

www.bizdin.kg

**2. Бул кайсы дарактар? Алар кандай?**



**3. Толуктап жазгыла.**

Күзүндө токойду __________ жакшы көрөм.
Паркта ______, _______, ______ өсөт.
Жамгыр жаап, көчөдө _______ пайда болду.
Эмендин _____ тыйын чычкан жүрөт.
Жөжө энесин таппай _______ ______.
Мультфильм майда ________ жөнүндө экен.
Карга карышкырды көрүп «_____» этти.
Джерри Томду көрүп _______ кире качты.
________ кандай чымчык?

чыйпылдап жиберди
жандыктар
карк
ийинине
аралаганды
эмен, кайың, карагай
таранчы
бутактарында
көлчүк

**4. Эмне ашык?**

1. Кайың, карагай, эмен, көлчүк, терек.
2. Карга, таранчы, көгүчкөн, жөжө.
3. Жамгыр, шамал, булут, кар, чөп.
4. Сары жалбырак, түшүм, салкын, жаан, жандык.
5. Жоолук, калпак, чыптама, пальто, чапан.
6. Шым, көйнөк, сатып алуучу, моюн орогуч, мээлей.

**5. Жандырмагын тапкыла.**

**Табышмак**

Ар түркүн сүрөт
Асманда жүрөт.
Ар ким көргөн эрте-кеч
Анын атын ким билет?

*Ж. Бекниязов*

www.bizdin.kg

# 2-чейрек

## 27-сабак. Кайталоо

1. Каталарын оңдогула.

Математика сабагында 45-маселени Асан чыгардым. Силер бүгүн дене тарбия сабагында баскетбол ойнойбуз. Айкөл «Абышка-кемпирдин көмөчү» боюнча сонун сүрөт тарттык. Ыр сабагында мугалим композитор М. Абдраев жөнүндө айтып бердиңиз. Концертте «Шаттык» бийчилер тобу кыргыз бийин аткардың. Биз кыргыз тили сабагында күзгү токой жөнүндө окудук.

2. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Жалбырактар | кургак |
| Алтын | жашыл |
| Кеч | чоң |
| Күн | асман |
| Мол | күз |
| Бай | салкын |
| Ачык | суук |
| Көк | түшүм |
| Кар | төгөт |
| Жамгыр | жаайт |

3. Куурчактарды кийиндиргиле.



www.bizdin.kg

4. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Короосу ________, __________. | чоң, таза |
| Руслан Шалта __________ жашайт. | шыпырышат |
| Алардын үйү __________ көчөсүндө. | Манас |
| Руслан менен Фарида күнүгө ________. | айылында |
| Ар кандай гүлдөр ___________. | сугарып турушат |
| Аларды ________ _______________. | өсөт |
| Үйү _____ _________________. | жазуу столу, китеп |
| Русландын бөлмөсү ______________. | текчеси |
| Анда керебет, _____ ___, _____ ____, шкаф бар. | пейзаждык сүрөт |
| | чоң эмес |
| Дубалда __________ илинип турат. | беш бөлмөлүү |

5. Ырды жаттагыла.

Алма-өрүгү төгүлүп,
Бейиш сындуу көрүнүп,
Арпа, буудай, жүгөрү
Ар бир үйгө бөлүнүп,
Кайда барсаң – токчулук,
Мал-жаныбыз семирип.

*Ч. Иманалиев*

АБ ВГ

**бейиш сындуу** – как рай
**токчулук** – изобилие
**мал-жан** – скот

## 28-сабак. Айылдагы эмгек
## Эмне кылат? Эмне болот?

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

А Я

**дыйкан** – крестьянин
**зыянкеч** – вредные
**көчөт** – рассада
**курт-кумурска** – насекомые

АБ ВГ

**чар карга** – грач
**жер айдайт** – пашут землю
**отойт** – очищают от сорняков
**солуп калат** – завянут
**үрөн себет** – сеют семена

www.bizdin.kg

2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Жер эмне менен айдалат?
2. Бул сүрөттө эмне үчүн чар каргалар көп?
3. Айдалган жерге эмне себилет?
4. Себилген эгинди дыйкан кантип өстүрөт?

3. Сүрөт боюнча суроолорду түзгүлө.



1. ______________________________?
   – Жашылча талаасы.
2. ____________________________ ?
   – Жөөктөргө суу жүгүртүлгөн.
3. ______________________________?
   – Анткени жаш көчөттөр солуп калат.
4. ______________________________?
   – Жашылчанын көчөттөрүн отургузуп жатышат.
5. ______________________________?
   – Сугарат, отойт, чабат. Бышканда түшүм жыйналат.

4. Туурабы же туура эмеспи? Туурасын жазгыла.

Жерди комбайн менен айдайт.

Чар каргалар зыянкеч курт-кумурскаларды жейт.

Буудай күзүндө себилет.

Сабиздин көчөтү отургузулат.

Картөшкөнү сугарат, отойт, чабат.

Дыйкан эгинди сугарат.

**Эмне кылат?**
*-а (-е, -о, -ө, -й)*
айдайт, жейт, отойт,
жыйнайт, себет, себилет,
сугарат, чабат

www.bizdin.kg

5. Жандырмагын тапкыла.

Талаа иши билгени.
Темир тулпар мингени.
Май жыттанат колдору
Тапчы муну, ким деги?

**тулпар** – скакун, конь

## 29-сабак. Шаардагы эмгек

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**ишкана** – предприятие
**таштанды** – мусор
**тигүү цехи** – швейный цех
**эл аспаптар оркестри** – оркестр народных инструментов

2. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.



**Витя:**

– Таня таежем менен Оля эжем Ош шаарында **жашашат**. Экөө тең тигүү цехинде **иштешет**. Таежем кыздардын көйнөктөрүн **тигет**. Оля эжем шым **тигет**. Анвар жездем «Тазалык» ишканасында айдоочу. Шаардагы таштандыларды машина менен сыртка **ташыйт**.

***Сүрөттө кимдер? Алар эмне кылып жатышат?***

**Айгүл:**

– Мурат байкемдер Бишкекте турушат. Ал искусство институтун бүтүргөн. Азыр Ч. Айтматов атындагы орус драма театрында артист. Алина жеңем эл аспаптар оркестринде комузчу.

1. Витянын таежеси, эже-жездеси кайда турушат?
2. Алар кайда, ким болуп иштешет?
3. Кандай иштерди аткарышат?
4. Мурат кайда жашайт?
5. Ал кайсы театрда иштейт?
6. Алина – ким?

www.bizdin.kg

4. Сүйлөм түзгүлө.

Көчөсүндө, тигүү, Элебаев, цехи. Эл, оркестринин, концерти, аспаптар, болот, филармонияда. Атындагы, Абдылас Малдыбаев, театрында, опера жана балет, операсы, «Айчүрөк», жүрүп жатат. Ишканасында, «Ак өргөө», боз үйлөрдү, жасашат, улуттук буюмдарды. Таштабагыла, таштандыларды, көчөгө!

**Эсиңе тут!**

Иш → -кана
Отун → -кана
Дары → -кана

## 30-сабак. Окуу – эмгек

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**башкы** – главный
**илимий кызматкер** – научный сотрудник
**ишкер** – предприниматель
**максат** – цель
**милдет** – обязанность

2. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Башкы | роль |
| Илимий | иш |
| Менин → максатым | эмгек |
| Иштөө | максатым |
| Сенин | керек |
| Окуу – | милдетиң |
| Эрте туруу | кызматкер |

Мен даярданам
Сен даярданасың
Сиз даярданасыз
Ал даярданат

Биз даярданабыз
Силер даярданасыңар
Сиздер даярданасыздар
Алар даярданышат

3. Кесипти билдирген сөздөрдү атагыла.

Эртең дүйшөмбү, жумуш күнү. Баары ишке даярданып жатышат. Атам ооруканада иштейт. Апам – тарых музейинде илимий кызматкер. Айдай эжем театрда сүрөтчү. Мен чоңойгондо ишкер болгум келет. Азыр мектепте 4-класста окуйм. Менин башкы милдетим – жакшы окуу. Жакшы билим алсаң, ойлогон максатыңа жетесиң.

Суроолорго жооп бергиле.

1. Атаң кайда иштейт?
2. Апаңдын кесиби кайсы?

www.bizdin.kg

3. Эже-байкелериң окуйбу же иштейби?
4. Сенин башкы милдетиң эмне?
5. Чоңойгондо ким болгуң келет?
6. Максатка жетүү үчүн эмне кылуу керек?

4. Жактагыла.

Жакшы иште, сүрөт тарт, максатыңа жет, билим ал.

| | |
|---|---|
| Мен ____________ | Биз ____________ |
| Сен ____________ | Силер ____________ |
| Сиз ____________ | Сиздер ____________ |
| Ал ____________ | Алар ____________ |

5. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.

Көп окуган көптү ____________. Азат Бишкектен билим ____________. Аракет кылсаң, максатыңа ____________. Чоң энем мага калпак ____________. Калык байкем күзүндө жер ____________, буудай ____________. Биз байкеме ____________ ____________. Арууке оркестрде чоор ____________. Айбек, жылуу кийин, ____________.

*Керектүү сөздөр:* үшүйсүң, жардам беребиз, ойнойт, билет, алат, тигет, жетесиң, себет, айдайт.

**Билип ал!**

**Жакшы окуп, жакшы жүрүшүм –**
**элиме кошкон үлүшүм.**

## 31-сабак. Эмгек каармандары
## -бы мүчөсү

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**асыл тукум** – породистый
**баш байге** – главный приз
**каарман** – герой
**намыс** – честь
**чарба** – хозяйство
**эмгекчил** – трудолюбивый

2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Ат чабышка ____________ аттар катышабы? ___ ____________ кайсы ат биринчи келди? Канатбек олимпиадада _____ ____________ алдыбы?

www.bizdin.kg

Фермердик ______ сүттүү уйларды, ____________ жылкыларды багышабы? Улуттук тил – улуттун ____________.

*Керектүү сөздөр:* чарба, асыл тукум, намысы, баш байгени, ат чабышта, күлүк.

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

**Эмгек каармандары**

Класстык саатта эмгек каармандары жөнүндө сүйлөштүк. Ольга Павловна бизден:

– Айткылачы, балдар, силер кимдерди эмгек каармандары деп **эсептейсиңер**? – деп сурады.

Айгерим классташыбыз:

– Мен Болот таякемди эмгек каарманы деп **эсептейм**. Анын фермердик чарбасы бар. Таякем асыл тукум жылкыларды **багат**. Карагер деген күлүк аты ат чабышта баш байгеге ээ болгон.

Таякем абдан эмгекчил.

Ольга Павловна:

– Балдар, Айгерим туура **айтат**. Кыргыз элинин улуттук ат оюндары аябай кызыктуу **өтөт**. Бул – улуттун намысы.

4. Суроолорго жооп жазгыла.

1. Класстык саатта жылкычы жөнүндө сөз болдубу?
2. Айгерим таякеси жөнүндө айтып бердиби?
3. Ал таякесин эмгек каарманы деп эсептейби?
4. А силер кимди эмгек каарманы деп эсептейсиңер?

**Билип ал!**

**Адамды сөзүнөн таанибайт, ишинен тааныйт.**
**Адам эмгеги менен даңктанат**

## 32-сабак. Тургунбай Садыков
## Кимдин? Эмненин?

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**таланттуу** – талантливый
**чопо** – глина
**коло** – бронза

**болууну каалаган** – хотел стать
**чыгармачылык иши** – творческая деятельность

www.bizdin.kg

2. Сөз айкаштарын түзгүлө. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Таланттуу | бала |
| Куруучу | жазуучу |
| Дарыгер | болууну каалаган |
| Т. Кожомбердиевдин | табак |
| Чопо | эстелик |
| Коло | чыгармачылык иши |

**Кимдин? Эмненин?**
*(-нын)*

- нын, -нин, -нун, -нүн
- дын, -дин, -дун, -дүн
- тын, -тин, -тун, -түн

________ чыгармачылык иши менен таанышабыз. ___________ жанынан жолугабызбы? _________ башкы каарманы ким? ___________ алдында кайсы композиция? ___________ автору ким? Улуттук китепкананын жанында _________ эстелиги турат.

*Керектүү сөздөр:* Жолон Мамытовдун, китепкананын, чыгарманын, филармониянын, эстеликтин, Алыкул Осмоновдун.

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Тургунбай Садыков



Тургунбай Садыков – Кыргыз **Республикасынын** Баатыры, кыргыз **элинин** таланттуу скульптору, эл сүрөтчүсү. Ал бала кезинен эле сүрөтчү болууну каалаган. Өзүнүн чыгармачылык ишин 1954-жылы баштаган. Ал жыгач, чопо, гранит, таш, коло материалдары менен иштейт. **Анын** скульптуралык композициялары Бишкек шаарын кооздоп турат. Жеңиш аянтындагы «Жеңиш» эстелиги, Т. Сатылганов атындагы **филармониянын** алдындагы «Манас» скульптуралык комплекси жана башка көптөгөн эмгектери бар.

Суроолорго жооп жазгыла.

1. Тургунбай Садыков деген ким?
2. Ал чыгармачылык ишин качан баштаган?
3. Тургунбай Садыков кандай материалдар менен иштейт?
4. Кандай эмгектерин билесиңер?
5. Эмгек каармандарынан дагы кимдерди билесиңер?

www.bizdin.kg



«Манас» скульптуралык комплекси



«Жеңиш» эстелиги

**Билип ал!**

1. Эмгекти сүйгөндү эл сүйөт.
2. Эмгек бар жерде ырыс бар.
3. Эмгегине жараша – урмат.

## 33-сабак. Кайталоо

1. Суроолорду түзгүлө (-бы).

1. ______________________________?
   – Жер трактор менен айдалат.
2. ______________________________?
   – Чар каргалар зыянкеч курт-кумурскаларды жейт.
3. ______________________________?
   – Айдалган жерге үрөн себилет.
4. ______________________________?
   – Дыйкан эгинди сугарат.

2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Мен чоңойгондо → чач тарач / ________ / ________ ← болгум келет.

Сенин милдетиң – → үйдү жыйноо. / ____________. / ____________.

www.bizdin.kg

Атайдын максаты – → билим алуу.
→ ______________.
→ ______________.

**3. Туура туташтыргыла.**

| | |
|---|---|
| Жөөктөргө | солуп калат. |
| Жаш көчөттөр | отургузуп жатышат. |
| Жашылча көчөттөрүн | суу жүгүртүлөт. |
| Жашылчаларды | түшүм жыйналат. |
| Бышканда | сугарат, отойт, чабат. |

**4. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.**

| | |
|---|---|
| Бул _________ __________ 300 жумушчу оруну бар.<br>Эртең филармонияда ______ _______ оркестринин концерти болот.<br>Айдай эжем И. Раззаков _________ кыргыз мамлекеттик университетинде окуйт.<br>____________ он эки цех иштейт.<br>____________ таштабагыла, тазалыкты сактагыла! | эл аспаптар<br>атындагы<br>тигүү цехинде<br>таштандыны<br>ишканада |

**5. Кроссвордду кыргызчага которуп, толтургула.**

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | 2. | | | * | * | 3. | | | | 10. |
| * | 4. | | | | | * | * | * | * | * | |
| * | * | | * | * | * | * | * | * | * | * | |
| * | * | | * | * | * | * | * | 11. | | | |
| * | 5. | | | | | * | * | * | * | * | 9. |
| * | * | * | * | * | * | * | * | * | * | * | |
| * | * | * | * | * | 12. | | | | | * | |
| * | * | * | * | * | * | * | * | * | * | * | |
| 6. | | | | * | | | 7. | | | * | |
| * | * | * | * | * | * | * | | * | * | * | |
| 8. | | | | | * | * | | * | * | * | |
| * | * | * | * | * | * | * | | * | * | * | |
| * | * | * | * | * | * | * | | * | * | * | |

**Туурасынан:**
1. предприниматель
3. труд
4. главный
5. хозяйство
6. породистый
8. приз
11. глина
12. честь

**Тигинен:**
2. ворона
7. скакун
9. талантливый
10. бронза

www.bizdin.kg

6. Тест.

**1. Күзгө тиешелүү сөз айкаштарын белгилегиле.**
а) сары жалбырак, түшүм жыйноо, кургак чөп
б) көк чөп, асман ачык, күн ысык
в) жашылчалар бышат, жайлоодо эс алуу, катуу шамал

**2. Терс формадагы этиштерди тапкыла.**
а) көрбөйт, таанбайт, жакпайт, кирбейт.
б) учат, тигет, отургузушат, кирип кетишет.
в) бакты, эсептеди, айтып берди, катышты.

**3. Жамгыр эмне болот?**
а) кургайт, суу болот, учат
б) жаайт, төгөт, куят
в) тоңот, ачылат, түшөт

**4. Макалды толуктагыла.**
**«Жакшы окуп, жакшы жүрүшүм – элиме кошкон ____________»**
а) түшүмүм
б) ырларым
в) үлүшүм

**5. Эмгек темасындагы макалдарды белгилегиле.**

а) Адамды сөзүнөн таанбайт, ишинен тааныйт. Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болот.

б) Жакшы болуу – аста-аста, жаман болуу – бир паста. Улууга урмат, кичүүгө ызат.

в) Ким көп окуса, ал көптү билет. Чыныгы достук, жакшы тарбия, жылуу сөз жашоого жардам берет.

**Билип ал!**

> **Мээнетиң катуу болсо,**
> **Татканың таттуу болот.**

## 34-сабак. Окуу сабагы
## Эмне кылыш керек?

АБВГ 1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**тегиздеш керек** – надо выравнивать
**семиртиш керек** – надо удобрять

www.bizdin.kg

**чабыш керек** – надо косить
**тегирмен** – мельница

2. Келгиле, ролдоштуруп окуйлу.

## Нан кайдан келет?

*(Орус эл жомогу)*

Абышка токойдон карышкырга жолугат. Ага нан берет. Карышкырга нан абдан жагат.

**Карышкыр:** Нанды кантип жасайт? Мага үйрөтчү.

**Абышка:** Жерди айдаш керек.

**Карышкыр:** Анан жесе болобу?



**Абышка:** Жок. Андан кийин жерди тегиздеш керек.

**Карышкыр:** Анан жесе болобу?

**Абышка:** Жок. Андан кийин жерди семиртиш керек. Анан үрөн себиш керек. Буудай чыкканча күтүш керек. Анан чабыш керек. Тегирменге жеткириш керек. Ун чыгарыш керек. Ундан нан жасаш керек. Анан гана барып жеш керек.

**Карышкыр:** Мунун жумушу көп тура. Нансыз жашап келгем. Нансыз жашай берем.

3. Эмне кылыш керек?

**Нан кантип келет?**

Биринчи – жерди айдаш керек.
Экинчи – жерди тегиздеш керек.
Үчүнчү – жерди семиртиш керек.
Төртүнчү ______________________________.
Бешинчи ______________________________.
Алтынчы ______________________________.
Жетинчи ______________________________.
Анан ______________________________.

www.bizdin.kg

4. Келгиле, сүйлөшөлү.

**Равиль:** Алексей, сага жомок жактыбы?
**Алексей:** Ооба, мага абдан жакты. А сагачы?
**Равиль:** Мен эми түшүндүм. Нан жасаш үчүн көп эмгектениш керек экен.
**Алексей:** Эмне үчүн карышкыр нансыз жашайм дейт?
**Равиль:** Эмгек кылбай, даяр тамакка көнгөн тура.
**Алексей:** Ооба, ал жалкоо экен.
*Ар кимиңер өз оюңарды айткыла.*

5. Макалды окуп, маанисин түшүндүргүлө.

1. Адам эмгеги менен даңктуу.
2. Аракет кылсаң – берекет.

**Билип ал!**

**Нан – баарынан улук.**
**Нанды баалай билели.**

**Эсиңе тут!**

**барыш**, **көрүш**, **айдаш** → **керек**

## 35-сабак. Меймандостук

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**меймандос** – гостеприимный
**мейман, конок** – гость
**маанай** – настроение

**кол сунбагыла** – *здесь:* не берите
**тосуп алат** – встречает
**шашпай** – не спеша
**чайнагыла** – прожёвывайте
**үйлөбөгүлө** – не дуйте
**дасторконун жаят** – накрывает на стол

www.bizdin.kg



**2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.**

1. Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?
2. Апаны ким тосуп чыкты?
3. Үйгө келген кишини кантип тосуш керек?

**3. Сылык сөздөрдү эстегиле.**

Кыргыз эли – меймандос эл. «Төргө өтүңүз», «нан ооз тийиңиз» деген сөздөрүнүн мааниси абдан чоң. Үйгө мейман келсе, жакшы маанай менен тосуп алат. Төргө өткөрүп, дасторконун жаят. Дасторконго эң биринчи нанды коёт. Нан – баарынан улук.

1. «Меймандос» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?
2. Дасторконго эң биринчи эмнени коёсуңар?
3. Мейман келсе, кантип тосуп аласыңар?

**4. Билип алгыла.**

**Эмне кылыш (кылбаш) керек?**

1. Үйгө киргенде салам айтып кириш керек.
2. Конокко кечикпей бар... ________________.
3. Кечигип калсаңар, кечирим сурап кир... ___________.
4. Улуулар ала электе дасторконго кол сунба... ___________.
5. Оозуңда тамак болсо, сүйлөбө... _____________.
6. Биреөнүн алдынан тамак алба... _____________.
7. Тамакты шашпай чайна... __________.
8. Ысык тамакты үйлөбө... __________.
9. Кетип жатып ыракмат айтканды унутпа... ___________.

***Конокко баруунун, конок тосуунун дагы кандай эрежелерин билесиңер?***

www.bizdin.kg

5. *-ыңыздар* мүчөсүн улап жазгыла.

Төргө өт… . Нандан ал… .
Конокко келип тур… . Кымыз ичип кет… .
Эртең тойго кел… . Жакшы бар… .

6. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Ү л г ү: тамакты шашпай **ичиш керек.**
Тамак ичерде колду самындап жуу… _________.
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба… __________.
Тамакты шашпай ич… ___________.
Спорт менен машыг… __________.
Буюмдар өз ордунда тур… _________.
Улууларды урматта… __________.
Кичүүлөрдү ыйлатпа… __________.

## 36-сабак. Боорсок кантип жасалат? Кимди? Эмнени?

1. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**ачыткы** – дрожжи
**камыр жууруу** – месить тесто
**өсүмдүк майы** – растительное масло
**чара** – большая чашка

**көтөрүлөт** – поднимается
**унду элеш керек** – надо просеять муку

2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Силер боорсок жасаганды билесиңерби?

**Алтынай:**

– Апакем **боорсокту** сонун жасайт. Мен апама жардам берем. Эң биринчи – **унду** элеш керек. **Камырды** ачыткы менен суугa же сүткө жууруса болот. Маргарин майын кошсо да болот. **Камырды** жакшы жууруш керек. Жылуу жерге коюп, ороп коюу керек. 1–2 сааттан кийин камыр көтөрүлөт. Казанга **өсүмдүк майын** куюп, ысытуу керек.

www.bizdin.kg



Камырды жайып, төрт бурчтуу кылып кесүү керек. Анан аздан салып, майга бышырат. Бышкан **боорсокту** чарага салат. Ысык боорсок менен чай ичебиз.

3. Туурабы?

1. Боорсок жасаш үчүн унду элеш керек.
2. Камырды ачыткы жок эле жууруса болот.
3. Камырды жылуу жерге коюш керек.
4. Боорсок маргаринге бышат.
5. Камырды жайып, анан төрт бурчтуу кылып кесет.

**Кимди? Эмнени?**

| | | |
|---|---|---|
| -ны | баланы | күүнү |
| -ды | атамды | коёнду |
| -ты | Азатты | ташты |

4. Которуп жазгыла.

Надо принести муку. Надо месить тесто. Нельзя оставлять на завтра. Надо приготовить боорсок. Надо муку просеять через сито. Надо налить масло. Надо тесто раскатать. В автобусе нельзя сорить. На уроке надо выключить телефон.

5. Келгиле, ролдошуп окуйлу.

**Нурдин:** Саламатсызбы, эже.
**Сатуучу:** Саламатчылык, келегой, эмне аласың?
**Нурдин:** Нан алат элем. Кандай нан бар?
**Сатуучу:** Кара нан, ак нан, токоч, батон. Сага кандай нан керек?
**Нурдин:** Мага кара нан керек эле. Нан жаңыбы?
**Сатуучу:** Ооба, жаңы эле түштү.
**Нурдин:** Мага тиги кара нанды, бул каймакты бериңизчи.

www.bizdin.kg



**Сатуучу:** Мына, алагой, 52 сом.
**Нурдин:** Ыракмат. Акчаны алыңыз.
**Сатуучу:** Келип тур.

***Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.***

6. *-ны, -ыш* мүчөлөрүн коюп жазгыла.

Жер… семирт… керек. Айткан сөз... уг… керек. Ун… эле… керек. Китептер… таза сакта… керек. Улуу… сыйла… керек. Кичинекейлер… ыйлатпа… керек. Сабак… жакшы оку… керек. Ыр… жатта… керек. Жолдон өтүп жатканда светофор… кара… керек. Бөлмө… таза карма… керек.

## 37-сабак. Мектептин ашканасы
## Кимди? Эмнени?

1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**кенен** – просторный
**көрүнүктүү жерде** – на видном месте
**өзүн алып жүрүү эрежеси** – правила поведения
**тамагыңар таттуу болсун** – приятного аппетита
**таштабагыла** – не бросайте
**чоң танаписте** – на большой перемене

2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Эмненин сүрөтү тартылган?
2. Анда кимдер бар?
3. Алар эмне кылып жатышат?

3. Эмнени? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла.

### Мектептин ашканасы



Биздин мектепте ашкана бар. Ал биринчи кабатта жайгашкан. Ашкана кенен, таза. Көрүнүктүү жерде «Тамагыңар таттуу болсун!» деп жазылган. Ашканада үч ашпозчу иштейт. Тамактарды даамдуу жасашат. Жасаган токочтору абдан сонун. Башталгыч класстардын окуучулары чоң танаписте тамактанышат. Балдар үчүн ашканада өздөрүн кантип алып жүрүү эрежеси жазылган:

1. Ашканага кирерде колуңарды таза жуугула;
2. Ашканага киргенде түртүшпөгүлө;
3. Тамактангандан кийин табагыңарды алып барып койгула;
4. Нанды жерге таштабагыла.

1. Ашкана кандай?
2. Ашканада кимдер иштейт?
3. Алар тамакты кандай даярдашат?

4. *-ны* мүчөсүн коюп жазгыла.

Нан... жерге таштабагыла. Мен кесме... жакшы көрөм. Иним таттуу токоч... жактырат. Аида, чай... берип коёсузбу? Окучулар ыр... жакшы жатташыптыр. Перизат, бул сүйлөм... которо аласыңбы? Малика маселе... тез эле чыгарып койду.

5. Келгиле, сүйлөшөлү.

**Азат:** Саламатсызбы?
**Ашпозчу:** Саламатчылык. Келегой.
**Азат:** Шорпоңуз барбы?
**Ашпозчу:** Бар. Картөшкө шорпо, буурчак шорпо.
**Азат:** Бир табак буурчак шорпо бериңизчи.
**Ашпозчу:** Мына, алагой, нан берейинби?
**Азат:** Бир сындырым нан, бир стакан айран берип коюңузчу.

www.bizdin.kg

**Ашпозчу:** Тамагың таттуу болсун!
**Азат:** Ыракмат.

***Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.***

## 38-сабак. Он эки бир тууган

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**бир тууган** – родные братья (сёстры)
**нур** – луч

**коргойт** – защищает
**биригип** – объединившись

2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Он эки бир тууган болуптур. Биринчиси – январь, экинчиси – февраль, үчүнчүсү – март, төртүнчүсү – апрель, бешинчиси – май, алтынчысы – июнь, жетинчиси – июль, сегизинчиси – август, тогузунчусу – сентябрь, онунчусу – октябрь, он биринчиси – ноябрь, он экинчиси – декабрь. Бири-биринин сөзүн угуп, ынтымактуу экен. Баары биригип жер үчүн, адам үчүн чоң жумуш аткарышат. Бири жерге кар жаадырат, аны сууктан коргойт. Бири жаан чачып, жерди көгөртөт. Бири нурун төгүп, жашылча-жемиштерди бышырат. Адамдар да бул он эки бир туугандай ынтымактуу болсо, көп жумушту биригип бүтүрө алат.

1. Канча бир тууган болуптур?
2. Ирети менен санагыла.
3. Алар кандай экен?
4. Жер үчүн, адам үчүн кандай кызмат кылышат экен?
5. Айларды 4 мезгилге бөлгүлө.
6. Тексттен иреттик сандарды атагыла.

4. *-ы (-сы)* мүчөсүн улап жазгыла.

Арстан – жаныбарлардын эң күчтүү... . Аида – кыздардын эң улуу... . Түлкү – жаныбарлардын эң куу... . Алексей – бир туугандардын кичүү... жана эрке... . Май – он эки бир туугандын эң сулуу... .

**Билип ал!** **Ынтымак бар жерде ырыс бар.**

www.bizdin.kg

# 39-сабак. Кайталоо

**1. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Үйгө келген кишини кантип тосот?
2. «Төргө өтүңүз», «нан ооз тийиңиз» деген сөздөрдүн мааниси кандай?
3. «Меймандостук» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Дасторконго эң биринчи эмнени коёбуз?

**2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

________ айдаш керек. ___________ майдалаш керек. ________ тегиздеш керек. Анан ___________ себиш керек.

Андан кийин __________ керек. __________ тегирменге жеткириш керек. __________ чыгарыш керек. Ундан _________ жасаш керек.

**3. Конокко барганда өзүңөрдү кандай алып жүрөсүңөр? Айтып бергиле.**

**4. Кыргызчага которуп жазгыла.**

Проходите на почётное место.
Отведайте хлеба.
Пейте кымыз.
Приходите ещё.
Счастливо оставаться.

**5. Сүйлөмдөрдүн маанисине жараша мүчөлөрдү толуктагыла.**

Мен боорсок... жакшы көрөм. Идиштер... жууйм, үй... жыйнайм. Камыр... жакшы жууруш керек. Чара... коюу керек. Казанга май... куюш керек. Боорсок... бышырыш керек.

СБ **6. Тапшырмаларды аткаргыла.**

1. Нан жөнүндө кандай макал билесиңер?
2. «Мектеп ашканасы» деген темада сүйлөп бергиле.
3. «Азык-түлүк дүкөнүндө» кырдаалы боюнча сүйлөшкүлө.

# 40-сабак. Кышка даярдык
## Эмне кылып жатат (отурат, турат, жүрөт)?

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**балта** – топор
**көмүр** – уголь
**отункана** – сарай для дров
**отун** – дрова

**араалайт** – пилит
**жарат** – рубит
**кам көрөт** – готовится, заботится

2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?
2. Алар эмне даярдап жатышат?
3. Отунду эмне менен араалап жатышат?
4. Эмне менен жарып жатышат?

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

**Асан:**

– Биз айылда жашайбыз. Кышка **кам көрүп жатабыз**. Айбек байкем экөөбүз отун **араалап жатабыз**. Нурбек байкем балта менен **жарып жатат**. Атам машина менен көмүр **түшүрүп жатат**. Аны баарыбыз отунканага ташыйбыз.

4. Туурабы?

1. Асандар айылда жашашат.
2. Кышка даярданышпайт.

www.bizdin.kg

3. Айбек менен Нурбек отун араалап жатат.
4. Апасы балта менен жарып жатат.
5. Атасы көмүр түшүрүп жатат.
6. Баары аны отунканага ташышат.

**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| | → кам көрүп жатат |
| Эмне кылып жатат? | → араалап жатат |
| | → ташып жатат |

**Эстеп калгыла: келе жатат, бара жатат**

5. Көп чекиттердин ордуна *-ып* мүчөсүн коюп жазгыла.

Отун араала… жатат, балта менен жар… жатат. Үйгө суу ал... келе жатат. Айдай эжем экөөбүз короону шыпыр… жатабыз. Айылга келип таенеме жардам бер… жатабыз. Короодогу гүлдөрдү сугар… жатабыз. Нургүл куурчактын кийимин жуу… жатат. Мен Айгүлдүн туулган күнүнө белек ал… жатам.

6. Бат айткыла.

Араала, балам, араала,
Атаңа бир аз карала.
Сен араалабаганда
Ким араалямак эле?
Сен каралабаганда
Ким караламак эле?

## 41-сабак. Кыш мезгили

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**аба** – воздух
**бир топ** – несколько (много)
**жеңил** – лёгкий, пушистый
**калың** – *здесь:* густой

**карасаң** – посмотри
**учат** – кружится

www.bizdin.kg

2. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Калың → | кар |
| Жеңил | чөп |
| Бир топ | токой |
| Мени | карасаң |
| Аба | учуп түшүп |
| Мышыкты | жатат |
| Жалбырактар | таза |
| Кар | көмүр |
| Бир тонна | оюнчуктар |
| | кишилер |

(Калың → кар, Калың → чөп, Калың → токой)

3. Кайсы тамгалар жок?

| | | |
|---|---|---|
| Калы_ | А_а | к_ _лгып учат |
| Же_ил | к_й_м | |
| Караса_ | к_м_р | |

4. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Кыш мезгили

Мына, кыш да келди. Калың кар жаап, жер **аппак болуп жатат**. Жеңил кар бүртүктөрү абада **учуп түшүп жатат**. Карасаң, кандай сонун! Бир топ балдар эшикте **чуркап жүрүшөт**. Кардан киши **жасап жатышат**. Бакай көздөрүн муздан, оозу-мурдун сабизден, каштарын көмүрдөн жасап жатат. Кар киши жакшынакай болуп калды. Бул кичинекей балдарга белек.

Суроолорго жооп жазгыла.

1. Кар кандай жаады?
2. Жер кандай болуп жатат?
3. Кар жеңилби?
4. Балдар эмне жасап жатышат?

## 42-сабак. Кышкы эмгек

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**өзөн** – река

www.bizdin.kg

**карды күрөйт** – убирает снег
**кышкы чилде** – сорок самых холодных дней зимы
**ташыйт** – переносит
**ыраазы** – довольны

**2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.**



1. Сүрөттө кайсы мезгил тартылган?
2. Кимдерди көрүп турасыңар?
3. Алар эмне кылып жатышат?
4. Арткы планда эмнелер тартылган?
5. Кышкы эмгек эмнеси менен пайдалуу?

**3. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

1. ________ ____________ 25-декабрдан 5-февралга чейин созулат.
2. Ала-Арча ___________ шаардын ортосунан өтөт.
3. Июнь айында малды жайлоого __________ __________.
4. Кышка _________ даярдаш керек.
5. Айбектин жообуна Ольга Павловна _____________ болду.

**4. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

Кышкы чилде. Күн аябай суук **болуп жатат**. Кар катуу **жаап жатат.** Сахиб менен Сухраб короодогу карды күрөп, чарбакка **ташып жатышат**. Фарух сарайдагы малга жем, чөп **салып жатат**. Өзөнгө айдап барып сугарат. Үйгө суу, отун, көмүр **ташып беришет.** Ата-энеси балдарынын эмгегине ар дайым ыраазы.

www.bizdin.kg

**Суроолорго жооп жазгыла.**

1. Кайсы убак?
2. Аба ырайы кандай?
3. Короодогу карды ким тазалап жатат?
4. Малга ким жем, чөп салып жатат?
5. Дагы кандай иштерди аткарышат?

## 43-сабак. Кышкы оюндар

**1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.**

**айрымдары** – некоторые
**дем алыш күн** – выходной день
**дөбө** – горка
**муз аянты** – каток
**тигине** – вон

**башына кийгиздик** – надели на голову
**колуна карматтык** – дали в руки

**2. Үлгү боюнча толуктагыла.**

Ү л г ү: Балдар музда ойно… __________.
Балдар музда ойноп жүрүшөт.
**Наташа:**
– Бүгүн дем алыш. Антон байкем достору менен муз аянтында жүрүшөт. Алар хоккей ойно… ________, конькини жакшы тебишет. Биз



www.bizdin.kg

айылдын четиндеги дөбөгө бар... ____________. Балдар аябай көп экен. Айрымдары чана тээ... ___________. Тигине, Тимур менен Айжан лыжа тээ... _______________. Айбек, Зарина үчөөбүз кардан киши жаса... ____________. Сабина колуна шыпыргы кармат... ______________. Медер башына чака кийгиз... _______________. Кар киши сонун болуп калды.

1. Наташалар кайда бара жатышат?
2. Антон достору менен кайда жүрөт? Алар эмне кылып жүрүшөт?
3. Балдардын айрымдары эмне кылып жүрүшөт?
4. Кимдер кар киши жасап жатышат?
5. Сабина менен Медер эмне кылып жатышат?
6. Кар киши кандай болуп калды?

**3. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.**


айкүр


таа


чик


бөк



1. Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Бул оюн эмне деп аталат, билесиңерби?

**4. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.**

**кан** – хан
**талап алышат** – быстро разбирают
**топтойт** – набирают
**чачканда** – при разбрасывании
**чүчүкулак** – жребий
**экиден атып** – выбивают по два (альчики)

www.bizdin.kg

4. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Кан таламай оюну

***Оюндун шарты:***

Катышуучулар эки топко бөлүнөт. Башчылары чүчүкулак кармашат. Биринчи топ оюнду баштайт. 20–30 чүкө алынат. Бир чүкө (башка түстөгү чүкө) кан болот. Баарын чачканда кан таа турса, катышуучулар талап алышат. Канды талап алган тарап оюнду улантат. Таа турбаса, чүкөлөрдү экиден атып топтойт. Үчүнчүдөн кийин канды атып алуу керек.

5. Силер кышында кандай оюндарды ойнойсуңар?

**Эсиңе тут!**

| Жекелик санда | Көптүк санда |
|---|---|
| Мен ойноп жатам | Биз ойноп жатабыз |
| Сен ойноп жатасың | Силер ойноп жатасыңар |
| Сиз ойноп жатасыз | Сиздер ойноп жатасыздар |
| Ал ойноп жатат | Алар ойноп жатышат |

## 44-сабак. Кайталоо

1. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Кар катуу ________________________. | жаап жатат |
| Айлана __________________. | жасап жатышат |
| Аяна менен Аскар __________________. | аппак болуп жатат |
| Балдар кар киши ________________. | ойноп жатат |
| Сабина көздөрүн __________________. | чана тээп жатышат |
| Медер оозу-мурдун сабизден _____________. | боёп жатат |
| Кубат эжеси менен кан таламай ____________. | жасап жатат |

2. Эмне кылып жатышат?

Спортчулар мектептин ашканасынан тамактан… . Окуучулар олимпиадага жакшы кам көр… . Баары кан таламай ойно… . Балдар тамактанардан мурда колдорун жуу… . Алина менен Вова сабакка жакшы даярдан… . Бийчилер улуттук кийимдерди кий… . 4-класстын окуучулары тарых музейине бар… .

www.bizdin.kg

**3. Каталарын оңдоп жазгыла.**

Биз дем алыш күнү музга барышты. Чоң балдар коньки тээп жатабыз. Саша лыжа алып келатышат. Айдин кар киши жасашты. Башына чака кийгиздик. Сахиб менен Сухраб короодогу карды күрөдүңөр. Алар күнүгө сарайдагы малга жем, чөп салабыз. Биринчи команда оюнду баштайсыздар.

**4. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Кан таламай оюнунда канча команда катышат?
2. Чүкөлөр канча болуш керек?
3. Кайсы учурда чүкөнү талашат?
4. Канды канча чүкөдөн кийин атып алуу керек?

**5. Ырды көркөм окугула.**

### Музда

Тайгаланып жыгылып,
Күлүп жатат Жайна.
Чана менен бөбөгүн
Сүйрөп жүрөт Айна.
Бир конькичен сороктоп
Чуркап барат Майра:
– Туруп тепсем баары бир
Жыгылам деп кайра –
Отуруп алып муз тебет
Томпоңдогон Сайра.

*Т. Кожомбердиев*

**сороктоп** – *здесь:* одна
**туруп тепсем** – если буду кататься стоя
**томпоңдогон** – неуклюжая



www.bizdin.kg

# 45-сабак. Жаныбарларга камкордук Кимге? Эмнеге?

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**камкордук** – забота
**тыйын чычкан** – белка

**бутактан** – с ветки
**кубанып** – радуясь

Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул сүрөт кайсы мезгилди баяндайт?
2. Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?
3. Алар эмне кылып жатышат?

2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Анвар:**

– Күн суук. Кар да жаап жатат. Алексей экөөбүз сабактан чыгып, **паркка** келдик. Кичинекей досубуз бактан түшүп, бизге чуркап келди. Биз **тыйын чычканга** жаңгак чагып бердик. Жаңгакты тез-тез жеп, бутактан **бутакка** секирип, **кара жыгачка** чыгып кетти. Биз аны кубанып карап турдук.

Суроолорго жооп жазгыла.

1. Анвар менен Алексей кайда барышты?
2. Балдар паркка эмнеге барышты?
3. Силер кайсы жаныбарларга кандай камкордук көрсөтөсүңөр?

www.bizdin.kg

3. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.

Эсиңе тут!

| Кимге? Эмнеге? | | |
|---|---|---|
| -га | ырчыга | хоккейге |
| | Осмонго | чүкөгө |
| -ка | учкучка | тешикке |
| | доско | көлчүккө |

Ү л г ү: Аяна ырчыга гүлдесте берип жатат.

4. Ырды жаттап алгыла.

**Көгүчкөн**

Кызыл жардын боорунда,
Көк көгүчкөн көп ойнойт.
Көргөн сайын баксам дейм,
Кармайм десем түк болбойт.
Алдынан туруп жем чачсам,
Жакын келип бир койбойт.

*К. Эсенкожоев*

**жардын боорунда** – на обрыве
**түк болбойт** – совсем не годится

## 46-сабак. Жаңы жыл

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.

**бака-шака** – шум
**жасалга** – украшения
**желекче** – флажок
**жылдыз** – звезда
**күлкү-шат** – веселье
**чокусу** – верхушка

2. Жаңы жылга тиешелүү сөздөрдү тапкыла.

Балаты, ишкер, каарман, Аяз ата, жасалга, белек, оюнчук, бака-шака, ат чабыш, кан таламай, Аяз кыз, майрам, жылдыз, күлкү-шат, ыр-бий.

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

**Жаңы жыл**

Балдар бул майрамды көпкө күтүштү. Мына, декабрдын аягы да болуп калды. **Үйгө** жакшынакай балатыны алып келишти. Балдар аны

www.bizdin.kg



коодой башташты. **Балатыга** желекчелер, оюнчук коён, түлкү, мамалактар жана башка жасалгалар илинди. Чокусунда жылдыз жаркырайт. Балаты эң эле кооз болуп калды. **Балдарга** абдан жакты. Үйдө бака-шака, күлкү-шат.

**4. Туурабы же туура эмеспи?**

1. Балдар Жаңы жылды аябай күтүшөт.
2. Үйгө балатыны алып келишкен жок.
3. Аяз ата менен Аяз кыз балатыны коздой башташты.
4. Анын бутактарына момпосуйлар илинди.
5. Чокусунда жылдыз жаркырайт.
6. Жаңы жылда бака-шака, күлкү-шат.

**5. Ырды көркөм окугула.**

### Жаңы жылдык ыр

Аяз ата шашылып,
Сапырылтат ак карды.
Кетемин деп эски жыл
Коштошууга аз калды.
Келип бизге жаңы жыл
Достошууга аз калды.
Эски кетип, жаңыга
Орун берет турбайбы.
Кош, эски жыл,
Кел, жаңы жыл,
Тегеренип ырдайлы.

*Ж. Бекниязов*



**сапырылтат** – вьюжит
**орун берет** – уступает

# 47-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Кышка тиешелүү сөздөрдү тапкыла, сүйлөм түзгүлө.**

Отун, чана, кар киши, ат чабыш, жаңы жыл, каарман, кар бүртүктөрү, буудай, көчөт, жөөк, үрөн, балаты, кар күрөйбүз, жем-чөп, көмүр, чилде.

**2. Туурабы же туура эмеспи? Туура берилген сүйлөмдөрдү жазгыла.**

Кан таламай – улуттук оюн.
Ат чабышта чүкө ойношот.
Кышкы чилде – 20 күн.
Майрамда бака-шака, күлкү-шат.
Кышында малга жем-чөп салабыз.
Кышка отун, көмүр даярдайбыз.
Кышында кой, эчкилер отунканада болушат.

**3. Каталарын тапкыла.**

«Кан таламай» оюну. Катышуучулар эки командага бөлүнөсүздөр. Башчылары чүчүкулак кармайсыңар. Биринчи команда оюнду баштайм. 20–30 чүкө алынасың. Бир чүкө кан болосуң. Кан таа турса, катышуучулар талап алам. Канды талап алган тарап оюнду улантасыз. Таа турбаса, чүкөлөрдү экиден атып топтойбуз. Үчүнчүдөн кийин канды атып алуу керек.

**4. Кластер түзгүлө.**



Кышкы эмгек



Кышкы оюндар

**5. Жаңы жылга карата кандай кам көрүп жатасыңар? Айтып бергиле. Сүрөт тарткыла.**

# 48-сабак. Кайталоо

1. Кышка тиешелүү сөздөрдү тапкыла.

Жаңы жыл, балаты, калың кар, аппак, буудай, кар киши, үрөн, суук, жөөк, жылдыз, жер айдалат, отун, көмүр, көк чөп, чана, муз, чилде, тебетей, элечек.

2. Суроолорго жооп бергиле.

1. Силер кайсы майрамды күтүп жатасыңар?
2. Үйгө балаты койдуңарбы?
3. Кандай жасалгаларды илдиңер?
4. Бул майрамдын коноктору кимдер?
5. Майрам кандай өтөт?

3. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Биз айылда ___________. Азыр _________ ________, күн суук.
Атам машина менен ________ түшүргөн.
Аны баарыбыз ___________ ташыдык.
Жаңы жылга __________ убакыт калды.
Үйгө ________ коюп, ар кандай __________ илдик.
Чокусунда ___________ жаркырайт.
Үйдө бака-шака, _______________.

*Керектүү сөздөр:* жылдыз, күлкү-шат, балаты, аз, жашайбыз, кыштын чилдеси, отунканага, оюнчуктарды, көмүр.

4. Сүйлөм түзгүлө.

Дем алыш, болчу, кечээ. Досторум, муз аянтына, менен, бардык. Досторум, ойношот, хоккей, жакшы, конькини, тебишет. Айылдын дөбөсүндө, аябай, көп, балдар, экен. Айрым, чана, балдар, тээп жүрүшөт. Кар, тигине, киши. Шыпыргы, колунда, чака, башында. Кар, сонун, киши, болуп калды.

5. Тест.

**1. Дасторконго биринчи эмне коюлат?**
а) май б) нан в) эт

**2. Үйгө келген кишини кантип тособуз?**
а) «келиңиз, төргө өтүңүз», «нан ооз тийиңиз»

www.bizdin.kg

б) «жакшы калыңыз», «колуңарды жуугула»
в) «амансызбы», «нанды жерге таштабагыла»

**3. Кышында эмне кылабыз?**
а) от жагабыз, кар күрөйбүз, малга чөп салабыз, муз тебебиз
б) кышка даярдык көрөбүз, отун түшүрөбүз, жер айдайбыз
в) жерди тегиздейбиз, жайлоодо эс алабыз, бакты сугарабыз

**4. Катасын тапкыла.**
а) Дем алыш күнү муз аянтына бардыбыз.
б) Алексей менен Вадим кар күрөштү.
в) Кар кишинин башына чака кийгизишти.

**5. Кыргыз элинин улуттук оюндары кайсылар?**
а) кан таламай, ат чабыш, ак терек, көк терек
б) мышык-чычкан, көз таңмай, кубалашмак
в) жашынмак, жоолук таштамай, алтын шакек

**6. «Кыш мезгили» деген темада сүйлөп бергиле.**

Азыр кыш чилдеси. Күн суук...

# 3-чейрек

## 49-сабак. Кайталоо

1. *-ыш* мүчөсүн коюп окугула.

Улуу кишилерге салам бер... керек. Ата-энеге жардамдаш... керек. Жакшы окуп, тартиптүү бол... керек. Кышка эрте даярдан... керек. Сабакка кечикпей кел... керек. Тамакты шашпай ич... керек. Нанды жерге таштаба... керек. Таштандыны ар кайсы жерге калтырба... керек. Берилген тапшырманы так аткар... керек.

2. *-дан (-нан)* мүчөсүн коюп жазгыла.

Сабактан чыгып, Манас көчөсү... өттүм. Асан үйү... мектепке чейин жөө келет. Бишкек шаары... эртең менен чыгып, Суусамырга түштө келдик. Атам кечээ Москва шаары... учуп келди. Биз «Жеңиш» аянты... өтүп бара жатабыз. Дарыларды «Заман» дарыканасы... алдыңбы? Олимпиадага Таш-Дөбө мектеби... 15 окуучу катышат. Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театры... көп эл чыгып жатат.

3. Сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| көк | чөп |
| жеңил | токой |
| көп | уксаң |
| мени | учуп түшүп жатат. |
| аба | таза |
| музыканы | көмүр |
| жалбырактар | оюнчуктар |
| сонун | кишилер |

4. Толуктап жазгыла.

1. Ырыс алды – ________________.
2. Нан баарынан ________________.
3. ________ окуп, _________ жүрүшүм – элиме ___________ үлүшүм.
4. Нанды _____________ билели.
5. Ат чабыш – кыргыз элинин _____________ оюну.
6. Тамагыңар ____________ болсун!

5. **Ким көп макал билет?** (эки топ эстафета оюнун өткөрүшөт)

# 50-сабак. Калый Молдобасанов
# Эмне кылган? Эмне болгон?

**1. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**



Калый Молдобасанов – кыргыз элинин белгилүү композитору. Анын атасы ырчы, комузчу, манасчы **болгон**. Ал атасынан комуз черткенди **үйрөнгөн**. К. Молдобасанов музыкалык окуу жайын, андан кийин Москва консерваториясын **бүтүргөн**. Анын көптөгөн симфониялык музыкасы, ырлары, балдарга арналган чыгармалары бар. Кыргыз Республикасынын Гимнинин музыкасын жазууга да **катышкан**.

1. Калый Молдобасанов ким болгон?
2. Атасы ким эле?
3. Атасынан эмнени үйрөнгөн?
4. Кайсы окуу жайларын бүтүргөн?
5. Кандай чыгармалары бар?

**2. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.**

**байкоо** – наблюдать
**булбул** – соловей
**кайгылуу** – грустный, печальный
**кыймыл** – движение

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Эмне кайгылуу болот?
2. Кыймыл кандай болот?
3. Күзгү токойдон эмнени байкоого болот?
4. Ат чабышта эмненин дүбүртү угулат.
5. Булбулдун сайрашы жагабы?

www.bizdin.kg

3. Ролдошуп окугула.

**Сүйлөшүү**

– Аида Муратовна, музыка жөнүндө айтып бересизби?

– Айтып берейин. Музыкалык чыгармалар адамдын мүнөзүндөй ар түрдүү болот.

– Алардын кандай окшоштугу бар?

– Адамдын мүнөзү кандай болот, билесиңби?

– Эр жүрөк, коркок, шайыр, орой, назик …

– Азаматсың. Музыкалык чыгармалардын да бири шайыр болсо, экинчиси кайгылуу болот.

– Дагы эмне айтып бере аласыз?

– Музыкадан ар кандай кыймылды да байкоого болот.

– Кандайча?

– Адамдын басканын, аттардын дүбүртүн, поезддин жүрүшүн, бул-булдун сайраганын, суунун акканын. Музыка жаратылышты да сүрөт-төп бере алат.

4. Суроолорго жооп жазгыла.

1. Адамдын мүнөзү кандай болот?
2. А музыкалык чыгармаларчы?
3. Музыка дагы эмнени сүрөттөп көрсөтө алат?
4. Ал жөнүндө дагы эмне билесиңер?

**Эсиңе тут!**

**бийле**
**ырда** → **-ган (-кан)**
**үйрөн**

## 51-сабак. Комуз

1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.

**аракет кылат** – будет стараться
**байыркы** – древний
**жагымдуу** – приятный
**музыкалык аспап** – музыкальный инструмент
**мукам** – мелодичный

2. Ролдошуп окугула.



**Наташа:** Нурдин, комуз жөнүндө айтып берчи.
**Нурдин:** Комуз – кыргыз элинин эң байыркы музыкалык аспабы.
**Наташа:** Анын үнү кандай?
**Нурдин:** Үнү мукам, жагымдуу.
**Наташа:** Мен комузда ойногонду үйрөнгүм келет.
**Нурдин:** Комузда ойноо өтө татаал, кааласаң үйрөтөйүн.
**Наташа:** Мен аракет кылам. Көптөн бери кызыгып жүрөм.

*Силер комуз жөнүндө эмне билесиңер?*

3. Этиштердин терс формасын жасагыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ырда<br>Ойно<br>Үйрөн<br>Үйрөт<br>Айтып бер | ырдаба | Аракет кыл<br>Көрсөт<br>Булга<br>Ташта<br>Сура | |

4. *-ган* мүчөсүн улап жазгыла.

Болот Миңжылкиев белгилүү ырчы бол... .
Комуз черткенди атам үйрөт... .
Ал оркестрде дирижёрлук кыл... .
Бул балет-спектаклдин музыкасын К. Молдобасанов жаз... .
«Шаттык» ансамблинин концерти май айында бол... .

www.bizdin.kg

5. Көркөм окугула, жаттагыла.

### Комузчу



Ой, комузчу, комузчу,
Чертип койчу комузду.
Элжиресин эт жүрөк,
Бийик чыгар добушту.
Муратаалы чал тарткан,
«Сынган бугу», «Камбаркан».
Ушул сонун күүлөрдү
Уккан жандар таң калган.
Ойго келбейт убайым,
Оюнуңа тунайын,
Токтогулдун «Ботоюн»
Чертип койчу угайын.

*Т. Үмөталиев*

## 52-сабак. Театр

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**ийрим** – кружок
**имарат** – здание
**окуя** – событие
**өзгөчө** – особенный
**өзгөрдү** – изменился
**өнүгүү** – развитие

Бийик → имарат
Бетон → имарат
Эки кабаттуу → имарат

өзгөчө → күндөр
өзгөчө → ____________
өзгөчө → ____________

бүгүнкү → окуя
____________ → окуя
____________ → окуя

аба ырайы → өзгөрдү
____________ → өзгөрдү
____________ → өзгөрдү

байыркы → Египет
байыркы → ____________
байыркы → ____________

хор → ийрими
____________ → ийрими
____________ → ийрими

www.bizdin.kg

илимдин → өнүгүшү
_________ → өнүгүшү
_________ → өнүгүшү

**2. Эмне кылган? Эмне болгон? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тапкыла.**

## Театр

Театр – спектакль болуучу имарат эле эмес. Театр – искусствонун өзгөчө түрү. Анда окуяны турмушта болуп жаткандай көрсөтөт. Алгач театр Байыркы Грецияда жаралган. Андан бери театр абдан өзгөрдү. Ал адамдын турмушунда маанилүү орунду ээлейт.

Кыргыз театрынын тарыхы 1925-жылдан башталат. Ошол жылы биринчи драма ийрими Пишпек педтехникумунда уюшулган. Бул ийримде А. Малдыбаев, К. Жантөшев, А. Куттубаевдер иштешкен. Алар кыргыз театрынын өнүгүшү үчүн зор эмгек кылышкан.



**3. Туурабы же туура эмеспи?**

1. Театр – имарат.
2. Театр – искусство.
3. Ал Байыркы Египетте жаралган.
4. Кыргыз театры 1995-жылы түзүлгөн.
5. К. Молдобасанов – белгилүү композитор.

*Бишкекте кандай театрлар бар, билесиңерби?*

**4. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

1. Театрдын __________ Абдумомунов көчөсүндө жайгашкан.
2. Бүгүн мен үчүн _________ күн.

www.bizdin.kg

3. Бишкек акыркы 10 жылдан бери аябай ___________.
4. Спектаклдеги _______ 1995-жылы болгон.
5. Мектебиңерде драма __________ барбы?

*Керектүү сөздөр:* өзгөрдү, өзгөчө, ийрими, имараты, окуя.

**Билип ал!**

**Абдылас Малдыбаев** → **Калый Молдобасанов** → **Насыр Давлесов** → **белгилүү композиторлор**

## 53-сабак. Цирк

1. Сөздөрдү угуп, кайталагыла.

**оюн** – игра, представление

**ат үстүндөгү оюндар** – игры на коне
**көрсөтүп турушат** – представляют
**сакталып келген** – сохранились

Сөз айкаштарын түзгүлө.

Иттерди / Аттарды / Аюуларды → _______

Театрда / Циркте / Клубда → ________ болот

Спектакль / Балет / Кино → _____ ____

Ат үстүндөгү / Муз үстүндөгү / Шар үстүндөгү → __________

Тарых / Эстеликтер / Оюндар → ________ _________

2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Алар кандай мүчөлөр?

### Цирк

Цирк – эң байыркы **өнөрлөрдүн** бири. Майрам күндөрү **акробаттар**, жаныбарларды үйрөтүүчүлөр оюн көрсөтүшчү. Мындай оюндар ушул күнгө чейин сакталып келген.




Кыргыз элинин **улуттук** оюндарында да цирктин элементтери болгон. Мисалы, ат үстүндөгү оюндар; **иттерди, аттарды, куштарды** үйрөтүү. 1962-жылы кыргыздын биринчи цирк труппасы түзүлгөн. Кыргыз циркинин имараты Бишкектин Фрунзе көчөсүндө жайгашкан. Анда кыргыз циркинин артисттери өз өнөрлөрүн көрсөтүп турушат.

❓
1. Цирк – байыркы өнөрбү?
2. Майрамдарда кандай оюндар көрсөтүлчү?
3. Кыргыз элинин кайсы оюндарында цирктин элементтери бар?
4. Кыргыздын биринчи цирк труппасы качан түзүлгөн?

**3. Сүйлөм түзгүлө.**

Оюн, аянтта, акробаттар, көрсөтүштү, кечээ.
Көп, ат оюндарында, элементтери, цирктин.
Бишкекте, цирки, гастролдо, Москва, болушту.
Мага, аябай, жолборстордун, жакты, оюну.
Биринчи, цирктен, пилди, жолу, көрдүм, жакындан.

**Билип ал!**

**Дүйнөдөгү бардык цирк арендары бирдей өлчөмдө болот.**

***Себеби эмнеде? Билесиңерби?***

**Эсиңе тут!**

**Эмнелерди?** → **иттерди**, **куштарды**, **аттарды**

www.bizdin.kg

4. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.

Куштар... үйрөтүү – илгертен калган өнөр. Чоң энем калпак... тигип, мага кийгизди. Стадиондон ат үстүндөгү оюндар... көрдүк. Байгелүү орун... кайсы ат ээледи? Музейден байыркы буюмдар... , улуттук кийимдер... , сүрөттөр... көрдүк.

## 54-сабак. Тарых музейи

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.

**дүйнө таануу** – мировоззрение
**заңгыраган** – огромный
**тарых** – история

**кеңейтет** – расширяет
**сакталуу** – хранятся

2. Сүрөттөрдөгү буюмдарды атагыла.








www.bizdin.kg

3. Схемаларды толуктагыла.

Мрамордон → салынган имарат. Заңгыраган → музей
___________ → салынган имарат. Заңгыраган → ___________
___________ → салынган имарат. Заңгыраган → ___________

Элдин → тарыхы
___________ → тарыхы
___________ → тарыхы

Сүрөттөр → сакталуу
___________ → сакталуу
___________ → сакталуу

Кругозорун → кеңейтет
___________ → кеңейтет
___________ → кеңейтет

мекен → таануу
дүйнө → таануу
искусство → таануу

4. Улуттук буюмдарды атагыла.

## Музей

«Ала-Тоо» аянтында заңгыраган мрамор имарат турат. Бул – тарых музейи. Анда кыргыз элинин тарыхы боюнча сүрөттөр, документтер сакталуу. Ошондой эле байыркы буюмдар, кийимдер да бар. Мисалы: боз үй, ала кийиз, шырдак, саймалар, аялдардын жана эркектердин улуттук кийимдери. Ат жабдыктары, кыздардын сөйкөлөрү, шакектери, билериктери. Мунун баарын элдик кол өнөрчүлөр жасашкан.

Балдар, мындай музейлер силердин дүйнө таануунардарды кеңейтет. Билимдүү болушуңарга чоң жардам берет.



5. Суроолорго жооп жазгыла.

1. Тарых музейи кайда жайгашкан?
2. Анда эмнелер сакталуу?
3. Кандай буюмдар бар?
4. Аларды кимдер жасашкан?
5. Музейлердин бизге кандай жардамы бар?

6. Керектүү сөздөрдү койгула.

Улуттук китепкананын имараты __________ __________. Балдар, көп окугула, китеп силердин ________ таануунарды кеңейтет. Концерт филармониянын ____________ залында өттү. Музейде илгерки буюмдар _____________. Байыркы дүйнөнүн ___________ абдан кызыктуу.

## 55-сабак. Кайталоо

1. Туурабы же туура эмеспи?

1. Калый Молдобасанов – кыргыз элинин белгилүү сүрөтчүсү.
2. Ал атасынан комуз черткенди үйрөнгөн.
3. Москва мамлекеттик университетин бүтүргөн.
4. Анын балдарга арналган чыгармалары бар.
5. Мамлекеттик Гимндин музыкасын жазууга катышкан.

2. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

Мектеп – **бетондон салынган** 4 кабаттуу имарат.
Бул **тарых** музейи.
Анда **эски** буюмдар, **улуттук** кийимдер сакталуу.
Айылдын ортосунда **заңгыраган** китепкана турат.
Ипподромдо **улуттук** оюндар болуп жатат.
Буларды **таланттуу** кол өнөрчүлөр жасашкан.

3. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Театр – | жаралган. |
| Алгач Байыркы Грецияда | 1925-жылдан башталат. |
| Кыргыз театрынын тарыхы | искусствонун өзгөчө түрү. |
| Комуз – | кыргыз элинин улуттук аспабы. |
| Абдылас Малдыбаев – | залкар композитор. |
| Калый Молдобасанов жөнүндө | белгилүү балерина. |
| Бүбүсара Бейшеналиева – | уктуң беле? |

**4. Сүйлөм түзгүлө.**

1. Театрда, бүгүн, «Бугу эне», болот экен, оюну.
2. Оюндар, үстүндөгү, кызыктуу, ат, өтөт.
3. Театрда, көрсөтүп турушат, спектаклдерди, жакшы.
4. Аябай, мага, муз, бий, үстүндөгү, жагат.

**5. Келгиле, ролдошуп окуйлу.**

– Алтынай, бүгүн телевизордо «Айкөл Манас» спектакли болот.
– Көрүш керек экен. Кайсы театр коюптур?
– Кыргыз драма театры койгон.
– Режиссёру ким экен?
– Б. Ибраев деген режиссёр койгон. Мен аны китептен окугам.
– А Манастын ролун ким ойнойт?
– Манастын ролун Күнболот Досумбаев ойногон.
– Саат канчада болот?
– Кечинде, саат 19да.

## 56-сабак. Сыйкырдуу жашылчалар Кимден? Эмнеден?

**1. Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Сүйлөшкүлө.**



**2. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзүп жазгыла.**

**сүйрү** – продолговатый
**сыйкырдуу** – волшебный
**төрт бурчтуу** – четырёхугольный
**үч бурчтуу** – треугольный

**3. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

Бир күнү апам **базардан** жашылчаларды алып келди. Аларды жууп, тазалап бизге кайрылды.

– Азыр **помидордон**, **бадыраңдан** салат жасайбыз. Булар аркылуу формаларды үйрөнөбүз, – деди.

– Мына, помидор. Ал тоголок. Бул бадыраң. Ал сүйрү.

Ошол убакта атам кирип келди. Ал **бизден** сурай баштады:

– Жумуртканын формасы кандай?

– Сүйрү, – дедим мен.

**Бакайдан** дасторкондун формасын сурады.

– Төрт бурчтуу, – деп жооп берди.

**Аселден** дарбыздын формасын сурады.

– Тоголок, – деп жооп берди.

– О-о, формаларды жакшы билип алган турбайсыңарбы, – деп бизди мактады.

1. Балдардын апасы базардан эмне алып келди?
2. Помидордон, бадыраңдан эмне жасашты?
3. Жашылчалардын формалары кандай?
4. Атасы балдарына эмне деди?

**4. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

Чоң энем ________ бадырак жасайт. ____________ жасалган компотту жакшы көрөсүңбү? Жеңил салат ____________, ____________, ____________, ____________, ____________, ____________, жасалат. __________ уруксат сурадыңбы? Жолон Мамытовдун китебин ____________ алдым. ____________ жаңылыктарды окудуңузбу?

| **Кимден? Эмнеден?** **-дан** | |
|---|---|
| апамдан | сабизден |
| айдоочудан | жүгөрүдөн |
| Аскаттан | мышыктан |
| коноктон | өрүктөн |

*Керектүү сөздөр:* газетадан, апаңдан, жүгөрүдөн, шабдалыдан, помидордон, бадыраңдан, пияздан, эжемден.

www.bizdin.kg

5. Геометриялык фигураларды атагыла. Алардын канча жагы, канча бурчу бар?



6. Табышмактын жандырмагын тапкыла.

Тоголок болуп көрүнгөн,
Топуракка көмүлгөн.
Нан ордуна колдонуп,
Курсакты бат тойдурган.

## 57-сабак. Окуу сабагы

1. Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү атагыла.

### Чарбак

Бул чарбак. Чарбакта жашылчалардын ар кандай түрлөрү өсөт. Мына, пияз, ал ачуу. Бул жерде таттуу калемпир өсөт. Анын түсү жашыл, сары, кызыл. Калемпирди салатка да кошот. Мына, сабиз, ал саргыч. Ал таттуу жана пайдалуу. Сабиздин жанында картөшкө, капуста өсөт. Алардан тамактын көп түрлөрүн жасаса болот. Аркы жээктегү – бадыраң, помидор.

Жашылчаларда витаминдер көп. Алар ден соолукка абдан пайдалуу.





www.bizdin.kg

1. Жашылчалар кайда өсөт?
2. Жашылчалардын кандай түрлөрүн билесиңер?
3. Алардын түсү, даамы кандай?
4. Эмнеден салат жасайсыңар?
5. Борщ эмнеден жасалат?
6. Жашылчалардын ден соолукка пайдасы барбы?

**2. Кимге эмне жагат?**

| | Апама | Атама | Досума | Мага |
|---|---|---|---|---|
| Жашылчалардан<br>Жемиштерден | | | | бадыраң<br>алма |
| **жагат** | | | | |

Ү л г ү: Апама жашылчалардан бадыраң жагат, жемиштерден шабдалы, кара өрүк жагат.

**анткени** – потому что
**зыяндуу** – вредный
**өлтүрөт** – убивает
**тарайт** – распространяется
**турбайбы** – оказывается

**3. Ролдошуп окугула.**

– Фархад, билесиңби, эмне үчүн пиязды аарчыганда көздөн жаш чыгат?
– Жок, эмне үчүн?
– Анткени пиязды аарчыганда эфир майлары абага тарайт.
– Эфир майлары?
– Ооба, алар зыяндуу бактерияларды өлтүрөт.
– Түшүндүм. Апам пияз, сарымсак грипптен сактайт дейт. Демек, эфир майлары турбайбы.
– Жашылчаларда ар кандай витаминдер көп. Алар ден соолукка абдан пайдалуу.

**4. Сүйлөм түзгүлө.**

Грипптен, сактайт, эмнелер?
Ден соолукка, пайдасы, кандай, анын, бар?
Көздөн, эмнени, жаш, чыгат, аарчып жатканда?

www.bizdin.kg

Эфир, зыяндуу, майлары, өлтүрөбү, бактерияларды?
Жыты, тарайбы, абага?

5. Табышмактын жандырмагын тапкыла.

Жашыл шайы оронот,
Өзү топтой тоголок.
Ичи чоктой албырат,
Жесең суусун кандырат.

*Ч. Иманалиев*

**шайы** – шёлковая ткань
**чоктой албырат** – краснеет как пламя
**суусун кандырат** – утоляет жажду

## 58-сабак. Окуу сабагы. Бадыраң менен капуста

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**шашма** – торопливый

**атыр** – духи, одеколон
**бүдүрөйүп чыгат** – появились пупырышки
**ошондон бери** – с тех пор
**тез-тез** – быстро
**чечинет** – раздевается

2. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Бадыраң менен капуста

Илгери бадыраң менен капуста жакшы достор экен. Бир күнү суугa түшкөнү көлгө барышат. Барар менен шашма бадыраң тез-тез чечинип, сууга «чулп» этип кирип кетет. А капуста болсо кийимдерин чечип бүтө



www.bizdin.kg

албайт. Кеч кирет. Бадыраң суyда үшүп кетет. Денеси бүдүрөйүп чыгат. Капуста болсо дагы деле чечинип бүтө элек.

Ошондон бери бадырандын денеси бүдүрөйүп калыптыр.

1. Бадыраң менен капуста кайда барышты?
2. Бадыраң кандай экен?
3. Ал эмне кылды?
4. А капустачы?
5. Бадыраң кандай болуп калды?

**3. Сүйлөшүүнү уланткыла. Жашылча-жемиш дүкөнүндө.**

– Саламатсызбы?
– Саламатчылык, келиңиздер… Эмне каалайсыздар?
– Помидор, бадыраң жаңыбы?
– …

**4. Сүйлөм түзгүлө.**

1. Бадыраң, достор экен, капуста, менен, жакшы.
2. Барышат, алар, суyга түшкөнү, көлгө.
3. Шашма, бадыраң, экен.
4. Ал, этип, кирип кетет, суyга, «чулп».
5. Кирет, кеч.
6. Бадыраң, үшүп, суyда, кетет.

**5. Ырды жаттап алгыла.**

Жамгыр, жамгыр, жаай түш,
Жашыл бакчам суусады.
Жамгыр, жамгыр, жаай түш,
Бадыраңым барсайсын,
Помидорум тарсайсын,
Сабизимдин саамайы
Салкын желге жайкалсын.

*Б. Сарногоев*

**жайкалсын** – пусть развевается

**6. Кызык экен, билип ал.**

Францияда картөшкөнү «жер алма» дешет экен.
Картөшкөдөн боёочу лактар, атырлар, ар түрлүү дарылар жасалат.

***Дагы эмнеден кандай заттар алынат, билесиңерби?***

www.bizdin.kg

# 59-сабак. Жемиш багы

1. Сөздөрдү кайталагыла, сүйлөм түзгүлө.

**бийиктик** – высота
**дарылык касиети** – целебные свойства
**жагымдуу** – приятный
**капчыгай** – ущелье
**ширелүү** – сочный

2. Белгиленген сөздөргө суроо бериле.

## Өрүк

Кыргызстанда өрүк көп өсөт. Анын мекени – Баткен, Ысык-Көл. Өрүктүн бийиктиги беш метрге чейин жетет. Ак-кызгылт болуп гүлдөйт. Даамдуу, ширелүү, жагымдуу болот. Анын данегинен май алынат. Көп дарылар жасалат.

1. Өрүк Кыргызстандын кайсы жеринде көп өсөт?
2. Анын бийиктиги кандай болот?
3. Өрүк кандай жемиш?
4. Анын кандай пайдасы бар?

3. Ырды жаттап алгыла.



## Өрүк

Саргайса өрүк,
Алыстан көрүп,
Өзүнө тартат
Көңүлдү бөлүп.
Жегиң келет
Бирден терип.

*Ч. Иманалиев*

**тартат** – притягивает

4. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## Карагат



Карагат – жагымдуу жыты бар өсүмдүк. Мөмөсү көп уруктуу, кара тоголок. Май, июнь айларында гүлдөйт. Ысык-Көлдө, Тянь-Шань капчыгайларында көп өсөт. Дарылык касиети абдан зор. Анын жалбырагы да дары.

www.bizdin.kg

***Текст боюнча бири-бириңерге суроо бергиле.***

5. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Кыргызстандын кайсы жерлеринде __________ көп өсөт?
Өрүк ____________ болуп гүлдөйт. Өрүктүн да, карагаттын да дарылык __________ абдан зор. Кыргызстандын тоолорунда, ____________ дары чөптөр көп кездешет. Өрүктүн _______________ беш метрге жетет. А ____________ бийиктиги кандай болот?

**Эсиңе тут!**

Кандай? → даам**дуу**, мөмө**лүү**, тоо**луу**

6. Кыргыз тилине которгула.

Мы читали волшебную сказку.
Арбуз очень сочный, он утоляет жажду.
Смородина растёт в ущельях.
Кыргызстан – высокогорная страна.
Сколько метров высота этого дерева?

## 60-сабак. Суу

1. Сөздөрдү кайталагыла, толуктагыла.

**кирди кетирет** – смывает грязь
**пейили кең** – великодушный
**сергитет** – освежает
**суусунду кандырат** – утоляет жажду
**чарчады** – устал

Айгүл / ________ / ________ → чарчады

Максым / ________ / ________ → суусунду кандырат

Суу / ________ / ________ → кирди кетирет

________ / ________ / ________ → сергитет

Анвар байкемдин → пейили кең
_______________ →
_______________ →

2. Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү атагыла.

## Суу

«Суусуз өмүр жок», – дейт чоң атам. Чын эле, суу кымбат. Адам аны менен эгиндерди, жашылчаларды, жемиштерди, гүлдөрдү сугарат. Суу эч качан «чарчадым» дебейт. Ичсе – суусунду кандырат. Жууса – кирди кетирет.

– Бизге жарык керек, – дейт адам. Ал жарыкты да берет. Суунун жумушу дагы эле көп.

Ысыганда сууга түшөбүз. Суу сергитет, бардыгын тазартат. Суунун пейили кең. Ошондуктан эл: «Таза болсоң, суудай бол», – дешет. Мен да суудай таза болгум келет.



3. Антонимдерин тапкыла, сүйлөм түзгүлө.

Арзан –
Ар дайым –
Караңгы –
Кирдетет –

4. Сүйлөм түзгүлө.

1. Жок, суусуз, өмүр.
2. Адам, сугарат, талааны, аны менен.

www.bizdin.kg

3. Минералдык, суусунду, суу, кандырат.
4. Адамга, керек, жарык.
5. Балдар, түшөт, сууга, ысыганда.
6. Болсоң, таза, бол, суудай.

СБ 5. Суу жөнүндө эмне билесиңер? Айтып бергиле.

**Билип ал!**

**Суу – адамдын өмүрү.**
**Суу – жердин өмүрү.**

## 61-сабак. Көнүгүү иштөө

1. Туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Пиязды аарчыганда эмне үчүн | абага тарайт. |
| Эфир майлары | көздөн жаш чыгат? |
| Алар зыяндуу | ден соолукка пайдалуу. |
| Пияз, сарымсак | грипптен сактайт. |
| Жашылчалардагы витаминдер | бактерияларды өлтүрөт. |
| Бадыраңдын сырты | тону бар. |
| Токсон кабат | бүдүрөйгөн. |

2. Туурабы же туура эмеспи?

1. Кыргызстанда өрүк көп өспөйт.
2. Анын мекени – бийик тоолор.
3. Өрүктүн бийиктиги беш метрге чейин жетет.
4. Мөмөсү тоголок, кызгылт-сары.
5. Даамдуу, ширелүү, жагымдуу болот.
6. Карагаттын дарылык касиети зор.

3. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.

Ширелүү, мээримдүү, акылдуу, бактылуу, күчтүү, сыйкырдуу.

4. Толуктап жазгыла.

1. Кымыз бээнин сүтүнөн жасалат, суусунду _______, дарылык касиети да бар.
2. Жайлоонун таза абасы жакшы ___________.
3. Элдин ________ кең, меймандос.

www.bizdin.kg

4. Бул китепте ____________ жомоктор көп, алар аябай кызыктуу.
5. Түстүү кагаздан үч _______, төрт _______ фигураларды кестик.

**5. Суу жөнүндө эмне билесиңер? Суу жөнүндөгү макал-ылакаптарды эстегиле.**

## 62-сабак. Менин досум
## Кайда? (Каерде? Каякта?)

**1. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.**



**Аскар:**

– Менин досум Айбек. Ал 11 жашта. **Токтогул көчөсүндө** жашайт. Биз бир **мектепте**, бир **класста** окуйбуз. Бири-бирибизге дайыма жардам беребиз. Бош убактыбызда чогуу ойнойбуз. Мен сүрөт тартканды жакшы көрөм. Айбек спортко кызыгат. Ал теннис ойногонду абдан жакшы көрөт. Айбек менин эң жакын досум.

1. Аскардын досу ким?
2. Ал канча жашта?
3. Кайда жашайт, кайда окуйт?
4. Аскар эмнеге кызыгат, эмне кылганды жакшы көрөт?
5. Өзүңдүн досуң жөнүндө айтып бер.

**2. Ролдошуп окугула.**

### Телефондо

**Эрмек:** Алло, Саша, сенсиңби?
**Саша:** Ооба, менмин.
**Эрмек:** Дем алыш күнү эмне кылдың?
**Саша:** Үйдө болдум. Аябай кызыктуу китеп окудум. А өзүңчү?
**Эрмек:** Атам экөөбүз талаада иштедик. Дарбыз тердик. Үйгө эң чоңун ала келдик. Аябай таттуу экен. Келип, дарбыз же.
**Саша:** Ырахмат. 1 сааттан кийин барам.
**Эрмек:** Мен сени күтөм.

www.bizdin.kg

3. Кыргыз тилине которуп жазгыла.

Мой самый лучший друг живёт в Токмоке.
В Суусамыре было очень холодно.
В выходной день я дома помогал папе.
Айдар читает журнал в читальном зале.
У вас в огороде есть кукуруза?

**Кайда? (Каерде? Каякта?)**

| | | |
|---|---|---|
| -да | талаада | тоодо |
| | жерде | көлдө |
| -та | чарбакта | жээкте |
| | Ошто | чөптө |

4. Көркөм окугула.

## Досум экөөбүз

Урушсак да экөөбүз,
Үйгө ыйлап кайтпайбыз.
Сөзүбүзгө бекембиз,
Апабызга айтпайбыз.

Укпаган соң өздөрү,
Айтып эмне кереги?!
Билип калса, ойнойтпойт,
Биз угабыз жемени.

*К. Мырзалиев*

**жеме** – упрёк

## 63-сабак. Окуу сабагы

1. Сүрөт боюнча сөздөрдү эстеп, сүйлөм түзгүлө.



2. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.

**алакан чапты** – хлопал, апплодировал
**кезектешип** – по очереди
**нур** – луч

www.bizdin.kg

**өткүн** – слепой дождь
**чайыттай асман** – совершенно чистое (небо)
**чөнтөк** – карман

**3. Эмне кылышты? деген суроого жооп берген сөздөрдү атагыла.**

### Күн нурун чачсын!

Алёна көйнөгүнүн чөнтөгүнөн бор алып, асфальт бетине күндүн сүрөтүн тартты. Фархад чуркап келип, күндүн айланасына көптөгөн нурларды тартты. Айгерим болсо күнгө көз, ооз, мурун жасады. Карап турган балдар кубана алакан чабышты. Анан баары кол кармашып, тегеректеп бийлеп-ырдашты.

Күнүгө күн нур чачсын,
Чайыттай болсун асман
Дайыма болсун апам,
Дайыма болом мен!

Аңгыча булут каптап, жамгыр төгүп жиберди. «Өткүн! Өткүн! Өткүн!» деп кыйкырышты балдар. Жамгыр заматта басылып, күн жаркырап ачылды. Балдар кезектешип айтышты:

Күн жерди жылытат!
Күн эгинди өстүрөт!
Күн гүлдөрдү жайнатат!
Күн алма-өрүктү мөмөлөтөт.

1. Алёна эмненин сүрөтүн тартты?
2. Фархад менен Айгерим эмне кылды?
3. Карап турган балдар кайсы ырды ырдашты?
4. Аңгыча эмне болуп кетти?
5. Балдар күн жөнүндө эмне дешти?

***Балдардын ырын кайталагыла.***

**4. Кыргыз тилине которуп жазгыла.**

1. Дети рисуют на асфальте.
2. На празднике девочки и мальчики пели, танцевали.
3. По очереди рассказывали стихи.
4. Взрослые хлопали в ладоши.
5. Вдруг на улице начался дождь.

# 64-сабак. Ынтымактуу балдар Кайда?

1. Сүрөт боюнча сүйлөшкүлө.



2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## Ынтымактуу балдар

Биз ар улуттун балдарыбыз. Саша – орус, Аскар – кыргыз, Анвар – өзбек, Халил – татар. Бир **көчөдө** турабыз, бир **мектепте** окуйбуз. Чарба иштеринде бири-бирибизге жардам беребиз. Отун араалайбыз, **чарбакта** иштейбиз, мал кайтарабыз. Чогуу киного барабыз, **стадиондо** футбол ойнойбуз. Китепканага барып, китеп, журналдарды алып окуйбуз.

Биз бактылуу балдарбыз. Анткени тынчтыкта жашайбыз.

1. Достор кайсы улуттун балдары?
2. Алар кайда турушат, кайда окушат?
3. Чогуу кайда иштешет, кайда ойношот?
4. Алардын достугу эмнеде?

3. Суроолуу сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Биз шаарда жашайбыз. Алар эртең талаада иштешет.

Досум Анвар короодо отун араалады. Балдар короодогу асфальтта сүрөт тартып жатышат. Акробаттар циркте оюн көрсөтүп жатышат.

4. Керектүү мүчөнү койгула. Суроо бергиле.

Чоң атам мектеп… жанында мени күтүп турат.
Китеп… ичинде сонун сүрөттөр бар экен.

www.bizdin.kg

Көл... үстүндө куштар учуп жүрөт.
Суу... жээгинде түрдүү чөптөр өсөт.
Үйүбүз... тушунда чоң китепкана бар.
Кире бериш... сол жагында кийим илгич бар.
Терезе... оң жагында көгүлтүр Ысык-Көлдүн сүрөтү.
Жол... боюнда көп машиналар турат.

## 65-сабак. Окуу сабагы
## Кайда? (... жанында, артында, ...)

1. Сүрөт боюнча сөздөрдү эстеп, сүйлөм түзгүлө.



2. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.

**ачакей** – раздвоенный
**кабык** – кора
**көгөрүп турган** – зеленеющий
**кыйналат** – страдает
**тамчы** – капля
**таң калды** – удивился
**тирүү** – живой

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Дарак ыйлайбы?

**Үйдүн жанында** ак кайың өсүп турат. Айдар рогатка жасаганга ачакей бутак издеди. Ал кайыңдын бутагын кесип алып, **кайыңдын түбүндө** отуруп калды. Анан бутактын кабыгын тазалады. Ошол кезде колуна тамчы «тып» этип тамды. Айдар өйдө жакты карады. Асман ачык эле. Көп узабай колуна кайра тамчы тамды. Көрсө, бутагы кесилген жерден суу чыгып жатыптыр. Айдар буга таң калды. Бул жөнүндө атасына айтты. Атасы:

– **Жер бетинде** көгөргөн өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү. Сындырсаң, эти ооруйт, кыйналат. Ал тамчы кайыңдын көз жашы го? Балким, кесилген жери ооруп, ыйлап жаткан чыгар?..

1. Кайың кайда өсүп турат?
2. Айдар эмне жасайын деди?
3. Бутакты кесип алып, кайда отуруп калды?

www.bizdin.kg

4. Ал эмнеге таң калды?
5. Атасы эмне деди?
6. Силер кандай деп ойлойсуңар?

**4. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

Суунун _______________ бүлдүркөн көп өсөт.
Туунун _______________ жоокерлер турушат.
Өрүк бак айылдын _____________.
Аквариумдун ________________ кооз балыктар бар экен. Балдар санаторийи көгүлтүр Ысык-Көлдүн ________________. Эстеликтин ___________ өчпөс от.
Чокморов көчөсү мектептин _________________.

артында
жээгинде
ичинде
жанында
четинде
жанында
боюнда

**5. *-ба* мүчөсүн коюп жазгыла.**

Көк чөптү үз..., өспөй калат. Жаш бутакты сындыр..., убал болот. Кумурсканын уюгун буз... . Чымчыктын уясына тий... . Булакты булга... .

**Билип ал!** **Табият – биздин досубуз.**

## 66-сабак. Көнүгүү иштөө
## Кимден кийин? Кимден мурун?

**1. *-дан* мүчөсүн койгула.**

Бул үй бетон... курулган. Апам сабиз... даамдуу салат жасайт. Чоң энем алча... варенье жасайт. Бул ырды 25-бет... окугам. Атакем жумуш... кеч келет. Телефонуңдун номурун Айгерим... алдым. Максатка Асан... кат келди. Троллейбус... көп киши түштү. Айгүл мен... үч жаш улуу. Жарышта Эрлан... мурда чуркап келдим.

**2. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

Сапар __________ эки жаш кичүү. Аман _________ самолёт жасап ойнойт. Менин сызгычым ________. Энем ________ вареник жасады. Түшүнбөгөн суроолоруңду _________ сура. Тигүүчү _________ сегиз тумак тикти. Бала _________ бадыраң уурдады. Бакыт _______ шашып кирди. Дүйшөмбү күнү _______ кийин музыкага барышым керек.

*Керектүү сөздөр:* кагаздан, мугалимден, эшиктен, сабактан, быштактан, териден, Айнурадан, жыгачтан, огороддон.

www.bizdin.kg

**3. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Самат мектепке саат 7.30да келди, Айдин 7.40та келди.
2. Ким кимден мурун келди? Ким кимден кийин келди?
3. Дене тарбия сабагында 1-Аскат, 2-Нурбек, 3-Максат, 4-Антон, 5-Сухраб, … турат. Ким кимден кийин (кимден мурун) турат?
4. Дүйшөмбүдөгү сабактардын жүгүртмөсү: 1) кыргыз тили, 2) дене тарбия, 3) мекен таануу, 4) математика, 5) сүрөт.

Дене тарбия эмнеден кийин (эмнеден мурун)?

СБ ***5. Дене тарбия сабагында ким кимден мурун (кийин) турат?***
***6. Сабактарыңардын жүгүртмөсүн жогорудагыдай айтып бергиле.***

**4. Жаттап алгыла.**

Чычкан коркот мышыктан,
Аяз коркот ысыктан.
Чырпык коркот улактан,
Кургакчылык – булактан.
Караңгылык – чырактан.
Торпок коркот таяктан,
Токон коркот сабактан.

*Т. Кожомбердиев*

## 67-сабак. Көнүгүү иштөө
## Кайда? Каякка? (чейин, дейре)

**1. Керектүү мүчөнү койгула.**

1. Мектептен стадион… чейин алыс эле.
2. Бул китепти эртеңки… чейин окуп бүт.
3. Сөздүгүңдү экинчи сабак… чейин берип турчу.
4. Апам экөөбүз музей… чейин троллейбус менен бардык.
5. Август… чейин айылда чоң атамдыкында болом.
6. Саат төрт… чейин музыкалык мектепте болосуңбу?
7. Түш… чейин баскетболго барып келдим.
8. Кеч… чейин ата-энеме жардам берем.

**2. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Айылдан шаарга чейин канча чакырым болот?
2. Жээкке чейин машинага түшүп аласыңбы?
3. Койлорду жайлоого чейин айдап бардыңарбы?
4. 2-автобус каякка чейин барат?
5. Театрга дейре жарым саат басабызбы?
6. Тарых музейине чейин жөө барса болобу?

www.bizdin.kg

7. Балыкчыга дейре поезд жүрөбү?
8. Таенеңдин үйүнө чейин кайсы троллейбус жүрөт?

СБ 3. Үлгүлөр боюнча сүйлөшкүлө.

– Кечирип коюңуз, куурчак театрына чейин кантип барсам болот?

– Куурчак театрына чейин 4-троллейбус менен барасыз. Цирк аялдамасынан түшөсүз. Светофорго чейин басып, солго кайрыласыз.

– Анвар, футбол саат канчага чейин болот?

– Футбол саат алтыдан сегизге чейин болот.

***Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн кечки программасын айтып бергиле.***

Ү л г ү: Саат тогуздан тогуз жарымга чейин жаңылыктар.

4. Тест.

**1. Калый Молдобасанов кайсы окуу жайын бүтүргөн?**
а) Кыргыз мамлекеттик университетин
б) Искусство институтун
в) Москва консерваториясын

**2. «Комузчу» ырынын автору ... .**
а) А. Осмонов
б) Т. Үмөталиев
в) Ж. Бекниязов

**3. Суу - ...**
а) адамдын өмүрү, жердин өмүрү
б) бактерияларды өлтүрөт
в) бардыгын кирдетет

**4. Кыргызстандын калкы канча?**
а) төрт жарым миллиондой
б) беш миллиондой
в) эки миллион сегиз жүз миң

**5. Кыргызстанда канча облус бар?**
а) жети
б) беш
в) тогуз

5. Досуң жөнүндө айтып бер. Бири-бириңерге кандай жардам бересиңер?

# 68-сабак. Ата Мекеним

1. Карта боюнча сүйлөп бергиле.




2. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.

**даңкталат** – славится
**калк** – население
**кереметтүү** – чудесный
**эгемендүүлүк** – суверенный
**эркин** – свободный

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

## Ата Мекеним

Ар бир адамдын өз мекени болот. Ата Мекен силер үчүн ата-энеңердей ыйык. Силердин мекениңер – Кыргызстан.

Кыргызстан өз алдынча, эркин өлкө. 31-август – Кыргызстандын эгемендүүлүк күнү.

Беш миллиондой калкы бар. Жүздөн ашык улуттун элдери жашайт.

Борбору – Бишкек. Жети облусу бар: Чүй, Баткен, Ош, Жалал-Абад, Талас, Нарын, Ысык-Көл.

Кыргызстан ак карлуу тоолору, кооз токойлору, кереметтүү көлдөрү, тунук суулары, кең жайлоолору менен даңкталат.

1. Силердин мекениңер кайсы?
2. Мекениңерди кимге теңейсиңер?
3. Кыргызстан кандай өлкө?
4. Калкы канча?

www.bizdin.kg



5. Канча облусу бар?
6. Кандай кооз жерлерин билесиңер?

**4. Тексттен географиялык аттарды таап жазгыла.**

**5. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сүйлөм түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| Ак карлуу | Токойсуз |
| Кереметтүү | Карагайсыз |
| Көп улуттуу | Тартипсиз |
| Токойлуу | Эгемensиз |
| Эгемендүү | Белгисиз |

**Билип ал!** **31-август – Кыргызстандын эгемендүүлүк күнү.**

## 69-сабак. Бишкек

Ая **1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.**

**көрк кошот** – украшает
**көрктүү** – красивый
**окуу жайлары** – учебные заведения
**унутулбайт** – не забудется
**эстелик** – памятник



2. Кимдин? Эмненин? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тапкыла.

## Бишкек шаары

Бишкек – Кыргызстандын борбору. Ал Чүй өрөөнүндө жайгашкан. Бишкек бак-дарактуу, көрктүү шаар. Анда көптөгөн окуу жайлары, театрлар, музейлер, парктар бар. Белгилүү адамдардын эстеликтери да шаарыбызга көрк кошуп турат. Ал кишилердин эмгеги эч качан унутулбайт.

Шаардын калкы миллиондон ашык. Ар улуттун элдери ынтымактуу жашашат.

1. Бишкек кайсы өрөөндө жайгашкан?
2. Ал кандай шаар?
3. Анда кандай жайлар бар?
4. Калкы канча?
5. Бишкек жөнүндө дагы эмне билесиңер?

3. Берилген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла. Сүйлөм түзгүлө.

Кооздук –
Калк –
Бак –
Кишилер –
Жакшы –
Шаар –

www.bizdin.kg

4. Ырды көркөм окугула.

### Ордо шаарым

*Сөзү А. Абдылдаеванык*ы
*Обону М. Рыскулбековдуку*

Бишкегим сен, алтын уям,
Сары-Өзөндүн койнунда.
Кутманым сен, өркүндөгүн,
Ийгиликтин жолунда.

*Кайырма:*
Бишкек шаарым,
Ордо шаарым,
Борбор шаарым,
Кыргызымдын сыймыгы.
Эч бир шаарга теңебейм
Бир өзүңдү чындыгы.

Кыргыз ордосу чалкалап,
Эркиндик туум жайкалат.
Ынтымактуу ырыста
Эмгек күүсү салтанат.

Мезгилдер өтсө арадан,
Кулпурасың, билемин.
Сыймыгы бол өлкөнүн!
Эл-журтуңдун тилеги.

## 70-сабак. Окуу сабагы

1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.

**белгиленген** – был отмечен
**изилдешкен** – исследовали
**кылым** – век
**окумуштуу** – учёный
**сыймык** – гордость

2. Эмне болгон? Эмне кылган? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла.

### Манастын күмбөзү

Манастын күмбөзү – тарыхый эстелик, кыргыз элинин сыймыгы. Ал Талас жергесинде жайгашкан. Бир нече кылым мурун тургузулган. Аны окумуштуулар изилдешкен.

1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы белгиленген. Ага дүйнөнүн көп өлкөлөрүнөн меймандар келишкен. Белгилүү манасчылар «Манас» айтышкан, улуттук оюндар өткөрүлгөн. Күмбөзгө жыл сайын миңдеген туристтер келип турушат.

www.bizdin.kg



1. Манастын күмбөзү кайда жайгашкан?
2. Ал качан тургузулган?
3. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы кайсы жылы белгиленген?
4. Күмбөзгө туристтер келишеби?

**3. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.**

Манастын ________________ болдуң беле? Тарыхый эстеликтер элдин ___________. __________ – 100 жыл. 2010-жылы Тоголок Молдонун 150 жылдыгы _______. Манастын күмбөзүн _________ изилдешкен.

**4. Ырды жаттап алгыла.**

### Тилегим

Атам Манас сыяктуу
Эр болсом деп тилеймин.
Душман кечип өтө албас
Көл болсом деп тилеймин.
Кожожаштай көзгө атар
Мерген болсом жазбаган.
Баатыр болсом Чубактай
Басынып жоодон качпаган.

*Ж. Бөкөнбаев*

**Билип ал!**

**Белгилүү манасчылар** → **Саякбай Каралаев**, **Сагымбай Орозбаков**, **Уркаш Мамбеталиев**

www.bizdin.kg

# 71-сабак. Манас баатыр

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**биригишкен** – объединились
**жол башчы** – путеводитель, руководитель
**калыс** – справедливый
**кеңешчиси** – его советник
**коргогон** – защищал
**кызмат кылуу** – служить
**кырк чоро** – сорок джигитов
**чечкиндүү** – решительный
**эр жүрөк** – храбрый

| | |
|---|---|
| Өз | баатыр |
| Эр жүрөк | жол башчы |
| Чечкиндүү | эли |
| Акылман | жери |
| Калыс | кеңешчи |
| Кең пейил | жардамчы |
| Бакайды → | угат |
| Кырк чоро | сыйлайт |
| Алмамбетти ↗ | кызмат кылат |

2. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.



www.bizdin.kg

Манас кыргыз элинин баатыры болгон. Ал өз элин, жерин душмандардан коргогон. Манас – эр жүрөк, күчтүү, акылдуу, чечкиндүү жол башчы. Кеңешчиси – акылман, калыс, кең пейил Бакай. Манас аны сыйлайт, сөзүн угат.

Манастын кырк чоросу болгон. Алардын арасында Алмамбет, Сыргак, Чубак деген баатырлар да бар. Кырк чоро элге кызмат кылуу үчүн биригишкен.

1. Манас деген ким болгон?
2. Ал кандай жол башчы?
3. Анын кеңешчиси ким эле?
4. Алмамбет, Сыргак, Чубак деген кимдер?
5. Кырк чоро эмне үчүн биригишкен?

**3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.**

Баатырлар өз эли-жерин душмандардан коргогон.
Акылман, кең пейил Бакай – кеңешчиси.
Манас Бакайды сыйлайт, сөзүн угат.
Манастын кырк чоросу болгон.

**Билип ал!**

**Манастын**
- **атасы – Жакып.**
- **апасы – Чыйырды.**
- **аялы – Каныкей.**
- **баласы – Семетей.**
- **небереси – Сейтек.**

**4. Берилген сөздөрдү колдонуп, жакын кишилериңерди мүнөздөгүлө.**

Узун бойлуу, кара тору, эр жүрөк, күчтүү, акылдуу, чечкиндүү, акылман, калыс, кең пейил, сыйлайт, сөзүн угат.

## 72-сабак. Соң-Көл

**1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.**

**аймакта** – на территории
**аңыр** – красная утка
**каңылтыр** – чебак
**тузсуз** – не солёный

www.bizdin.kg



2. Кандай? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү атагыла.

## Соң-Көл

Дүйнөдө чоң жана кичинекей көлдөр көп. Алардын бири – Соң-Көл. Ал бийик тоо арасында жайгашкан. Суусу тунук, муздак, тузсуз. Кышында катуу суукта тоңуп калат.

Көлдө каңылтыр, пелядь сыяктуу балыктар бар. Ошондой эле аймакта келгин куштардан каз, өрдөк, аңыр кездешет. Дары чөптөргө да бай.

Жайында Жумгал, Кочкор, Ак-Талаа райондорунун малы жайылат.

1. Соң-Көл кайда жайгашкан?
2. Анын суусу кандай?
3. Кышында тоңобу?
4. Аймакта кандай куштар кездешет?

4. Суроолуу сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Суунун ичинде балыктар ойноп жүрөт. Итим боз үйдүн жанында жатат. Кайык көлдүн жээгинде турат. Тамга айылы Чолпон-Атанын тушунда. «Манас» скульптуралык композициясы филармониянын алдында. Ооруканынын оң жагында чоң дарыкана бар. Эмен багы театрдын сол жагында.

www.bizdin.kg

5. Тест

Куштун атын белгилегиле.

а) пелядь
б) аңыр
в) каңылтыр

Толуктагыла.
*... кызыктар көп.*
а) дүйнө
б) дүйнөнүн
в) дүйнөдө

Толуктагыла.
*Токмок шаары Чүй ... жайгашкан.*

а) өрөөнүдө
б) өрөөндө
в) өрөөнүндө

Соң-Көлдүн суусу кандай?

а) туздуу
б) жылуу
в) тузсуз

Толуктагыла.
*... кандай айбанаттар кездешет?*

а) аймактын
б) аймакта
в) аймакка

Толуктагыла.
*31-август – ... күнү.*

а) милиция
б) энелер
в) эгемендүүлүк

## 73-сабак. Кайталоо

1. Канча сөз катылган?

Тунук – ун, ук, тун, кут, уук, куу.
Аймак –
Акылман –

Туздуу –
Каңылтыр –
Окумуштуу –

2. Антонимдерин тапкыла.

Тузсуз –
Кереметсиз –
Чөптүү –
Кумдуу –

Көрксүз –
Карлуу –
Тоолуу –
Бак-дараксыз –

3. Керектүү мүчөлөрдү койгула.

Азамат экөө... доспуз. Бир класста оку... . Кошуна жаша... . Биз сабак... кийин футболго бар... . Анан биз чогуу сабакка даярдан... . Жайында Соң-Көл... барабыз. Жайлоо... мал жайылат. Сары-Челектин суу... тунук.

www.bizdin.kg

4. Сүйлөмдү толуктап жазгыла.

Бишкек – Кыргызстандын ___________.
Манастын күмбөзү Талас өрөөнүндө _______________.
Ош ______________, ________________ шаар.
Бишкекте _________, ___________, ___________ көп.
Биз _________________ бардык. «Ала-Тоо» аянтында Манастын ___________ турат. Кыргызстандын ____________ саны беш миллиондон ашык.

5. Тест.

**1. Манас деген ким болгон?**
а) жолдош
б) баатыр
в) курбу

**2. Манастын атасы ким?**
а) Бакай
б) Жакып
в) Ыраман

**3. Манастын апасы ким?**
а) Каныкей
б) Айчүрөк
в) Чыйырды

**4. Манастын күмбөзү кайда?**
а) Токмокто
б) Таласта
в) Өзгөндө

**5. Манастын кеңешчиси ким?**
а) Бакай
б) Жакып
в) Коңурбай

**6. Манастын канча чоросу болгон?**
а) 50
б) 30
в) 40

СБ 6. Соң-Көл жөнүндө айтып бергиле.

Кыргызстанда үч миңдей көл бар. Алардын бири – Соң-Көл...

## 74-сабак. Күн тартибим
## Качан? (Саат канчада?)

1. Убакытты туура айткыла.

Менин атым Аида. 11 жаштамын. 4-класста окуймун. Менин күн тартибим мындай:

Эртең менен саат жетиде турам. Саат жети жарымда тамагымды ичем...

www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| 6.30 | Турам. |
| | Төшөгүмдү жыйнайм. |
| | Жуунам. |
| 7.00 | Эртең мененки тамагымды ичем. |
| 7.30 | Мектепке жөнөйм. |
| 8.00-13.00 | Мектепте болом. |
| 13.30 | Үйгө келем, түшкү тамагымды ичем. Балыктарга жем берем. |
| 14.00-15.30 | Эс алам, музыка угам. |
| 16.00-17.30 | Бийге катышам. |
| 18.00-19.00 | Апама жардам берем. |
| 19.00-19.30 | Кечки тамакты ичем. |
| 19.30-20.30 | Сабак даярдайм. |
| 20.30-21.30 | Телевизор көрөм. |
| 22.00 | Жуунуп, уктайм. |

**2. Эмне кылып жатат (жатышат)?**





www.bizdin.kg

3. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.

Саат тогуз… жети мүнөт калды.
Саат эки… он мүнөт калды.
Саат бир… үч мүнөт калды.
Саат он… он мүнөт өттү.
Саат алты… беш мүнөт өттү.
Саат үч… он беш мүнөт өттү.

Үчкө → 5 мүнөт калды.
Бешке → 5 мүнөт калды.
Алтыга → 5 мүнөт калды.

Экиден → 10 мүнөт өттү.
Төрттөн → 10 мүнөт өттү.
Ондон → 10 мүнөт өттү.

4. Аида эмне кылат?

Аида эртең менен саат жетиде ... , ... , ... . Жети жарымда эртең мененки тамагын ... . Саат сегизден он экиге чейин мектепте ... . Он эки жарымда үйгө ... . Түшкү тамагын ... . Андан кийин музыкалык мектепке ... , комузда ... . Үйгө келип, апасына ... . Кечки тамагын ... , сабагын ... , музыка ... , телевизор ... . Саат ондо ... . Ал үлгүлүү окуучу.

***А сенин күн тартибиң кандай?***

5. Табышмактын жандырмагын тапкыла.

Бир үйдө он эки бала,
Экөө кызмат кылат,
Калганы карап турат.

## 75-сабак. Таза аба менен дем алуу
## Ким менен? Эмне менен?

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.

**аба** – воздух
**аракет кылатуу** – стараться
**дем алуу** – дышать
**өзгөчө** – особенно

2. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Таза аба менен дем алуу

**Таза аба менен** дем алуу ден соолукка абдан пайдалуу. Тоолордо, токойлордо, бак-дарактуу жерлерде аба өзгөчө таза. Ошондуктан таза абада көп болуу керек. Үйдүн ичин дайыма тазалап, терезени бат-бат ачып туруш керек. Үйгө таза аба кирип турат. Дем алыш күндөрү **үй-бүлөңөр менен** тоого, токойго чыгып, дем алгыла.

www.bizdin.kg





1. Таза аба ден соолукка таасир тийгизеби?
2. Кандай жерлерде аба таза болот?
3. Үйдү кандай кармаш керек?
4. Силер тоо-токойго тез-тез барып турасыңарбы?

3. Үлгүдөгүдөй иштегиле.

| *Ким менен кандай иш кыласыңар?* | *Эмне менен эмне иш кыласыңар?* |
|---|---|
| Атам менен футболго барам. | Таза аба менен дем алабыз. |
| Чоң энем менен ________________. | Чака менен ____________________. |
| Курбуларым менен ______________. | Күрөк менен ____________________. |
| Классташтарым менен ___________. | Боёк менен ______________________. |
| Жетекчибиз менен ______________. | Тарак менен _____________________. |
| Коноктор менен _________________. | Чай кашык менен _________________. |
| Кошуналар менен ________________. | Бор менен _______________________. |

4. Ырды көркөм окугула.

### Ата Журттун эртеңи

– Ата, сага ырдап берейин,
Угуп турчу уулуңду.
– Апа, сага бийлеп берейин,
Карап турчу кызыңды.

www.bizdin.kg

– Ак булуттар алыс жактан келеби,
Аскаларды абдан жакшы көрөбү?
– Аскаларды жакшы көрөт булуттар,
Ак булуттар – Ала-Тоонун желеги.

– Тоо булагы туйлап-туйлап жөнөдү,
Терендикти, көлдү жакшы көрөбү?
– Терендикти жакшы көрөт булактар,
Тоо булагы – Ысык-Көлдүн бөбөгү.

– Артып барат Ата Журттун көркөмү,
Кимдер бөлөйт гүлгө биздин өлкөнү?
– Биз бөлөйбүз Ата Журтту гүлзарга,
Биз болобуз Ата Журттун эртеңи.

*А. Рыскулов*

5. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.

Спорт менен көп машыг… керек. Көптү билиш үчүн көп оку… керек. Бүгүн китепканага бар… керек. Жообун табуу үчүн токсондон отуз үчтү ал... керек. Үйдө да, мектепте да тазалыкты сакта… керек. Эртең ырды жаттап кел… керек.

## 76-сабак. Автобуста
## Эмне кылды? Эмне болду?

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

**аялдама** – остановка
**жөөлөө** – *задевать*
**тайгак** – скользко
**түртүү** – толкать

**жанындагылар** – рядом находящиеся
**көңүл бурган жок** – не обратил внимания
**укмаксан болуп** – делая вид, что не слышит
**үн угулду** – послышался голос

Кечээ кар калың жаады, аябай суук, жолдор ______________. Автобуста эл көп, бири-бирин __________ __________ түшүп жатышат. Арт жагымдан тааныш ___________ угулду. Чоң энеге ___________

www.bizdin.kg



жардам беришти. __________ ________ отура бербегиле. Асан сабакка жакшы ________ ________ ________, ошон үчүн жооп бере албай калды. ______________ автобус күтүп турдум.

2. Сүрөт боюнча сүйлөшкүлө.

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

## Автобуста

Кыш мезгили эле. Күн суук. Жол тайгак. Аялдамада эл турат. Автобус келип **токтоду**. Нурбек мектепке шашып жаткан. Ал элди жөөлөп түртүп, автобуска **кирди**. Артындагы кичинекей кыз **жыгылып калды**.

– Балам, бул эмне кылганың? – деген үн **угулду**. Нурбек көңүл бурган жок. Автобуска кирип, бош орунга **отурду.** Анын жанына карыя киши **туруп калды**.

– Балам, карыяга орун берсең боло.

Нурбек укмаксан болуп **отура берди.**

– Кандай тарбиясы жок бала, – дешти жанындагылар.

1. Кайсы мезгил эле?
2. Нурбек кайда шашып бараткан?
3. Ал өзүн кандай алып жүрөт экен?
4. Жанындагылар эмне дешти?
5. Өз оюңарды айткыла.

www.bizdin.kg

4. Катасын оңдоп жазгыла.

Окууга барайын деп, аялдамада келдим. Автобус тез эле кел. Марина да мектепте баратыптыр. Кичинекей бала жыгылып калдың. Автобуска ичинен тааныш үн угулду. Марина көңүл бурган жокмун. Мен кирип бош орунга отурду. Жанымдан чоң эне туруп калыптыр. Мен ага орун берди.

## 77-сабак. Автобуста



1. Сүрөт боюнча сүйлөшкүлө.

2. Сөздөрдү кайталап, сүйлөм түзгүлө.

**ыргып турду** – соскочил
**өмүрлүү бол** – живи долго
**түшүүгө даярданды** – приготовился выходить
**жүргүнчүлөр** – пассажиры

3. Эмне кылды? Эмне болду? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тапкыла.

Карыя автобуска түштү. Бош орун жок эле. Таалай ордунан ыргып турду.

– Чоң ата, келиңиз, отуруңуз, – деди Таалай.

Карыя отурду.

– Ыракмат, балам, өмүрлүү бол, – деди.

Таалай автобустан түшүүгө даярданды.

– Мага жардам берип койчу, – деп суранды бир аял. Анын сумкасы оор экен. Таалай сумканы түшүрдү да, аялга түшүүгө жардам берди. Муну көргөн жүргүнчүлөр:

– Кандай тартиптүү бала, – деп ыраазы болушту.

Суроолорго жооп жазгыла.

1. Автобуска ким түштү?
2. Таалай эмне кылды?
3. Кимге жардам берди?
4. Жүргүнчүлөр эмне дешти?

***Эки кырдаалды салыштыргыла. Өз оюңарды айткыла.***

www.bizdin.kg

**Билип ал!**

**Жакшы бала – үлгү,**
**Жаман бала – күлкү.**

## 78-сабак. Кайталоо

1. Тиешелүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.

Болот байкем боз үйдүн жыгачын жаса… .
Мурат өрүктөн сонун комуз чап… .
Балдар таза аба менен дем ал… .
Автобустан эл түш… .
Марат карыяга жардам бер… .
Айгүл мектепке шаш… .

2. Кыргыз тилине которгула.

Дети спешили в школу. Рядом с Алиной стоял дедушка. Бабушка приготовилась к выходу. Саша помог маленькой девочке. В автобусе не было свободного места. Уважаемые пассажиры, соблюдайте чистоту.

3. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Кийинки __________ – Токтогул көчөсү. Короодон иттин __________ угулду. Балдар, __________ бургула. Апам Асандын сөзүн __________ болду. Берметтин __________ кыз – сиңдиси. Күчүк мышыкты көрүп __________ турду. Вагондо канча __________ бар? Ыракмат, уулум, __________ бол. Атам жолго чыгууга __________.

*Керектүү сөздөр:* үнү, көңүл, аялдама, укмаксан, ыргып, жүргүнчү, өмүрлүү, даярданды, жанындагы.

4. Берилген этиштерди жактагыла.

| | |
|---|---|
| Мен көңүл бурдум<br>Сен _________ _________<br>Сиз _________ _________<br>Ал _________ _________ | Биз _________ _________<br>Силер _________ _________<br>Сиздер _________ _________<br>Алар көңүл бурушту |

www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| Мен _________ _________<br>Сен _________ _________<br>Сиз _________ _________<br>Ал ыргып турду | Биз _________ _________<br>Силер ыргып турдуңар<br>Сиздер _________ _________<br>Алар _________ _________ |

5. Сөздөрдү үлгү боюнча өзгөртүп жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| Чуркайт<br>Жазат<br>Санайт<br>Ырдайт<br>Окуйт<br>Тартат | Чуркады<br>... | Чуркап бара жатат<br>... |

6. Тест.

**1. Таза аба ... абдан пайдалуу.**
а) ден соолук б) ден солукка в) ден соолукту

**2. Дем алыш күндөрү ... чыгып, дем алгыла.**
а) тоого б) тоо в) тоону

**3. Жол ... экен, кичинекей бала жыгылып калды.**
а) кенен б) узун в) тайгак

**4. Троллейбуста жүргүнчүлөр аз, орундар ... экен.**
а) кир б) бийик в) бош

**5. Урматтуу ... , кийинки аялдама – Турусбеков көчөсү.**
а) айдоочулар б) учкучтар в) жүргүнчүлөр

**6. – Уулум, мага жардам ... , – деди чоң эне.**
а) берип койду б) берип койчу в) берип коёт

www.bizdin.kg

# 4-чейрек

## 79-сабак. Кайталоо
## … бекен? (... беле?) … экен (... эле)

1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкашын түзгүлө.

**тешик** – дырка
**төртөө тең** – все четыре
**чөнтөк** – карман
**экөө** – вдвоём

2. Толуктап окугула.

Келгиле, 38-эсепти чогуу ________. Балам, шымыңдын _________ бар бекен? Экөө _______ бий ийримине катышат беле? Күрмөңдүн чөнтөгүнүн _______ бар бекен? Балдар ______ эртең циркке барат бекен? Чапандын _________ чоң экен. Бул маселени Нурлан _________ экен.

3. Белгиленген сөздөрдү жактагыла.

### Апендинин жоругу



www.bizdin.kg

Мугалим апендиден:

– Төрттөн төрттү алса, канча калат? – деп сурайт экен.

Апенди билбей коёт.

– Анда экөөбүз чыгаралы. Сенин чөнтөгүңдө төрт тыйының бар эле. Төртөө тең түшүп калды. Канчасы калды? – дейт мугалим.

– Чөнтөгүмдүн тешиги эле… – дейт шашып апенди.

1. Мугалим апендиге кандай суроо берет экен?
2. Апенди жооп бердиби?
3. Мугалим кандай мисал келтирди?
4. Апенди кантип жооп берди?

**Эсиңе тут!**

**– Автобуста орун бар бекен?**
**– Орун бар экен.**

**– Анвардын он беш козусу бар беле?**
**– Жок, беш козусу бар болчу (эле).**

**4. Суроолорго оң жана терс формада жооп бергиле.**

Дүкөндө жаңы нан бар бекен? Суусамырда күн суук бекен? Эртең күн ачык болот бекен? Чоң атамдын суусар тебетейи бар беле? Бул фильмдин режиссёру Геннадий Базаров беле? Манастын ролун К. Досумбаев аткарды беле? «Комузчунун» автору Темиркул Үметалиев беле?

## 80-сабак. Ден соолук

**1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөм түзгүлө.**

**ал-жайы** – самочувствие
**жөтөлдү** – кашлял
**кыйналган жок** – не испытывал трудностей
**өтүлгөн** – пройденный
**суук тийиптир** – простудился
**чүчкүрдү** – чихал
**эти ысыды** – поднялась температура

www.bizdin.kg

2. Толуктагыла.

Мен ___________
Сен ___________
Сиз чүчкүрдүңүз
Ал ___________

Мен ___________
Сен ___________
Сиз ___________
Ал жөтөлдү

Мага → суук тийиптир
______ → суук тийиптир
______ → суук тийиптир
Ага → суук тийиптир

Өтүлгөн → текст
Өтүлгөн → ______
Өтүлгөн → ______

3. Белгиленген сөздөрдү жактагыла.

## Жазгүлгө эмне болду?



Жазгүл эти ысып, чүчкүрүп ооруп калды. Тамагы аябай ооруп, жөтөлдү. Апасы аны дарыгерге алып барды. Дарыгер Жазгүлдү көрүп, дары жазып берди. Ага суук тийиптир. Жазгүл бир жума үйдө жатып калды. Курбулары күнүгө телефон чалып, Жазгүлдүн ал-жайын сурап турушту. Мээрим менен Диана өтүлгөн темаларды, тапшырмаларды айтып берип турушту. Жазгүл мектепке келгенде сабактарынан кыйналган жок.

1. Жазгүлгө эмне болду?
2. Дарыгер эмне кылды?
3. Кимдер ал-жайын сурап турушту?
4. Окуусуна кимдер жардам беришти?
5. Силер курбуларыңарга жардам бересиңерби?

www.bizdin.kg

4. Берилген этиштерди жактагыла.

| | |
|---|---|
| Мен кыйналган жокмун.<br>Сен ________ ________.<br>Сиз ________ ________.<br>Ал ________ ________. | Биз ________ ________.<br>Силер ________ ________.<br>Сиздер ________ ________.<br>Алар кыйналышкан жок. |
| Мен ________ ________.<br>Сен ________ ________.<br>Сиз ________ ________.<br>Ал жөтөлгөн жок. | Биз ________ ________.<br>Силер жөтөлгөн жоксуңар.<br>Сиздер ________ ________.<br>Алар ________ ________. |

Берилген этиштердин терс формасын жасагыла.

| | |
|---|---|
| Мен чүчкүрүп жатам.<br>Сен жөтөлүп жатасың.<br>Сиз ооруп жатасыз.<br>Ал кыйналып жатат. | Мен чүчкүргөн жокмун.<br>Сен ________ ________.<br>Сиз ________ ________.<br>Ал ________ ________. |
| Мен бош орунга отурдум.<br>Сен ыргып турдуң.<br>Сиз сурадыңыз.<br>Ал түртүп кетти. | Биз ________ ________.<br>Силер ________ ________.<br>Сиздер сураган жоксуздар.<br>Алар ________ ________. |

**Билип ал!**

**Ден соолук байлыктан кымбат.**

**Эсиңе тут!**

**Менин этим** → **ысыды**
**Сенин этиң** → **ысыды**
**Сиздин этиңиз** → **ысыды**
**Анын эти** → **ысыды**

## 81-сабак. Дарыгердин кабыл алуусунда

1. Сөздөрдү кайталагыла.

**алым жок** – у меня нет сил
**дем алыңыз** – дышите
**кызарып калыптыр** – покраснел

www.bizdin.kg

**сасык тумоо** – грипп
**тыңшап көрөйүн** – послушаю
**терең** – глубоко

2. Сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| менин | кызарып калыптыр |
| алма | тыңшап көрөйүн |
| помидор | дем алыңыз |
| тамагы | алым жок |
| сизди | тийген |
| баланы | угуп көрөйүн |
| терең | ойлонуңуз |
| сасык тумоо | ооруп калыптыр |

3. Ролдошуп окугула.

## Дарыгердин кабыл алуусунда



**Оорулуу:** Кечиресиз, кирсе болобу?
**Дарыгер:** Кириңиз. Отуруңуз. Сизге эмне болду?
**Оорулуу:** Доктур, башым ооруп жатат, алым жок.
**Дарыгер:** Качантан бери? Этиңиз ысыган жокпу? Көрөлүчү.
**Оорулуу:** 2 күн болду. Тамагым ооруйт, чүчкүрөм, жөтөл да бар.
**Дарыгер:** Оозуңузду ачыңыз. Тамагыңыз кызарып калыптыр. Этиңиз да ысык экен – 38 градус. Келиңиз, тыңшап көрөйүн. Терең дем алыңыз… Сизге сасык тумоо тийген.

www.bizdin.kg

**Оорулуу:** Дары жазып бересизби?

**Дарыгер:** Мына рецепт. Бул дарыларды тамактан кийин 3 маал ичиңиз. Тамагыңызды чайкаңыз. Төшөктө жатыңыз. Жума күнү мага кайра келесиз.

**Оорулуу:** Ыракмат. Жакшы калыңыз.

4. Суук тийгенде кандай абалда болосуңар? Жазгыла.

Ү л г ү: Өзүмдү начар сезип турам. Башым ооруп жатат. Алым жок. Тамагым ачышат, жөтөл да бар. Этим ысык – 38 градус. Мага суук тийген окшойт.

**Эсиңе тут!**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мен | **барайын**<br>**көрөйүн**<br>**келейин** | Мен | **карайын**<br>**төлөйүн**<br>**окуюн** |

5. *-айын* мүчөсүн коюп жазгыла.

Дарыларымды өз убагында ич… . Үй тапшырмаларымды тез аткар… . Кары кишиге орун бер… . Апа, драма ийримине катыш… . Эртең менен саат жетиде тур… . Бийиктикке секирип көр… . Кыргыз тилинен мектептин олимпиадасына катыш… . Түшүнбөгөнүмдү мугалимден сура… .

## 82-сабак. Көнүгүү иштөө
## Эмне үчүн? Эмнеге?

1. Сөздөрдү кайталагыла.

**жүрөгү айланат** – тошнит
**ийне сайды** – сделал укол
**мурду бүтүп жатат** – заложен нос
**тез жардам** – скорая помощь
**чыйрыгат** – знобит

2. Толуктап окугула.

Мага суук тийип калыптыр, чыйрыгып ________. Мурдум ______ _______. Атам _______ _____________ чакырды. Жүрөгүм ________, эч нерсе иче албайм. Дарыгер мага ______ сайды.

www.bizdin.kg

3. Эмне кылды? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла.



**Сабина:**

– Апам ооруп калыптыр. Алы жок. Эти аябай ысык. Мен тез жардам чакырдым. Тез жардам бат эле келди. Апам дарыгерге: «Башым аябай ооруп жатат. Температурам 39 градус болду. Чыйрыгам, мурдум да бүтүп жатат. Жүрөгүм айланат. Эч нерсе ичким келбейт», – деди.

Дарыгер апамды көрүп, ийне сайды.

– Сизге суук тийген, – деди. Анан дарыларды жазып берди. Мен дарыканага барып, дары алып келдим. Апама кыям менен ысык чай бердим. Ал дарыларды өз убагында ичип, тез эле жакшы болуп кетти.

1. Сабина эмне үчүн тез жардам чакырды?
2. Апасынын ал-жайы кандай эле?
3. Дарыканага эмне үчүн барды?
4. Сабина апасын кантип карады?

**Эмне үчүн? Эмнеге?**

– Карина, фурациллинди эмнеге (эмне үчүн) алдың?
– Фурациллинди тамагымды чайкайын деп алдым.

4. Толуктап жазгыла. Суроо бергиле.

Сизге _______ __________ деп келдим. Карина тиш доктурга __________ деп кетти. Жантай сабакка _____________ деп окуу залына кирди. Дары ____________ деп «Неманга» кирдим. Максат чарбакты __________ деп баратат. Алексей күчүккө тамак ___________ деп турду. Марина короону ____________ деп эшикке чыкты. Отун _________ деп арааны алып чыктым. Билет ________ ________ деп кассага баратам.

*Керектүү сөздөр:* шыпырайын, сугарайын, берейин, даярданайын, жардам берейин, көрүнөйүн, алайын, араалайын, сатып алайын.

5. Суук тийген же сасык тумоо болгон кишинин акыбалын айтып бергиле.

www.bizdin.kg

**Билип ал!**

Соо кезде сактан,
Оору кезде дарылан.

## 83-сабак. Дарыканада

1. Окуп, эстеп калгыла.

бир күндө үч маал – эртең менен, түштө, кечинде.
эти ысыгандын дарысы – температура болгондо иче турган дары.
тамакка чейин – ач карын

2. Ролдошуп окугула.

– Саламатсызбы, сиздерде бул дарылар барбы?
– Бар, берейинби?
– Ооба, аларды кандайча ичиш керек?
– Бир күндө үч маал ичиш керек.
– Тамакка чейинби?
– Жок, тамактан кийин.
– Ыракмат. Мага дагы эти ысыгандын дарысын бериңизчи.
– Парацетамол берейин. Балагабы же чоң кишигеби?
– Чоң кишиге.
– Баары эки жүз алтымыш сом.
– Мына. Ыракмат. Жакшы калыңыз.



www.bizdin.kg

3. Схемаларды толуктагыла.

Эти ысыгандын → Бир күндө? жолу
Жөтөлдүн → Бир күндө? жолу
Баш оорунун → Бир күндө? жолу

4. Сөздөрдүн синонимдерин жазгыла.

Тыңшап көрдү –
Врач –
Грипп –
Бат –
Температурасы жогору –
Ач карын –
Үч жолу –

5. «Дарыканада» деген темада сүйлөшкүлө.

**Билип ал!**

**Тазалык – ден соолуктун негизи,**
**Ден соолук – байлыктын негизи.**

## 84-сабак. Иса Ахунбаев

1. Сөздөрдү кайталагыла.

**арнаган** – посвятил
**күрөш** – борьба
**мамлекеттик** – государственный
**оорукана** – больница
**өмүр** – жизнь
**сыйлык** – награда
**талыкпаган** – неустанный, неустающий

2. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Шаардык | өмүрүм |
| Менин | күрөшүүгө арнаган |
| Душмандар менен | оорукана |
| Талыкпаган | алды |
| Мамлекеттик | Гимн |
| Сыйлык | ысымы |
| Баланын | эмгек |

www.bizdin.kg

3. Схемаларды толуктагыла.

Талыкпаган → эмгек; → ______; → ______

Мамлекеттик → Туу; → ______; → ______

Оору менен → күрөшүү
______ менен → күрөшүү
______ ______ → күрөшүү

4. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.



Иса Коноевич Ахунбаев 1908-жылы Ысык-Көлдүн Тору-Айгыр айылында төрөлгөн. 1935-жылы Орто Азия университетинин медициналык факультетин бүтүргөн. Кыргызстанга келип, шаардык ооруканада хирург болуп иштеген.

Кийин Москвадан окуп келген. Орто Азия өлкөлөрүндө биринчи болуп, 1959-жылы жүрөккө операция жасаган. Ал бүт өмүрүн оору менен күрөшүүгө арнаган. Талыкпаган эмгеги үчүн И. К. Ахунбаевге мамлекеттик сыйлыктар берилген.

Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы И. К. Ахунбаевдин ысымын алып жүрөт. Бишкекте анын атында көчө да бар.

Суроолорго жооп жазгыла.

1. И. К. Ахунбаев кайда, качан төрөлгөн?
2. Кайда окуп, кайда иштеген?
3. Кайсы жылы жүрөккө операция жасаган?
4. Ал бүт өмүрүн эмнеге арнаган?
5. Анын талыкпаган эмгеги кандай бааланды?
6. И. К. Ахунбаев атында эмнелер бар?

5. Каталарын тапкыла.

Республика балдар ооруканасында дарыланып жатам. Бүт өмүрдү балдарга арнайм. Мамлекет окуу жайында билим алып жатабыз. Олимпиаданын жеңүүчүлөргө сыйлык тапшырышты. Мага баш оору дарысын бериңизчи. Жөтөл каршы кандай дарылар бар?

www.bizdin.kg

# 85-сабак. Кайталоо

1. Сүйлөшүүнү уланткыла.

– Саламатсызбы, сиздерде бул дарылар барбы?
– …

2. Туурабы же туура эмеспи?

1. Иса Коноевич Ахунбаев 1908-жылы төрөлгөн.
2. 1935-жылы Москва университетинин медициналык факультетин бүтүргөн.
3. Орто Азияда биринчи болуп жүрөккө операция жасаган.
4. Ал бүт өмүрүн илимге арнаган.
5. Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы И. К. Ахунбаевдин ысымын алып жүрөт.

3. Сүйлөшүүнү толуктагыла.

**Оорулуу:** ____________, уруксатпы?
**Дарыгер:** Кириңиз. Отуруңуз. Сизге эмне болду?
**Оорулуу:** Доктор, _________ ___________ __________.
**Дарыгер:** __________ ысыган жокпу?
**Оорулуу:** Этим _______. Тамагым _________, жөтөл да бар.
**Дарыгер:** Оозуңузду ачыңыз. Тамагыңыз ________ _______ .

________ – 38 градус. Келиңиз, ________ көрөйүн. Терең _______ …
Сизге ___________ тийген. Бул дарыларды 3 ________ ичиңиз.
**Оорулуу:** _________. Жакшы калыңыз.

4. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Манастын күмбөзүн көрөйүн деп …
Соң-Көлдө эс алайын деп …
Отун жарайын деп …
Балатыны коёздоюн деп …
Басып көрөйүн деп …

Үрөн себейин деп …
Тамагымды чайкайын деп …
Дары ичейин деп …
Көз айнек алайын деп …
Чүкө ойноюн деп …

5. Табышмактын жандырмагын тапкыла.

Басып көрөт ичиңди,
Ачып көрөт тишиңди.
Ооруп калсаң эстейсиң,
Эң керектүү кишиңди.

6. Тест.

**1. Манастын күмбөзү кайда жайгашкан?**
а) Токмокто б) Ошто в) Таласта

**2. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы кайсы жылы белгиленген?**
а) 1995-жылы б) 2001-жылы в) 1993-жылы

**3. Белгилүү манасчылар кимдер?**
а) Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, Уркаш Мамбеталиев
б) Токтогул Сатылганов, Чаланбай Иманалиев, Жайлообек Бекниязов
в) Карамолдо Орозов, Жусуп Турусбеков, Абдылас Малдыбаев

**4. Бакай – Манастын __________.**
а) атасы б) кеңешчиси в) чоролорунун бири

**5. Эмне кылайын?**
а) аткарайын, жардам берейин, сурайын
б) сыйлайт, көрөлү, катышалы
в) коргошот, чыйрыгам, кызмат кылат

**6. Суук тийгенде эмне болот?**
а) машыгам, кызыгам, үйрөнөм
б) эти ысыйт, мурду бүтөт, жөтөлөт
в) башы ооруйт, сейилдейт, тазалыкты сактайт

## 86-сабак. Чыңгыз Айтматов
## Ким жөнүндө (тууралуу)?
## Эмне жөнүндө (тууралуу)?

Ая 1. Сөздөрдү кайталагыла. Схемаларды толуктап окугула.

**бүт дүйнөгө** – на весь мир
**кыйынчылык** – трудности
**таанытткан** – прославил
**турмуш** – жизнь
**чыгарма** – произведение
**уламыш** – легенда
**үйрөткөн** – научивший, научил

www.bizdin.kg

бүт дүйнөдө → окуйт
бүт дүйнөдө → ________
бүт дүйнөдө → ________

элге → тааныткан
________ → тааныткан
________ → тааныткан

турмуштун → кыйынчылыгы
________ → кыйынчылыгы
________ → кыйынчылыгы

жазуучунун → чыгармасы
________ → чыгармасы
________ → чыгармасы

________ жөнүндө → уламыш
Бугу эне жөнүндө → уламыш
________ жөнүндө → уламыш

чоң энем → үйрөткөн
________ → үйрөткөн
________ → үйрөткөн

**2. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү атагыла.**



Ч. Айтматов – кыргыз элин бүт дүйнөгө тааныткан жазуучу. Ал 1928-жылы Таластагы Шекер айылында туулган. Мектепте окуп жүргөндө согуш башталат. Турмуштун көп кыйынчылыктарын көрөт. Согуш мезгилинде көргөндөрү жөнүндө кийин өз чыгармаларында жазган. Чоң энеси Айымкан неберелерине жомокторду, уламыштарды, элдик ырларды көп айтып берчү. Ал киши Чыңгызды эне тилин сүйүүгө үйрөткөн биринчи адам.

**3. Туурабы же туура эмеспи?**

1. Ч. Айтматов өз элин бүт дүйнөгө тааныткан.
2. Ал Шекер айылында 1930-жылы төрөлгөн.
3. Балалыгы согуш мезгилине туура келген.
4. Чыгармаларында согуш жөнүндө жазган.
5. Эжеси эне тилин сүйүүгө үйрөткөн.

**4. Толуктап жазгыла.**

1. «Манас» эпосу бүт __________ белгилүү.
2. «Бугу эне» деген ________ окудуң беле?
3. Чолпон-Ата жөнүндө __________ бар.
4. Байпак токуганды мага чоң энем ________.
5. Турмушта __________ боло берет.

www.bizdin.kg

**Эсиңе тут!**

Ким → жөнүндө? / тууралуу?

Эмне → жөнүндө? / тууралуу?

## 87-сабак. Чыпалак бала

1. Сөздөрдү кайталагыла. Сүйлөмдөрдү толуктап окугула.

**дүлөй** – глухой
**жалданып алам** – наймусь
**жутуп коёт** – проглотит
**качып кутулат** – спасается бегством
**көк бөрү** – серый волк
**төө жалбырак** – лопух
**чыңырат** – пронзительно кричит
**Чыпалак бала** – Мальчик-с-пальчик

Чоң атам ____________________ бала жөнүндө жомок айтып берген. Мультфильм көк ___________ жана жети улак жөнүндө бекен? ____________ карышкырдан качып кутулат бекен? Маша аюуну көрүп _________________ экен. Энциклопедиядан _________ жалбырак тууралуу окудуң беле? Абышканын кулагы _______________ беле? Эшек эмнени ______________ коюптур?

2. Татаал сөздөрдү атагыла.

### Чыпалак бала

Бар экен, жок экен, бир кемпир-чалдын бою чыпалактай баласы бар экен. Ал чөптө эс алып жатса, төө аны жалбырак менен кошо жутуп коюптур. Чыпалак бала төөнүн ичинен чыңырат. Аны уккан кишилер төөнү союп, баланы алып чыгышат.

Бир күнү карышкыр Чыпалак баланы көрүп калат.

– Сен кимсиң? Жеп коёюнбу?

– Өзүңө жаман, ит кылып салам.

– Карышкыр ит болот деп ким айтты? Ушул сөзүң үчүн сени жейм, – деп баланы жутуп коёт.

Бир күнү карышкыр койго жакындап келет. Ичинен Чыпалак бала:

– Эй, койчу, мен көк бөрүмүн. Койго баратам! – деп кыйкырат.

Карышкыр эптеп качып кутулат.

www.bizdin.kg



– Эми эмне кылам? – дейт.
Анда Чыпалак бала:
– Ташматка бар, койлору семиз. Байматка бар, иттери дүлөй …
– Андан көрө адамга барам да, ит болуп жалданып алам, – дейт.
Ошентип, карышкыр ит болуп калган экен.

*Ч. Айтматов*

1. Жомок ким жөнүндө?
2. Кемпир-чалдын баласы кандай экен?
3. Ага эмне болуптур?
4. Жомоктун аякталышы силерге жактыбы?
5. Карышкыр деген сөздүн синоними кайсы?

**3. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

__________ бала көк чөптө эс алып жатат. Көк _______ кой сарайга жакындап келди. Чычкан эптеп мышыктан ___________ кутулат. Бөрү койчуга барып _______ алды. Төө ___________ кайда өсөт? Кичинекей Атай иттен коркуп, катуу _______. Карышкыр баланы эмнеге ___________ коюптур?

## 88-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Суроолуу сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

Ч. Айтматовдун ысымы бүт дүйнөгө белгилүү. Ал Кыргыз айыл чарба институтунда окуган. Турмуштун көп кыйынчылыктарын көргөн.

«Бугу эне» жомогун Ч. Айтматов жазган. Жомоктун аягында карышкыр ит болуп калат.

2. Белгиленген сөздөрдү синонимдер менен алмаштыргыла.

Бир күнү **абышка**:

– Кемпирим, **кемпирим**, көмөч жасачы, – дейт. Көмөч тоголонуп келатса, алдынан **карышкыр** чыгат. Түлкү:

– Кулагым укпайт, жакын келчи, – дейт. Карышкыр **бат-бат** качып жөнөйт.

Кемпир-чалдын бою **чыпалактай баласы** болуптур.

3. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Илгери-илгери _____-_____ болуптур. Алардын бою ___________ баласы бар экен. Аны төө _________ _________. Кишилер ___________ союп, баланы алып чыгышат. Бир күнү ______ ______ көрүп калат. Эй, койчу, мен көк ________. Карышкыр эптеп ________ _________. Анан адамга барып, ________ болуп калат.

**Билип ал!**




4. Канча сөз катылган?

Түлкү – үкү, күл, күт, түк
Карышкыр –
Абышка –
Кемпир –
Жалбырак –
Бармак –

5. Бат айткыла.

Көп карышкыр
Көк карышкырды талап,
Көк карышкыр
Көп карышкырды кабат.

www.bizdin.kg

## 89-сабак. Көнүгүү иштөө

**1. Сүйлөм түзгүлө.**

Мектебиң жөнүндө
Шаарыңар жөнүндө
Жүрүш-туруш тууралуу
Мекеним тууралуу
Космос тууралуу
Космонавттар тууралуу

Өзүң жөнүндө
Кыргызстан жөнүндө
Каникул жөнүндө
Аба ырайы тууралуу
Кыргызстандын көлдөрү тууралуу
Кыргызстандын суулары тууралуу

**2. Керектүү сөздөр менен толуктагыла.**

Мугалимибиз бизге сабакта ________ жөнүндө айтып берди. Атам кечинде менден ________ жөнүндө сурайт. Чоң атам ________ тууралуу айтып берди. Чыңгыз Айтматовдун ________ тууралуу жомогун окудуңбу? Радиодон ________ жөнүндө уктуңбу? Бүгүн А. С. Пушкиндин ________ жөнүндө жомогун окудук.

*Керектүү сөздөр:* Чыпалак бала, алтын балык, согуш, космонавттар, сабактарым, аба ырайы.

**3. *-айын (-оюн, -ейин, -өйүн)* мүчөсүн коюп жазгыла.**

Апа, сабакка кечигип калба... . Келиңиз, тыңшап көр... . Отуруңуз, баланын температурасын өлчө... . Ч. Айтматовдун чыгармаларын оку... . Бул суроого мен жооп бер... . Чоң атама чай даярда... . Чоң эне, эмне керек, дүкөнгө барып кел... . Мурат Асанович, сизди саат бешке чейин күт... .

**4. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Кыргыз элин бүт дүйнөгө тааныткан жазуучу ким?
2. Ал кайда, качан төрөлгөн?
3. Балалык кези кандай өткөн?
4. Ага жомокторду ким көп айтып берчү?
5. Ал киши Чыңгызды эмнеге үйрөттү?

**Билип ал!** Жакшы китеп – жанга дос.

# 90-сабак. Жаз мезгили
## Кантип?

1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.

**акташат** – побелят
**артта калышкан жок** – не отстают
**жаркырап тийип турат** – ярко светит
**көчөт** – саженец
**пайда болду** – появились
**уя** – гнездо

2. Жазга тиешелүү сөздөрдү тапкыла.

Байчечекей, талаа иштери, канаттуулар, муз, сары жалбырак, кыш чилдеси, жай чилдеси, үрөн себилет, көчөт тигишет, жер айдашат, уя салышат.

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

### Жаз мезгили

Жаз да келди. Күн **жаркырап** тийип турат. Байчечекейлер пайда болду. Келгин куштар да учуп келишти. Алар бийик дарактардын башына уя салып жатышат.

Тракторлор талаага чыгышты. Дыйкандар жазгы иштерин башташты. Окуучулар да артта калышкан жок. Алар чарбакта, бакта **эки**



www.bizdin.kg

**топко бөлүнүп** иштешти. Арыктарды **тазалап,** жардам беришти. Алар жашылчаларга **байкоо жүргүзүп** өстүрүшөт. Бакка жаңы көчөттөрдү тигишет. Эски дарактарды акташат.

1. Азыр кайсы мезгил?
2. Жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Дыйкандар эмне кылып жатышат?
4. Окуучулар кандай жумуштарды жасап жатышат?
5. А силер эмне иш аткарып жатасыңар?

**4. Керектүү сөздөрдү коюп жазгыла.**

Күн __________ тийип турат. Жамгыр ________ жаап жатат. Чабалекей _________ учуп чыкты. Балапандар ________ ооздорун ачышат. Байчечекейлер _____________ ачылды. Жемиш бактары _________ гүлдөдү. Куштар __________ учуп баратышат. Балдар ____________ иштеп жатышат. Арыкта суу ________________ агып жаткан.

*Керектүү сөздөр:* шаркырап, топ-топ болуп, тегиз, бажырайып, бир калыпта, чыйпылдап, чырылдап, жаркырап, катуу.

**5. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө. Аларга суроо бергиле.**

Шашып, эки-экиден болуп, шылдырап, ыйлап, каалгып.

Шашпай, эринбей, ыйлабай, секирбей, чуркабай.

## 91-сабак. Май айы
## Эң, абдан (аябай)

**1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.**

**булбул** – соловей
**жасанып жатат** – наряжается
**көк чөп** – зелёная трава
**сайрайт** – поёт (птица)
**тааныйт** – узнает

**2. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.**

Бактын ичи көк _____. Айгерим майрамга ___________ _________. Эртең менен туруп, терезени ачсам куштар__________. ____________ сайраганын уктуң беле? Менин курбуларымды __________?

www.bizdin.kg

3. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.

## Май айы

Майдын **сонун** күндөрүнүн бири. Күн **жаркырап** турат. Жылуу жамгырдан кийин көк чөп чыгып келатат. **Көк, сары** гүлдөр пайда болду. Жер бети күн өткөн сайын жасанып жатат. Мына, сирень да гүлдөгөнү калды.



Эртеден **кечке чейин** куштар сайрайт. Булбулдун үнүн оңой эле таанийсың. Ал кечинде, түндө сайрайт.

Жаздын ушул учуру кандай сонун!

4. Туурабы же туура эмеспи?

Жаандан кийин чөп чыкпайт.
Көк, кызыл, сары гүлдөр пайда болот.
Жердин бети жасанат.
Май айында сирень гүлдөбөйт.
Кечке куштар сайрайт.
Булбул кечинде сайрабайт.



**Эсиңе тут!**

**Кандай?**

| | | |
|---|---|---|
| сонун күн | абдан сонун күн | эң сонун күн |
| жыттуу гүл | абдан жыттуу гүл | эң жыттуу гүл |
| сулуу кыз | аябай сулуу кыз | эң сулуу кыз |
| терең көл | абдан терең көл | эң терең көл |

www.bizdin.kg

5. *Эң, абдан, аябай* деген сөздөрдү коюп жазгыла.

Айбек _________ мыкты окуучу. Математикадан берилген маселе ___________ татаал экен. Англис тилинен ________ кыйын тема өттүк. 57-көнүгүү _______ оңой экен. Чоң энем тамакты _______ даамдуу жасайт. Апам менен атамды ________ жакшы көрөм. Адабият сабагынан _______ кызыктуу жомок окудук. Катянын үйү мектептен _______ алыс. Чатыр-Көл ________ кооз жер. Кыргызстандын тоолору _______ бийик. ________ сулуу ай – май айы.

6. Ырды жаттап алгыла.

**Сулуу май**

Кызыл-тазыл гүл алып,
Кыздай сүйкүм буралып.
Кабагы ачык жадырап,
Жашыл кийип кубанып.
Көркке бай,
Көзгө шай
Келди мына –
Сулуу май.

*А. Кыдыров*

## 92-сабак. 5-Май – Конституция күнү

1. Сөздөрдү кайталагыла, сөз айкаштарын түзгүлө.

**башкаруу** – управление
**мыйзам** – закон
**негизги** – основной
**өлкө** – страна
**укук** – право

2. Ролдошуп окугула.

– Ата, конституция деген эмне?
– Конституция – өлкөнүн негизги мыйзамы.
– Мыйзам деген эмне?
– Ал – элдин жашоосунун негизги эрежелери. Анда өлкөнүн башкаруу органдары, мамлекеттик органдар жана элдердин укуктары жазылган. Мисалы, ар бир адамдын билим алууга, ооруп калса дарылануга, каалаган кесипти тандап алууга укугу бар.

www.bizdin.kg

– Түшүндүм, биздин өлкөдө Конституция 5-Майда кабыл алынган экен да.

**3. Укуктарыңарды жана милдеттериңерди атагыла.**

| Укуктарым | Милдеттерим |
|---|---|
| | |

**4. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

1. Кыргызстан – тоолуу __________.
2. Менин ________ милдетим – окуу.
3. Ар бир адамдын укугу __________ жазылган.
4. Мамлекетти президент __________.
5. Өз ___________ билесиңби?
6. ____________ символдорун атагыла.

*Керектүү сөздөр:* мамлекеттин, укуктарыңды, башкарат, өлкө, негизги, мыйзамда.

**5. Керектүү мүчөлөрдү коюп жазгыла.**

1. Менин өлкө… – күнөстүү Кыргызстан.
2. Балдар… укугун коргоо керек.
3. Жүрүш-туруш эрежелер… күндөлүктө жазылган.
4. Республикада бардык улуттар тең укук… .
5. Биз… интернационалдык үй-бүлөлөр көп.

## 93-сабак. 9-Май – Жеңиш күнү
## Сан атооч менен зат атоочтон түзүлгөн сөз айкаштары

АБВГ **1. Сөздөрдү кайталагыла.**

**ачкачылык** – голод
**азап-тозок** – мучения
**жоокер** – солдат, воин
**кайтып келишти** – вернулись
**курман болду** – погиб
**созулду** – длилось

**2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

| | |
|---|---|
| Кыш узакка ________ . | жоокерлердин |
| ____________척 парады болду. | кайтып келген |
| Чоң атам согуштан 1946-жылы ______ _____. | азап-тозокту |
| Согуш жылдарындагыдай _____-_____ эч ким көрбөсүн! | созулду |
| Эч качан _________ болбосун! | ачкачылык |

**3. Сөз айкаштарын түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| *Канча* ______________? | *Канчанчы* ____________? |
| беш жыл | 1945-жыл |
| _______________ жоокер | _______________ өлчөм |
| _______________ чоро | _______________ кабат |
| … | … |

**4. Белгиленген сөздөргө суроо бергиле.**






***Кымбаттуу, чоң ата!***
Сизди 9-Май –
Жеңиш күнү менен чын
жүрөктөн куттуктайм!
Сизге узун өмүр, бекем
ден соолук, кажыбас
кайрат каалайм.

*Небереңиз Андрей*

## 9-Май – Жеңиш күнү

Улуу Ата Мекендик согуш. Ал **төрт жылга** созулду. Өз Мекенин коргоп, канча жоокерлер курман болду? Согушка кеткендердин азы эле кайтып келишти. А элдин кыйналганычы?! Ачкачылык. Жыйналган түшүм, азык-түлүктүн баары фронт үчүн! Жеңиш үчүн! Зор азап-тозок менен **1945-жылдын 9-Майында** Улуу Жеңишке жеттик.

Бул майрам – баарыбыз үчүн Улуу Майрам!

1. Улуу Ата Мекендик согуш канча жылга созулду?
2. Эл кандай кыйынчылыктарды көрдү?
3. 9-Май – кандай майрам?
4. Мектепте бул майрамды кандай өткөрөсүңөр?

www.bizdin.kg

**Билип ал!** Эрдик бар жерде жеңиш бар!

5. Үлгү боюнча ардагерлерге куттуктоо жазгыла.

6. Ырды жаттап алгыла.

Мен согушту каалабаймын,
Каалабаймын өрттү мен.
«Өрттөнбөсүн, кыйрабасын
Гүлдөп турган кең Мекен!»
Ушул менин бардык оюм, тилегим,
Согуш курусун, согушту мен билемин.

*Т. Уметалиев*

**өрттү** – огня
**курусун** – пропади

## 94-сабак. Дүйшөнкул Шопоков

1. Сөздөрдү кайталап, эстеп калгыла.

**болуп көрбөгөндөй** – как никогда
**каршылык көрсөттү** – давал отпор
**коркушкан жок** – не боялись
**наам** – звание
**чабуул коюшту** – атаковали
**эрдик** – мужество

2. Схемаларды толуктагыла.

Москвага / ________ / ________ → чабуул коюшту

Чолпонбайдын / ________ / ________ → эрдиги

Өлүмдөн / ________ / ________ → коркушкан жок

Майор деген / ________ / ________ → наам

Душманга / ________ / ________ → каршылык көрсөтүштү

www.bizdin.kg

3. Сан атоочтор катышкан сөз айкаштарын атагыла.

### Дүйшөнкул Шопоков



Бир миң тогуз жүз кырк биринчи жыл. Дүйшөнкул эли, жери менен коштошуп, фронтко жөнөдү.

Ошол жылы ноябрда душмандар Москвага катуу чабуул коюшту. Генерал И. В. Панфиловдун дивизиясы алардын жолун тосуп, каршылык көрсөттү. Алар өлүмдөн да коркушкан жок. Болуп көрбөгөндөй эрдикти көрсөтүшүп, өз Мекенин коргоп калышты.

28 баатырдын ичинде Дүйшөнкул Шопоков да бар болчу. Ал болгону 28 жашта эле. Ошондогу эрдиги үчүн ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

?

1. Дүйшөнкул Шопоков деген ким экен?
2. Ал кайсы шаарды коргоого катышкан?
3. Кыргызстанда Д. Шопоковдун атында эмнелер бар, билесиңерби?
4. Улуу Ата Мекендик согуштун баатырларынан дагы кимди билесиңер?
5. Панфиловчулар дивизиясы жөнүндө уктуңар беле?

4. Сүйлөм түзгүлө.

Улуу Ата Мекендик согуш, болгон, жылдары, 1941–1945. Ардагерлери, согуш, сыймыктанабыз, менен. Аларга, билдиребиз, ыраазычылык, чын жүрөктөн. Жоокерлер, биздин, көрсөтүштү, эрдик. Мекенин, өз, коргоп калышты. Жеңиш, Улуу, майрамы, 9-Май.

**Билип ал!** **Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.**

## 95-сабак. Кайталоо

1. Белгиленген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

Абай экөөбүз **канаттууларга** уя жасадык. Мектептин окуучулары талаа **иштерине** жардам беришет. Мектептин, үйдүн жанындагы **да-**

www.bizdin.kg

**рактарды** акташат. Жаш көчөттөрдү **отургузушат**. Жылуу **жамгырдан** кийин күн жаркырап тийди.

2. Сүйлөмдөрдү окугула, салыштыргыла.

| | |
|---|---|
| Сабина майрамга жасанып жатат.<br>Бакта эртеден кечке куштар сайрайт.<br>Көк чөп чыгып калды. Көк алманын ширесин жакшы көрөм. | Жердин бети күн өткөн сайын жасанып жатат.<br>Алтынай жакшы ырдайт.<br>Асман көпкөк болуп турат. |

3. Жаз мезгили жөнүндө айтып бергиле.

Жаз да келди. Күн жаркырап тийип турат…

4. Тыныш белгилерин коюп жазгыла.

Жеңиш үчүн
Бул майрам – баарыбыз үчүн Улуу Майрам
Баарыбызга тынчтык керек
Эч качан согуш болбосун
Мындай кыйынчылыкты, азап-тозокту эч ким көрбөсүн

5. Баатырдык, эрдик жөнүндө макал билесиңерби?

## 96-сабак. Жыл мезгилдери

1. Суроолорго жооп бергиле.

1. Бир жылда канча мезгил бар?
2. Алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
3. Силерге кайсы мезгил жагат?

2. Сөздөрдү кайталагыла. Сөз айкаштарын түзгүлө.

**айлана-чөйрө** – вокруг
**бузулат** – портится
**жанданат** – оживляется
**кайнайт** – кипит
**керемет** – чудеса
**табият** – природа
**тайгак** – гололёд

www.bizdin.kg









3. Белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## Жыл мезгилдери

Жылдын ар бир мезгили өзүнчө кооз. Жаз келгенде табият жанданат. Жер көгөрөт, жемиш бактары гүлдөйт. Келгин куштар учуп келишет. Талаа жумуштары башталат. Жер айдалып, эгин, жашылчалар эгилет.

Жайында күн аябай ысык болот. Талаада эмгек кайнайт. Эрте бышкан жашылчалар, жемиштер жыйнала баштайт. Шаардыктардын көпчүлүгү эс алууга чыгышат.

Күз – береке. Жашылча-жемиштердин баары бышат. Айлана-чөйрө түркүн түскө боёлот. Андан кийин кыш келет. Күн бузулуп, кар жаайт. Суу тоңот. Жер тайгак болот. Ошентип, жылдын ар бир мезгилинин өзүнүн керемети бар.

4. Жыл мезгилдерин сүрөттөгүлө.

5. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Суунун жээгинде ________________ суктанып отурдум. Суу ичип, гүлдөрүм _________ _________. Жумуштун ________ _________ учуру.

www.bizdin.kg

Муздаткычка койбосоң, сүт тез эле __________. Кар жаайт, абанын температурасы 10 градуска чейин түшөт, жолдор __________ болот. __________-__________ карасаң, тим эле жомоктогудай.

*Керектүү сөздөр:* айлана-чөйрөнү, бузулат, кычап турган, табиятка, жанданып калды, тайгак.

6. Ырды көркөм окугула.

**Күн менен торгой**

Тоонун таңы атканда,
Торгой чыгат асманга.
Күн асмандап нур төгөт,
Торгой жерге ыр төгөт.

Нурдан гүлдөр албырат,
Нурдан жыргайт жалбырак.
Ыр көңүлдү сергитет,
Ыр көңүлдү эргитет.

Ыр менен гүл болбосо,
Нур менен күн болбосо,
Кантип көңүл шат болмок,
Кантип жерде жаз болмок.

*С. Жусуев*



**таң** – рассвет
**торгой** – жаворонок
**албырат** – сияет

## 97-сабак. Жай мезгили

1. Сөздөрдү кайталап, сөз айкаштарын түзгүлө.

**балапан** – птенец
**кезек** – черёд

**жылынып жатышты** – грелись
**сакташыбыз керек** – должны беречь

2. Мүчөлөрүн толуктап жазгыла.

Менин кезегим
Сенин кезег…
Сиздин кезег…
Анын кезег…

Булбул… балапан…
Таранчынын балапаны
Чымчык… балапан…

www.bizdin.kg

Биз жылынып жат… .
Силер жылынып жат… .
Сиздер жылынып жаттыңыздар.
Алар жылынып жат… .

Биз сакташыбыз керек.
Силер сакта… керек.
Сиздер сакта… керек.
Алар сакта… керек.

**3. Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Сүйлөм түзгүлө.**



**4. Текст боюнча суроо түзгүлө.**

### Жай

Жайдын кезеги келди. Эң узун күндөр. Күн кайнап турат. Талаалар кызыл-тазыл. Токой да шаңдуу. Чымчыктардын сайраганычы! Алардын жумуштары көп. Эртеден кечке балапандарына жем ташышат. Биз токойдогу суунун жээгинде эс алып отурдук. Балдар суудан чуркап чыгып, күнгө жылынып жатышты. Мындай кооздукту булгабай, сындырбай сакташыбыз керек.

**5. Туура туташтыргыла.**

| | |
|---|---|
| Эң узун күндөр | сайрайт. |
| Токойдо чымчыктар | балапандарына жем ташыйт. |
| Алар эртеден кечке | июнь айында. |
| Балдар суудан чыгып, | булгабаш керек |
| Токойду | күнгө жатышат. |
| Жаратылыштын кооздугун | абдан керек. |
| Адамга таза аба, таза суу | сакташ керек. |

www.bizdin.kg

6. Бат айткыла.

Көйкөлгөн көк чөп жакшы,
Көктөм көк чачты.
Көктөмдө Көчөр чөп чапты.
Көчөр чөптү көп чапты,
Көчөр көк чөптү көп чапты.

## 98-сабак. Эс алуу
## Сын атооч менен зат атоочтон түзүлгөн сөз айкаштары

1. Сөздөрдү кайталап, эстеп калгыла.

**дарыландык** – лечились
**жайылып жүрөт** – пасутся
**кайрадан** – снова
**көрк** – красота
**ызы-чуу** – шум

2. Сөз айкаштарын толуктагыла.

Короого __________ Уйлар ___________
Көлдүн __________ _________ жаай баштады
Короодо _________ Санаторийде _____

3. Белгиленген сөздөрдү жактагыла.

**Нурдин:**

– Жай – эс алуу мезгили. Биз жайлоого баралы дедик. Дем алыш күнү эртең менен жолго чыктык. Түшкө жакын Суусамырга келдик. Жайлоонун көркү кандай сонун! Айлана-чөйрө жапжашыл, ар кайсы жерде көк, сары, кызыл гүлдөр! Таза аба. Тунук суу. Шаардагыдай ызы-чуу жок, тыптынч. Ары жакта койлор, жылкылар жайылып жүрөт.

Жайлоодо бир жума эс алдык. Боз үйдө жашадык. Малчыларга жардам бердик. Кымыз ичип, дарыландык. Атка минген мага аябай жакты. Бир жума тез эле өтүп кетти. Кайрадан шаарга кайттык.

1. Нурдиндин үй-бүлөсү эс алууга кайда барышты?
2. Жайлоонун жаратылышы кандай экен?
3. Алар жайлоодо канча күн болушту?
4. Эмне иш кылышты?
5. Нурдинге атка минген жактыбы?

www.bizdin.kg

4. Кандай? деген суроолорго жооп берген сөздөр менен толуктагыла.

Кызым, биз ишемби күнү театрга __________, спектакль болот экен. Ак-Сайда күн суук, __________________ кийим алыш керек. Чыпалак бала ____________________ чөптө эс алып жатат. Токойдон _______________ үндөр угулду. ________________ жел жүрүп турат. ________________ гүлдөрдү терип келдим. ________________ кымыздан ичип алдык.

5. Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө, аларга суроо бергиле.

сонун мезгил
таза аба
тунук суу
кызыл-тазыл гүлдөр
көрктүү жер
чоң боз үй
кичинекей кулундар
жаңы кымыз

## 99-сабак. Туризм

1. Сөздөрдү кайталагыла. Схемаларды толуктагыла.

**жолго** – в путь
**кызыгышат** – интересуются
**саякат** – путешествие
**суктанышат** – восхищаются

Кыргызстанга → саякат
_______________ → саякат
_______________ → саякат

узун → жол
_________ → жол
_________ → жол

Музыкага → кызыгышат
__________ → кызыгышат
__________ → кызыгышат

тоолорго → суктанышат
__________ → суктанышат
__________ → суктанышат

2. Текст боюнча суроо түзгүлө.

### Туризм

Туризм саякатка чыгуу дегенди билдирет. Эгерде силер тарыхый жерлерди, эстеликтерди көргүңөр келсе, жолго чыгасыңар. Демек, силер турист болосуңар. Жыл бою миңдеген туристтер саякатка чыгышат. Алар жаңы өлкөлөргө, эстеликтерге, жаратылышка, тарыхка кызыгышат.

Кыргызстанга да туристтер көп келишет. Алар биздин тоолорго, токойлорго, сууларга суктанышат.

www.bizdin.kg



3. Туурабы же туура эмеспи?

Туризм – спорт.
Туризм – саякат.
Туристтер жер көрүүгө кызыгышат.
Туристтер саякатка жайында эле чыгышат.
Кыргызстанга туристтер көп келбейт.
Алар тоолорго, сууларга, көлдөргө суктанышат.

4. Суроо түзүп жазгыла.

Кыргызстандын тарыхый жерлеринде болдук. Байыркы эстеликтерди көрдүк. Соң-Көл кереметтүү жер. Булактан муздак суу ичтик. Илбирстер бийик-бийик тоолордо жашайт. Аюу калың токойго кирип кетти. Ысык-Атада ысык суу чыгат экен.

## 100-сабак. Көнүгүү иштөө

1. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Туризм – | көргүңөр келеби? |
| Тарыхый жерлерди, эстеликтерди → | саякатка чыгуу. |
| Силер турист | болосуңарбы? |
| Туристтер | саякатка чыгышат. |
| Алар жаратылышка, тарыхка | кызыгышат. |
| Кыргызстанга да | суктанышат. |
| Алар Кыргызстандын табиятына | туристтер көп келишет. |

www.bizdin.kg

2. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Силер ________ качан чыгасыңар?
2. Эртең менен эрте _______ чыктык.
3. Менин досторум спортко, саякатка __________.
4. Суусамырдын көркүнө аябай __________.

3. Белгиленген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

Сары-Челектин **көркү** адамды суктандырат. Ала-Арча **табият** паркында болдуңар беле? Таята-таенеме тез-тез барып турам. **Канаттуулар** түштүктөн учуп келишти. Абай, бүгүн **жумушуң** көппү? Чолпонбайдын **баатырдыгы** эч качан унутулбайт.

4. Ырды көркөм окугула.

**Чатыр-Көл**

Көгөргөн тоонун жанында,
Көл жатат сонун күзгүдөй.
Асманы жакын жылдызга,
Айланып көлгө түшчүдөй.

Ар качан тартат көзүңдү,
Аркадан көлдүн сулуусу.
Чатырдай болуп төрт бурчу,
Чатыр-Көлдүн турушу.

Чалкайган сулуу жер экен
Чатыр-Көл деген көлүбүз.
Чалкайган көлдөй пейли кең
Чалкыган кыргыз элибиз.

*К. Маликов*

**Билип ал!**

**Жети түрлүү билим бил,**
**Жети элдин тилин бил!**

## 101-сабак. Кайталоо

1. Толуктагыла.

Улуу ___________ согуш 4 жылга созулду.
Канча ___________ курман болду.
Азык-түлүктүн баары ______ үчүн! _________ үчүн!
1945-жылдын 9-Майында Улуу _________ жеттик.
Бул майрам – баарыбыз үчүн ______ Майрам!

www.bizdin.kg

2. Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Бир миң тогуз жүз | фронтко жөнөдү. |
| Дүйшөнкул эли менен коштошуп | эрдик көрсөтүштү. |
| 28 баатыр | кырк биринчи жыл. |
| Алар өлүмдөн → | коркушкан жок. |
| Дүйшөнкул | Советтер Союзунун Баатыры. |

3. Кыргыз тилине которгула.

Представление длилось 50 минут.
В лесу поют птицы.
Солдаты погибли за Родину.
Мы из леса вернулись вечером.
После дождя появилась зелёная трава.

4. Толуктап жазгыла.

Конституция – негизги ___________.
9-Май – _________ майрамы.
Күз – ________.
Жай – ________ мезгили.
Жайлоонун абасы ________.
Жакында _______ каникул башталат.

5. Суроолорго жооп бергиле.

1. Чыңгыз Айтматов жөнүндө эмне билесиңер?
2. Анын кайсы чыгармасын окугансыңар?

6. Ким көп билет? (макалдар боюнча эстафета)

## 102-сабак. Кайталоо

1. Керектүү сөздөр менен толуктагыла.

Майдын _________ күндөрүнүн бири. Жамгырдан кийин _____ чөп чыгып келатат. _____, ______ гүлдөр пайда болду. Мына, ______ сирень да гүлдөгөнү калды. Булбулдун ______ үнүн оңой эле тааныйсың. Жаздын ушул учуру кандай ______!

*Керектүү сөздөр:* сонун, көк, кызыл, сары, татынакай, мукам, жагымдуу.

www.bizdin.kg

2. Кыргыз тилине которуп жазгыла.

Весной природа оживляется.
Земля зеленеет, цветут фруктовые деревья.
Прилетают перелётные птицы.
Летом очень жарко.
На полях работа кипит.

3. Сүйлөм түзгүлө.

Кайнап, турат, күн.
Июнда, күндөр, узун, эң.
Жумуштары, көп, аябай, чымчыктардын.
Алар, жем, балапандарына, ташышат.
Кандай, абасы, жайлоонун, сонун!
Ызы-чуу, жок, ал жакта, шаардагыдай.

4. Суроолорго жооп бергиле.

1. И. К. Ахунбаев кайда, качан төрөлгөн?
2. Кайда окуп, кайда иштеген?
3. Кайсы жылы жүрөккө операция жасаган?
4. И. К. Ахунбаев атында эмнелер бар?

5. Өзүңөргө жаккан ырды айтып бергиле.

6. Тест.

**1. Ч. Айтматов качан жана кайда төрөлгөн?**
а) Таластагы Шекер айылында 1930-жылы.
б) Бишкекте 1928-жылы.
в) Таластагы Шекер айылында 1928-жылы.

**2. Катасын тапкыла.**
а) Жаз келди, күн жаркырап тийип турат.
б) Окуучулар артта калышкан жок.
в) Балдар бакка тигишет жаңы көчөттөрдү.

**3. Эрдик, баатырдык тууралуу макалдарды белгилегиле.**
а) Ырыс алды – ынтымак.
Соо кезде сактан, ooру кезде дарылан.
б) Ден соолук байлыктан кымбат. Таза болсоң суудай бол.
в) Эрдик бар жерде жеңиш бар.
Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

**4. «Күн менен торгой» ырын ким жазган?**

а) Сооронбай Жусуев
б) Абзий Кыдыров
в) Турар Кожомбердиев

**5. Каталарын тапкыла.**

а) жайдын кезеги, чымчыктын балапандары, суунун жээгинде
б) сууда жээгинде, саякат чыгышат, балапаныга жем ташыйт
в) малчыга жардам беребиз, жайлоо мага жакты, жайдын ысыгы

**6. Туризм – __________.**

а) искусство
б) саякат
в) спорт

www.bizdin.kg

# Окуу үчүн кошумча тексттер

## Кумурска

Мен жолдун четине отуруп калдым. Чоң сары кумурска менин өтүгүмө оңой эле чыгып кетти. Ал бийиктен эки жагын карады. Анан акырын жерге түштү. Кумурска бат-баттан жолдун аркы четине өттү. Мен аны карап турдум. Мына, ал дүмүрдүн жанына келип токтоду. Дүмүрдүн бир жагы жалтырап, сыйгалак болчу. Экинчи жагы өңгүл-дөңгүл экен. Кумурска ошол жагы менен чыгып жөнөдү.

## Уя

Бадалдан чымчык учуп чыгып, биздин үстүбүздөн айлана баштады. Биз акырын бадалдын арасын карадык. Ал жакта уя бар экен. Аны ордунан козгогон жокпуз. Таптакыр тийген да жокпуз. Бир аз күндөн кийин балапандар чыкты. Биз уяга тез-тез келип турдук. Балапандар бизге көнүп калышты. Бизден коркпойт да. Убакыт өткөндөн кийин алар чоңоюп, учуп кетишти. Биз да шаарга кеттик. Үйдө жүрүп, жайкы күндөрдү, татынакай чымчыктарды эстеп калабыз.

## Карга

Ноябрь айынын ортосу. Күз жылуу болуп турат. Козу карынга барса болот. Ээн жерде кеч гүлдөгөн гүлдөр калыптыр. Алар укмуштуудай кооз. Ызгаардуу суук жакындап калды. Көптөгөн канаттуулар адамдарга көнүп калышкан. Каргалардын тобу суук боло электе эле кыймылдашат. Ала карга аябай сак келет. Кыштын күнү жем издөө менен башталат. Карга ток болсо да жемди калтырбайт. Ал аны жалбырактардын же кардын астына бекитип коёт.

## Шүүдүрүм

Күз келди. Күн жылуу. Жаан деле жок болчу. Эртең менен чөптөрдө суунун тамчылары жалтырайт. Суу кайдан пайда болду? Абаданбы? Ал чын эле абадан пайда болду. Түнкүсүн суук. Жер муздап калат. Абада дайыма суунун буулары болот. Ал муздак жерге же өсүмдүктөргө тийгенде суунун тамчысына айланат. Шүүдүрүм өсүмдүктөр үчүн пайдалуу. Аны курт-кумурскалар да, канаттуулар да, кескелдириктер да ичет. Шүүдүрүм эртең менен пайда болот.

## Ташбака

Балдар жазында жолдун боюнан ташбака таап алышты. Күн аны уктап жаткан жеринен ойготуп койду. Ал араң эле келаткан. Балдар табылгага аябай кубанышты. Ага үй жасашты, астына самандан салып коюшту. Ташбака жумшак төшөккө да, жаңы үйгө да бат эле көнүп калды.

## Өрдөктүн жөжөлөрү

Мен өзөндүн боюндагы эски дүмүрдө отургам. Күн жылуу, айлана бейпил. Бутакта коңуз жөргөлөп бараткан. Мына, бадал жактан өрдөк чыкты. Артында жөжөлөрү тизилип алган. Эң кичинекей жөжө артта калып калды. Жыгылып, чыйпылдап жиберди. Энеси аны көздөй жүгүрдү.

www.bizdin.kg

## Тоолордо

Кыргызстан – бийик тоолуу өлкө. Тоолорунда жайлоолор көп. Түрдүү өсүмдүктөр өсөт. Тоонун чөбү малга жагымдуу. Тоолордо бадалдар, карагайлар да өсөт. Тоо канаттууларынан чилдер, кекиликтер, көгүчкөндөр, уларлар көп. Жырткыч айбандардан илбирстер, аюулар, карышкырлар бар.

Ар кандай кендер казылып алынат. Тоолор – биздин байлыгыбыз.

## Укмуштуудай козу карындар

Тропиктерде укмуштуудай козу карындар бар. Алар ар кандай түстөгү гүлгө окшош болушат. Кызыл, кара, сары, боз. Формалары да ар кандай. Кызыл козу карындар кубдун формасында, сабагы ичичке. Сарылары столдун формасын элестетет. Ал эми үчүнчүлөрү жылмакай шар сыяктуу. Алардын өңү капкара. Айрымдары бугунун мүйүзүндөй бутактанып турат. Козу карындар катар-катар болуп өсөт. Алар кызыл, сары, күрөң топчуларга да окшошуп кетет. Бутактарда салаңдаган сары түстүүлөрүнөн ачуу жыт чыгып турат. Чындыгында эле сыйкырдуу көрүнүш!

## Хамелеон

Хамелеон – кескелдириктердин бир түрү. Алар аз кыймылдайт. Бакта бир нече саат жемин күтүп отура берет. Ар кандай коңуздарды, чымындарды жейт. Узун манжалары менен бактан бакка секирүүгө оңтойлуу. Алардын эң негизги куралы – жабышкак узун тили. Олжону көргөндө качканга үлгүртпөй тили менен тез кармап алышат. Хамелеондун өзгөчөлүгү – айлана-чөйрөгө жараша өңүн өзгөртө алгандыгы. Душмандарына көрүнбөй калат.

## Жыландар эмне менен тамактанышат?

Жыландар чоң жаныбарларды да жутуп коё алат. Питондор леопардды, бугуну да жеп коёт. Кичирээк жыландар майда жандыктар менен тамактанат. Көпчүлүгү бакаларды, чычкандарды, чымчыктарды, чегирткелерди жешет.

